
Зинакан Пасаңова

# АКАДЕМИК ТЕКЕНОВ



Скырт
П 19

Зинакан Пасаңова

# Академик Текенов

*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, техника илимдеринин доктору, КРнын Эл агартуусунун мыктысы, профессор, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер, КРнын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Эл аралык Георгиялык «Алтын фортуна» жана «Даңк» медалдарынын ээси, УИАсынын Президиумунун мүчөсү жана Түштүк бөлүмүнүн төрагасы Жапар Текенов тууралуу даректүү баян*

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №......470206......

ОТДЕЛ

Ош-2009

УДК 821
ББК 84 Ки 7-5
П - 85

П - 85 Пасаңова Зинакан, «Академик Текенов»: Даректүү баян,
-Ош, 2008-жыл , 120 бет

ISBN 9967-13-109-8

Оштук жазуучу, Жолон Мамытов атындагы сыйлыктын лауреаты, «Аял сыры» (1998), «Жамгыр тоодон башталат» (2001), «Кут түшкөн түндөр» (2006) жана «5 жыл» (2007) аттуу поэтикалык жана прозалык жыйнактардын автору Зинакан Пасаңова бул жаңы китебинде Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, техника илимдеринин доктору, КРнын Эл агартуусунун мыктысы, профессор, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер, КРнын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Эл аралык Георгиялык «Алтын фортуна» жана «Даңк» медалдарынын ээси, УИАсынын Президиумунун мүчөсү жана Түштүк бөлүмүнүн төрагасы Жапар Текеновдун өмүр жолу, илимий жана жетекчилик ишмердүүлүгү чагылдырылган. Өрнөктүү өмүрдүн ээси Ж. Текенов жөнүндө жазылган бул даректүү баян окурмандардын бардык катмарына сунуш кылынат.

П 4702300200-04

ISBN 9967-13-109-8

УДК 821
ББК 84 Ки 7-5
© Пасаңова З.
2009

## Учканга канат,
## укканга саңат болгон өмүр

Адамдын жан дүйнөсүн айсбергге окшоштурса болор эле. Муз өлкөсүнүн гиганты болгон айсбергдин кичине гана бөлүгү суунун үстүндө көрүнүп, ал эми чоң бөлүгү суунун ичинде катылып турат экен. Адистердин айтымына караганда айсбергдер качан суунун алдындагы бөлүгү эригенде гана оодарылат. Ошол сыңары адамдын да ким экендиги, өмүр жолун кандай басып өткөндүгү, жүрөгүндө катылган сыры дайыма эле сырт көзгө уруна бербейт. Кээ бирөөлөрдүн бул чоң дүйнөсү эч кимге белгисиз ачылбаган кенч бойдон өзү менен кошо жер алдына көмүлөт.

Чыгармачыл табиятым адамдардын ошол түпкүрдөгү дүйнөсүн «оодарууга» ар убак куштар. Анткени, бул тирүүлүктө из калтырган инсандардын өрнөктүү жашоосун, залкар эмгегин замандаштары, кийинки муундар толук билип жана баалап калса дейм. Кара баштын камын жеген көр пендечилик турмуштан башка да асыл максаттарга өмүрүн зарп кылган адамдар арабызда арбын экенин, алардын коомдун өнүгүүсүнө кошкон жаратмандык зор салымын ар убак эстей жүргөнүбүз оң.

Ушундай ой менен белгилүү физик-окумуштуу, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн төрагасы, техника илимдеринин доктору, академик Жапар Текенов жөнүндө даректүү чыгарма жазууга бел байладым эле. «Академик Текенов» - даректүү баян жанрында жазган биринчи чыгармам болгондуктан, адегенде даяр маалыматтарды ары-бери шилтей коем деген жеңил ойдо болгонумду жашыргым келбейт. Бирок, көркөм бейнелерди жаратууга караганда жашоодогу чыныгы каармандар жөнүндө чыгарма жазуу алда-канча кыйындыкка туураары иш үстүндө билинди. Анткени, Жапар Текеновичтин басып өткөн өмүр жолу бул бир гана адамдын таржымалы эмес–бул тарых, мезгил, коомдук өнүгүү менен тыгыз байланыштуу. Ал - кыргыз илимпоздорунун алгачкы мууну. Агайдын илимий жана педагогдук ишмердүүлүгү өлкөбүздө илим-билим кантип өнүгө баштаганын күзгүдөй чагылдырып турат. Мындан тышкары каарманымдын турмуштагы

ордун түшүнүп-билүү үчүн ал өсүп чыккан жана калыптанган кыртышты, доорлорду, кичинекей Ата Журту болгон Көкарт өрөөнүнүн тарыхын, үй-бүлөлүк санжыраны кошо иликтөө зарыл эле.

Жапар Текенович кыргыз элинин кылымдар бою мезгил сынагынан өткөн асыл каада-нарктарынын, санжыралуу даанышмандыгынын, ынтымак-биримдигинин уюткусун сактаган «чоң үйдө» өсүп-чоңоет. Ата-эне жашаган үй «чоң үй» деп ардакталып аталып, алардын балдары жана урпактары үчүн өтө ыйык жана куттуу борбор болуп келген. «Чоң үйдүн» улуу тарбиясы академиктин турмуш башаты болуптур. Түптүү жана нарктуу үй-бүлөнүн муундардан муундарга калтырган баа жеткис мурастары – бул адал эмгек, айкөлдүк, боорукердик жана илгери умүт менен алдыга умтулуучулук эле. Көргөн-өскөнү жакшы болгону үчүн бир үй-бүлөнүн перзенттери: Жапар Текенов жана анын инилери Шамшы Текенов, Жолболду Текенов үчөө тең эл оозуна алынган чыгаан инсандар чыгышыптыр.

Бул чыгармада агайдын басып өткөн өмүр жолу толук камтылды дештен алысмын. Мүмкүн, Жапар Текеновичтин мүнөзүндөгү жөнөкөйлүк өзү жөнүндө баарын тизмектеп айтып берүүгө жол койбогондур. Анын үстүнө так илимдер дүйнөсүнөн чыккан окумуштуунун майдалап сүйлөөгө шыгы жоктугу табигый нерсе. Бирок, адам 70 жашта жетик болот, 80 жашта өмүрдүн өөресине чыгат дегендей Жапар Текеновичтин акылы толуп, тажрыйбасы артып, инсандык дүйнө-таанымы бай түп жемиш дарагындай мөмөлөп бышып турган учурда аны өзүбүзгө байлык катары алып калууга милдеттүүбүз деп ойлойм.

***Автор***



# Калмаккырчындык кыраандар

## 1- бөлүм

## «Туулган жердин топурагы алтын»…

Киндик кан тамган жердин өзүнө тарткан касиетине не тең келет! Ага карай баратканда сагынычтуу ысык сезим алдыңдагы темир тулпардан озуп көкөлөп учуп, жолдор да кең ачылып, ишиңдин баары оң келчүдөй шерденткен ой-кыялдар коштоп келет. Өмүрдү арытып баскан сайын бул сезим бөксөрмөк турсун көбөйүп, туулган айлыңа, төрөлүп-өскөн үйүңө, көздөрү өтүп кеткен ата-энеңе, балалыкка, тууган-урукка болгон кусалык күчөп, эрээркетип эңсетет.

Боз түстөгү «Мерседес» Жалалабат шаарынан суурулуп чыгып, түндүк - чыгышты караган таш жолго түшкөндөн кийин арымын жазып, зыпылдап учуп жөнөдү. Мындан аркы жол бири-бирине катарлаш жайгашкан бир топ айылды аралап өтсө да машинелердин кыймылы аз, этияттанбай эле катуу айдаса боло берет. Рулду элпек имере башкарган Салмоорбек ара-чолодо жанында отурган атасына алдыртан көз кырын салып коет. Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн төрагасы, белгилүү академик катары ар кандай чоң даражалуу жыйындарда жана кабыл алууларда салабаттуу мүнөзүнөн жазбай өзүн бир калыпта кармоочу атасы



*Академик Ж. Текенов*



Жапар Текенов туулуп-өскөн айылы тарапка баратканда өзгөчө сезимге бийлетип коеру ага дайын.

Шаар ичинде жүргөндө машиненин арткы орундугунан жай алчу Жапар айылга жөнөгөндө дайыма уулуна катарлаш алдыда олтурат. Кайкып учкан карлыгачтын канатындай учу өйдө кайкалаган буурул каштары ансайын шукшурула тикирейип, көздөрүнөн от жанып, көөдөнү эргий, көңүлү көкөлөп учканы билинет. Улам ордунан обдулуп коюп, канаты болсо жол боюндагы бак-дарактарга чүмкөлгөн айылдардын үстүнөн сабалап учуп өтүп, алардын аркы кыйырынан көрүнүп турган кызгалдактар кызыл майдан болуп гүлдөгөн жашыл дөңсөөлөргө, чокусунан кар кетпеген аска-зоолуу алп тоолорго учуп жеткиси келгендей өрөпкүй тиктеп келатат.

Салмоорбек атасынын жаш баладай сезимдери алып-учкан мындай абалын шаарда сейрек көрөөрүн ойлоду. Бир - эки күн мурда Сузак районуна караштуу Калмаккырчын айылындагы өзү 7-класска чейин окуган Тоголок Молдо атындагы орто мектепте өтө турган акыркы коңгуроо салтанатына чакыруу кагазын алганда Жапар демейдеги токтоолугунан жазып толкундана түшкөн. А түгүл Кыргыз улуттук илимдер академиясынын өзү жетектеген Түштүк бөлүмүнүн алдындагы Технология институтунда ошол күндөрү өтө турган мамлекеттик бүтүрүү экзаменине комиссиянын төрагасы катары катышуудан да баш тартып, айылга бармак болгондо үйдө бир топ талаш-тартыш чыккан:

- Туура болбой калат го, мамлекеттик сынактарга жөнсүз эле катышпай койсоң…,- деп байбичеси Тургунбүбү аны айнытышка аракеттенди.

- Эмнеге жөнсүз? Мен окуган мектебимден чакырып жатышса…- деп айтканынан кайткан жок Жапар Текенов.

Ушул сөздөн улам атасы үчүн бул жолку сапар кандай маанилүү экенин түшүнгөн Салмоорбек да бир күнгө ишинен суранып, айылга өзү алпарып келүүнү чечти. Атасы айыл-апанын, тууган-уруктун жакшылык-жаманы дегенде бардык ишин жыйыштырып коюп калбай бараарын билет. Ушул адатын айттырбай түшүнгөнү үчүн уулуна бүгүн айрыкча ыраазы болуп келаткансыйт. Анысын байкаган Салмоорбек «Жакшы кылган экенмин»,-деп ойлоду. Быйыл жашы онго караган өзүнүн уулу Теңирбердини да кошо алып алганы туура болгон экен. Чоң атасынын туулуп-өскөн жери болгон Көкарт өрөөнү менен Калмаккырчын айылын көрүп, анда жашап өтүшкөн улуу адамдар жөнүндөгү аңгемелерин угуп келсин.

Салмоорбек өзү да кичинекей кезинде ата-бабалары, ата журту жөнүндө атасынын дил баяндарын кулагын төшөп угуучу. Жапар аларды машинесине салып алып өз айылына алып келген сайын жол бою санжыралуу сөзү түгөнчү эмес. Турмуштагы окуялар жөнүндө не бир кызыктуу таржымалдарды айтып бергенге уста. Айрыкча, кырчындай жаш кезинде Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон атасы Теңирберди жөнүндө көп айткандыктан, балдарынын баары чоң аталарын балалык аеолуу сезими менен ыйык көрүшөр эле. Эс тарткандан бери алардын үйүндө Улуу Жеңиш майрамы чоң атанын эрдигине таазим этүүнүн, арбагын эскерүүнүн күнү катары өзгөчө белгиленип келатат. Кичинекейинен көңүлүнө кыттай куюлуп калган терең ызааты Салмоорбек эр жеткенде да өчкөн жок. Уулдуу болгонунда ага чоң атасы Теңирбердинин ысымын берди. Балдары чоңойгондон кийин эми неберелери Жапардын санжыралуу сөзүн угууга куштар. Айрыкча, согуштун каат жылдарында айылда өткөн балалыгы жөнүндө канча жолу кайталап айтса да угуудан эч бири тажабайт. Тарыхты жандуудай кылып сүрөттөгөн, көптү билген, сөзмөр чоң ата менен айылга баруунун өзү ырахат. Бекер жеринен окумуштуу, болгондо да алардын жетекчиси эмес да.


Салмоорбектин ушул оюн туйгансып, Жапар арткы орундуктагы небересине кайрыла үн катты:

-Көкарт өрөөнү деген ушул жер болот, балам.

***

Айтылуу Көкарт өрөөнү. Жай чилдесинде да аска-зоолуу чокуларындагы эрибес мөңгү, кардын салкыны уруп турган бийик тоолордун этегиндеги мелмилдеген жашыл түздүк. Бирине-бири уланып катарлаш жайгашкан айылдарды чүмкөгөн бак-дарактар жашыл деңиздей болуп көйкөлөт. Май айынын ууз кези. Чөптөр, дарактардын жалбырактары, талаа гүлдөрү эми толукшуп жетилген учур. Жашыл өңү кыяра элек табигат таптаза болуп мемирейт. Жаз жаанчыл болгондуктан, чөп коюу чыгыптыр. Тилке-тилке болуп эгилген буудай, арпа, картошка, жашылчалар жердин бетин түрдөп көтөрүлө баштаган. Быйыл кызгалдактар көп гүлдөптүр. Топ-топ болуп, тегиз ачылган маал экен. Ойдуң - талааларда айдап койгондой болуп өскөн кызыл кызгалдактар алыстан өрт кеткендей алоолоп көз арбайт. Машинеде келатса да ушул көрүнүштөрдүн ар бирине сересеп сала тиктеген Жапар:





*Айтылуу Көкарт өрөөнү…*

- Кайрадан жүзүм өстүрө баштašыптыр да,- деп сүйүнө үн катты айыл арасындагы бош жерлерди ээлеп, жапыз шактаган жүзүмзарга көздөрү урунганда. Азырынча даамга кире элек көкмөк мөмөлөрүнө көңүлү толгондой кылчактап тиктеди. Алардын бышкан кездеги кыйгылт, ширин даамы оозуна келе түштүбү тилин күрмөнүп алды. Ар бир жолу бул жерден өткөн сайын союз мезгилинде ушул жүзүмзардын мөмөлөрүнөн жасалган, ичкендин миң тамырын балкытып, баш айланта эңги-деңги кылуучу кыйгылт-ширин даамдуу, жыты буркураган айтылуу винолорду эстебей койбойт. «Октябрь» вино-шарап комбинатынан чыккан ошол винолордун ал кезде атагы алыска кетип, таңкыс ичкиликтердин бири катары сыйлуу дасторкондун көркү болуучу.

90-жылдары комбинаттын иши токтогондон кийин жүзүмзар да жок болуп, ал жерди үлүшкө бөлүп кеткендер ар кимиси колунан келгенин эге баштаганда ээни бир кейиди эле. Ары-бери өткөндө көздөрүн кубандыруучу жүзүм талаасын жоктоп, өрөөндүн көркү өчө түшкөнүнө башын чайкоочу. Жергиликтүү эл узак жылдар бою жүзүм өстүрүү чарбачылыгында, вино чыгаруу өндүрүшүндө иштешип, ошону менен тириликтерин өткөрүүгө ык алып калышкан экен, комбинат токтосо да бир топ жылдан кийин кайрадан жүзүм өстүрө баштašыптыр. Эми вино жасала турган кыйгылт-ширин даамы бар майда кара мөмөлүү сорттору азайып, алардын ордуна

базарга сатыла турган ирирээк мөмөлөр шиңгилденип көздү арбайт.

Бирок, айылдын жумушсуз калган эли бир топ эле жүдөй түшкөндөй. Жол бойлото салынган эски кызыл туникелүү үйлөрдүн көбү чөгүп эскирип, жаңыланганы аз. Оро-пара учураган адамдардын да өңдөрү мостоюп, сабырлары суздай көрүнөт. Баары-жокко тегиз көз салып келаткан Жапар Текенов бул көрүнүшкө дайымкысындай эле жаны ачып, оюна алда-нелер түштү.

Мындан жүз жыл мурда жашаган бабаларынын бири Чыйбыл болуш да өзү бийлеген Көкарт өрөөнүн аралап өтүп баратып, ата конуш жеринин жылдан жылга кунары учуп, Орусиядан күүжүм көчүрүлүп келинип жаткан жат элдин таманында калган эгин талааларды, жайыттарды көргөндө ушинтип жаны кейисе керек,- деп ойлоду. Тарыхты өчүрүүгө мүмкүн эмес. Көкарт өрөөнүн мекендеген калың журт өз башынан көп кайгы-касыретти, жоокердик замандын алаамат чабыштарын да, четтен келген бийликтин кордугу менен зомбулугун да баштан кечирген. Кыргыз эли үчүн кысталыш күндөрдө кыйкырып кылычын кындан сууруган арстан жүрөк эр Курманбектин калмак баскынчылары менен кырчылдашып согушуп, канын төккөн жер ушул. Он тогузунчу кылымдын аяк ченинде орус падышачылыгынын саясаты менен өрөөндүн суусу мол, өрүшү кенен, жолго жакын жерлерине бир-эки жылдын ичинде эле Архангельск, Сафаровка, Гавриловка, Николаевка, Дмитровка, Благовещенск сыяктуу ондон ашуун ири орус поселоктору отурукташып, жергиликтүү эл тоону көздөй сүрүлгөн. Ошол эркскиз, катаал доорлордо жайкалган эгин талааларынан, көк шибер жайыттарынан айрылышып, жолдон беймарал өтө алышпай, же алык-салыктарын төлөй алышпай кордоло баштаган элине күйгөндүктөн жеке бийлигинен да, байлыгынан да кечип, алардын эркиндиги үчүн күрөшкө чыгууга бел байлаган эр азаматтардын бири Көкарттын болушу Чыйбыл Абдылда-бий уулу эл оозунда калды.

Зыпылдаган жайлуу машинеде термелип баратса да Жапар Текенов ар бир жолу Көкарт өрөөнү баштан кечирген оор күндөрдү, эл-жеринин намысына жараган кыраан уулдарын эскерип өтөт.

***

Айылына баратканда Жапардын жүрөгүнө кусаматтуу жана жылуу сезимдерди дүргүткөн дагы бир эстутум бар. Ар бир жолу тээ алыста бүлбүлдөгөн балалыктын элестери көз алдына дааналап тартылат. Бул жолду ал жаш чагында канча жолу жөө



баспады. Көкарт мектеп-интернатында, андан кийин университетте, аспирантурада окуп жүргөнүндө каникул сайын жамгыр, карды да карабай үйүн көздөй ашыгып жөнөөчү. Балалыгы өткөн айылды, анда жашашкан апасы менен инилерин сагынып жүргөндүктөн, кышкы жол азабына да кайыл. Фрунзе шаарынан чыккан поезд күнү-түнү жол жүрүп отуруп, Жалалабат шаарына кеч бешимде жетчү. Андан ары Калмаккырчынга чейинки жол 50 чакырымдай келет. Ал убакта машине каттабайт. Айылга жеткиче түн кирээрин, Көкарт дарыясын бойлоп кетчү жар түбүндөгү Кыдырма төтө жолу менен өтүү опурталдуу экенин билсе да шаарда түнөп калбастан, жолго чыкканча ашыгат.

Экинчи курстун кышкы сессиясын «эң жакшы» деген баалар менен аяктап, каникулга келгенинде аз жерден мерт болуп кала жаздаганы эсинде. Караңгыда суу бойлогон Кыдырма бир таман жолун муз каптап, сыйгалак болуп калганын көрбөптүр. Буту тайып, аз жерден дарыяга түшүп кете жаздады. Анан бет аарчысын, баштыгынан тапкан дагы бир чүпүрөктөрдү ботинкесинин таманына ороп жөрмөлөп жүрүп зорго өттү. Суу болгон кийими шыргалаң муз болуп тоңуп, катуу үшүгөнүнөн калчылдап тили күрмөлбөй калган Жапар жатаар убакта үйүнө жетти. Бирок, уулун көргөнүнө сүйүнүчтөн көздөрүн жаштаган апасын, биринен бири талашып кучакташкан Шамшы менен Жолболду үкөлөрүн көргөндө баары унутулду. Туулган үйдүн демине, сагынган апасы менен үкөлөрүнүн дидарларына көңүлү тоюп, бүт денеси ысып толуп-ташып турду. Аларга кышкы сессиянын экзамендерин ийгиликтүү тапшырганын кабарлоого шашса да, өзүн токтоо тутуп, борбордо окуган студенттин сөөлөтүн карманып олтурат.

Жапар Текенов жолдо келатып ошол учурларды көз алдынан дагы бир жолу өткөргөнчө Кыдырмага жакындап калышкан экен. Машине жолдон сайдын ичи көрүнбөйт. Кууш капчыгайга салынган көпүрөдөн өтүп баратып, айнектен үңүлө тээ төмөндү кылчактап карап алды. Жар түбүндө күрпүлдөп аккан Көкарт дарыясын жээктеп кеткен бир таман жол -анын балалык өмүрүнүн күбөсү. Ал мезгилде машине жол түшө элек. Сарыбулак, Канжыга, Аккыя айылдарынын жашоочулары дарыя бойлогон ушул кыска жол менен жөө-жалаңдап, эшек-атчандап төмөн жакта жайгашкан Таранбазарга катташчу. Андан ары Жалалабат шаарын көздөй жол кетет.

Калмаккырчын айылындагы Тоголок Молдо атындагы жети жылдык мектепти бүтүргөндөн кийин Жапар үч жыл бою Жалгызжаңгак кыштагындагы Көкарт орто мектеп-интернатына



*Көкарт дарыясын бойлоп кеткен Кыдырма төтө жолу – Жапардын балалык өмүрүнүн күбөсү. 3 жыл бою ушул жол менен каттап, Көкарт мектеп-интернатында окуган.*

Кыдырма аркылуу каттап окуган. Мектепти аяктап, чоң турмушка кадам таштаганда ушул жол менен борбор шаарды көздөй улуу максаттарды аркалап узаган...

***

Атасынын ой-сезимдерин тымызын туйган Салмоорбек аны сөзгө салбастан, жол бою үндөбөй келатты. Калмаккырчын айылына кире бериштеги белге чыгып, жол боюнда бышык кирпичтен чыгыш стилинде салынган чоң күмбөздүн тушуна келгенде машинени айттырбай эле токтотту. Атасы Курманбек баатырдын күмбөзүнө түшүп, куран окумайынча өтпөсүн билет. Көрүнөө жерге шаңдана бийик салынган эстеликтин кыш дубалы ай-талаанын шамалына, кактап тийген күнгө, көнөктөп жааган жамгырга оңуп, эскире баштаса да сүрдүү, ыйык сезилет. Бирок, тегерегин тоскон темир тор гана болбосо, көптөн бери кароосуз калганы байкалат. Коргондун эшиги да зым менен буралып жабылыптыр. Аны көрүп Жапар тынчсыздана кетти:

-Кароолчу жок бекен?

Салмоорбек зымды бурап ачкандан кийин ичкериге киришип, дөңсөөдө турган эстеликке тепкичтер менен көтөрүлүп бараткандa да эки жагын каранып кимдир-бирөөнү издегенсийт:



- Баатырдын күмбөзүнө көз салган эч ким жокпу? Зыяратка келгендер күмбөздүн ичине кире алышпай, сырттан кетишеби?

Бышырылган кызыл кыштан көркөм тургузулган эстеликтин эшигинде да кара кулпу илинип турат. Айланасындагы жерге бастырылган таш плиталардын чет жакаларына сербейип өсүп чыккан чөптөр саргайып, куурайга айланыптыр. Күмбөздү беттеп отурган Жапар Текенов куранды узакка окуду. Катарына кошулушкан уулу, небереси да үнсүз алакандарын жаят.

Аларды көрүштүбү, жолдон өтүп бараткан эки жеңил машине токтоп, андан түшүшкөн бир топ эркек, аялдар жаш балдары менен эстеликти карай бет алышты. Калмаккырчындыктар окшойт, жакындап келишкенде Жапар Текеновду таанышкандай бири-бирине жаңсашып, салам айтышкандан кийин улуу адамдын алдында ыйбоо күтүшүп, унчукпай туруп калышты. Келгендер менен салам-алик алышкан академик өзү сөзгө салды.


- Ушул айылдансынар го? Акыркы коңгуроо майрамына келаткан окшойсуздар?

- Ооба, Жапар Текенович, сизди тааныйбыз. Академик жердешибиз бар деп сыймыктанабыз,- деди алардын ичинен ак калпак кийген узун бойлуу орто жаш жигит.

-Рахмат сыйлаганыңарга. Баарыбыз калмаккырчындыктар экенбиз. Калмаккырчын - кыраандардын жери, даңкы далайга кеткен тарыхый инсандардын айылы. Курманбек баатыр ушул жерде элин жоодон коргоп, кан төккөн. Айылдын «Калмаккырчын» деп аталып калышы да ошол доорго байланыштуу. Жыгач устачылыкка жарай турган сыйда, узун солкулдак талдардын боо-боо кылып байланганын «кырчын» деп койчу. Кыргыздар кырчын талдарды улоого артып келип буюм жасашчу. Курманбек да ушул аймакта калмактар менен катуу согушуп, душмандарды боо-боо кырчын талдардай сулаткан экен. «Калмаккырчын» деген ат ошондон калыптыр.

«Курманбек» эпосунда биздин Серүүн, Кош Аң, Аң, Кароолдөбө, Кызылсуу, Жазы деген жерлерибиздин аттары аталып, ошол жерлерде кыргыз-калмактардын кармаштары болгон. Биздин айылыбыз жөн-жай жер эмес. Курманбек баатырга окшогон улуу инсандардын руху, арбактары арабызда жүрөт. Бул айылда Чыйбыл болуш деген атактуу абаларыбыз өткөн. Эл-жерди биле, сыйлай жүргүлө, балдарым!.. Курманбек сыяктуу эр жүрөк баатырлардын буту баскан, каны төгүлгөн ыйык жерде жашайбыз.

Эр Курманбектин эстелиги кароосуз калып, эшигине кулпу илинип, тегерегин чөп басканына дагы эле жаны кейигени Жапар Текеновдун куушурулган каштарынан, от чачыраган көздөрүнөн билинип турду.



*Жапар Калмаккырчын айылындагы Курманбек баатырдын күмбөзүнүн алдында*



# Калмаккырчындын кыраандары

Адамдын өмүрүндө киндик кан тамган жер менен төрөлүп-өскөн үйдөн кымбат жана ыйык нерсе болбойт. Жетилип, турмуш жолуна түшкөндөн кийин насибин кайсыл жерден буюрбасын, жүрөгү туулган жерине, ата-эненин үйүнө өмүр бою тартылып турат, тамыры тереңге катылган ошол башаттан гана өзүнө күч-кубат, дем-шык алалат. Ар кимге өз айлы кооз, куттуу сезилет. «Туулган жердин түтүнү да дары» деген орус жазуучусу Грибоедовдун сөзү ташка тамга баскандай айтылган. Ата конуштун эч нерсеге теңегис касиети, жүрөк жылытаарлык куту бар.

Жапар Текеновдун туулуп-өскөн жери Сарыбулак кыштагы Калмаккырчын айылынын ойдуңунда жайгашкан. Бул эгиздей жанашкан эки айылды ортодо агып өткөн Көкарт дарыясы гана бөлүп турат. Алар Нура, Сарыбулак, Суукхыр, Жалгызкыр сыяктуу чокулары асман челген бийик тоолордун ортосундагы алакандай тегиз жайыкта, тунук булактардан, мөңгү сууларынан куралган көк кашка дарыянын жээгинде орун алган, жайы салкын, кышы жумшак, жашыл шиберлүү, абасы таза, мол булактарга бай көркөм кыштактар. Ушундай кооз жаратылышка шайкеш келген ак көңүл, ой-сезимдери тунук, адамгерчилик менен жакшылыкты туу туткан эли бар. Борбордон алыста турушса да калмаккырчындыктардын жашоо маданиятынын бийиктиги аппапак болуп заңгырата салынган татынакай үйлөрдүн көптүгүнөн, бактуу-шактуу короо-жайларынан көрүнүп турат.

Калмаккырчындыктар сыймыктанар чоң руханий-тарыхый мурас-кенчке ээ. Алар-уюткулуу кыргыз элинин баласынан чоңуна чейин билүүчү Курманбек баатырдын урпактары. Кыргыз тарыхында Көкарт өрөөнү менен Калмаккырчын аймагы эр Курманбектин ысмы менен тыгыз байланыштуу. Ушул жерге мындан беш жүз жыл илгери жашап өткөн, ар намысты бийик тутуп, элин жоодон коргогон Курманбек баатырдын каны тамган, сөөгү коюлган.

***

Курманбек - накыл, же уламыштагы мифологиялык каарман эмес, кыргыз элинин басып өткөн жоокерчилик доорлорунда, эркиндик, биримдик үчүн күрөшкө жык даңктуу өтмүшүндө жашап өткөн тарыхый инсан. Ал жунгарлардын доорунда XVII-XVIII кылымдарда өмүр сүрүп, эл-жерин ойрот баскынчыларынан коргогон, аларга каршы эр жүректүк менен күрөшкөн. «Курманбек» эпосунда сүрөттөлгөн окуялар менен каармандар кытай, түрк, иран, өзбек, орус санжырааларында, маалымат булактарында да кеңири тастыкталган.

Калмактардын журт башчысы Дөлөн хан кыргыз жерине бастырып киргенде Курманбектин атасы Тейитбек хан:

Жолборско тийип алдың бейм,
Жолуң болгур, Курманбек!
Астына тартуу менен баралы!- деп жүрөгүнүн үшү кеткенине жооп кайтарып:
Арстан Манас тукумун
«Коркок» деп айтчу Сиз эмес!
Кайран жерди бергиче,
Кармашып жатып өлөлү.
Кордугуна калгыча,
Оо дүйнө жүзүн көрөлү!
Эшикке келген душманды
Ынтымак менен жеңели! (А. Жусупбековдун вариантында-З.П.)

деп намыс-ариетти бийик туткан, өз Мекенинин азаттыгы үчүн башын сайган баатыр 500 жылдан ашуун мезгилден бери элдин эс тутумунда унутулбай, не деген сөз берметтерине бай ырга айланып, санжырааларында, баатырдык дастандарында жашап келди.

Ал эми жалалабаттык талант Асанбай Жусупбековдун айтымындагы дастанда туюндурулган жер аттары Көкарт өрөөнүндө күнү -бүгүнкүдөй дагы эле аталып жүрөт:

«Ат үстүндө буруттар (кыргыздар- З.П.)
Атылган эле ок экен.
Кырган сайын күчөгөн,
Өлтүргөн сайын өрчүгөн,
Оңбогондой жоо экен.
Бири миңге татыган,
Жүрөктөрү too экен!» деп калмак баскынчылары арман кылгандай көк жал баатыр Курманбектин колу жоого кыргын салып, боо-боо түшүрүп сулаткан жер - «Калмаккырчын» айылы;



Курманбек желдей сызып кууганын куткарбаган, качса жеткирбеген Телтору бууданы жок, жаш Койкүрөңү секире албай түшүп кеткен «Кош-Аң»;

Баатырдын кошуну жер өңүтүн, жоонун жолун чалуучу Кароолдөбө;

буурадай болуп күргүштөп киргенде кечүү табылбай, аттарды агызып кетчү Кызылсуу, Көкарт дарыялары;

бабаларынын эрдигин кийинки урпактар билип калсын деп бошоткон жердин теректерине тамга басуудан улам айтылып калган «Тамгатерек»;

Курманбектин кошунундагы аттар соолто ичип кеткен «Каккөл» сыяктуу жер аттары сакталып калган.

Калмаккырчын айылында Кош-Аң менен Аңдын ортосундагы кичинекей дөбөчөдө бышык кыштан тургузулган Курманбек баатырдын күмбөзү турат. Аны Курманбек курман болгондо оо дүйнөгө узаткан Кашкар ханы Аккан досу салдырган деген божомол ооздон оозго көчүп келген.

«Кайран көк жал Курманбек,
Калкым деп жүрүп өлдү го!
Калдайтып күмбөз биз курсак,
Калкына калаар белги го!
Кыргыз деп жүрүп өлдү го,
Кыямат жүзүн көрдү го!
Кылдаттап күмбөз биз курсак,
Кылымга калар белги го!»- деп достукка бекем

Аккан бир көзүнөн кан, бир көзүнөн жаш агызып жүрүп кургузган күмбөз 500 жылдан ашуун мезгилди арытып, биздин күнгө жетсе да, эскирип, бара-бара дубалы урап, кыштары таланып-тонолуп калганда 1993-жылы кайрадан тикеленди.

Оо, ошол жылдары Курманбек баатырдын руху кайрадан жаркырап жылдыз болуп жанып, улуттук сыймык добулбастай кагылып, Манастан кийинки эле баатырынын арбагын сыйлаган эл-журт анын эстелигин өлбөс-өчпөс кылып жаңылоону чечишти. Жол четиндеги эски күмбөзгө буга чейин эле өткөн-кеткен жолоочулар токтошуп, куран түшүрүшүп, зыярат жасап келишкен. Курманбекке өлбөстүктү берген карапайым эл өзү болгон. Ал эми өлкөбүз эгемендүүлүк алып, өз алдынча мамлекеттүүлүккө жетишкенден кийин тарыхый эстеликтерин, өз өтмүшүн улуттук деңгээлде кадырлап, рухий бөксөнү толтурууга даңгыр жол ачылды.

1993-жылы Курманбектин күмбөзүн жаңылап көтөрүү жөнүндө демилге башталып, жалпы эл тарабынан колдоого алынды. Археологдордун, дин өкүлдөрүнүн көз алдында эски жайды

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №...470206........

казганда алп мүчөлүү адамдын сөөгүнүн чыгышы бул жерге Курманбек көмүлгөн деген божомолду ырастады. Эл баатырынан аянбаган көпчүлүктүн бир тамчыдан чогулткан каражатына бышык кызыл кыштан ай төбөлдөнгөн бийик күмбөз-эстелик курулду. Анын ачылышына Кыргызстандын ошол учурдагы Президенти катышып, эл-журт үчүн тарыхты, ата-баба эмгегин эскерүүнүн унутулгус күнү болду.

Бул саамалык андан ары улантылып, 2001-жылы Жалалабат облусунда Курманбек баатырдын 500 жылдыгы чоң салтанат менен өткөрүлөт. Маарекеге карата жергиликтүү акын жана фольклорист Асанбай Жусупбековдун айтымында «Курманбек» эпосунун толукталган варианты жарык көрүп, Жалалабат шаарынын дарбазасынын жанына Курманбектин бийик айкели жана архитектура ансамбли орнотулат. Жаңы курулган ат майданы да баатырдын жан жолдошу болгон Телторунун аты менен аталат.

***

Калмаккырчын айылына кире бериштеги жолдун сол жагында да жаңыдан салынган күмбөз турат. Булар бир кылым мурда Көкарт жана Тогузторо өрөөндөрүн бийлешкен бир туугандар: Нүсүп, Чыйбыл жана Чыйбылдын уулу Жоробек болуштарга эл-журтунун койгон эстеликтери, 1993-жылы Курманбектин күмбөзү менен бирге тургузулган.

«Бетеге кетип бел калат, бектер кетип эл калат» дегендей Көкарт өрөөнүнүн тарыхында көп эле журт башы колунан келишинче, акылынын жетишинче бийлик жүргүзүп, замандын тагдырын каалагандай калчап келишкен. Алардын баары эле калайык-калктын эс-тутумунда сакталып калбаптыр. Бирок, он сегизинчи кылымдын аягында он тогузунчу кылымдын башында Көкарт өрөөнүнүн башкаруучуларынын династиясын түзүшкөн Абдылда бий, анын уулдары Нүсүп бий менен Чыйбыл болуш жана Чыйбыл болуштун уулу Жоробек болуш жөнүндө уламалуу кептер ушул күнгө чейин үзүлбөй, улам кийинкилерге сабак болуп айтылып келатат. Көөнө тарыхы жоокерчилик менен өткөн элибиз бийлик ээлерин пир тутпастан, намыска туулган, эл үчүн башын канжыгага байлаган эр жигиттерди бийик көрүшүп, аларга өлбөстүк берип, арбагын түбөлүккө сыйлашат. Чыйбыл болуш да өз доорунда арстан жүрөктүгү менен даңкы чыккан жана өмүрү оор сыноолорго туш болгон татаал тагдырдын ээси.

Чыйбыл болуштун атасы чоң урууларлын бири Басыз уруусунун бир бутагы болгон Каман уруусунан чыккан Абдылда бий Кокон хандыгынын мезгилинде Тогузторо, Көкарт аймактарын бийлеген.



Калкына кайрымдуу, калыс сөздүү, курч акылы менен өз элинде да, хан ордосунда да кадыр тапкан журт башчысы болгон экен.

1860-жылдары Кокон ханы Кудаярдын кыргыз бийлерине нааразычылыгы күчөйт. Ачкөздүгү ашына баштаган өкүмдардин оюу боюнча кыргыз эли ага алык-салыктарды жакшы төлөшпөй, тоотпой калышты. Ал үчүн алгач жергиликтүү журт башчыларын жазалоону чечип, түштүк аймагын башкарышкан 40 бийдин башын алдырат. Алардын ичинде Абдылда бий да бар болуучу. Артында калышкан уулдары Нүсүп менен Чыйбыл эми эр жете башташканда атадан да, байлыктан да, бийликтин жыргал - үзүрүнөн да ажырашып, бир топ жылдар бою азар тартышат.

Орус падышачылыгы Кокон хандыгын кулаткандан кийин, кыргыз журтчулугун колго алууну көздөп, Кудаяр хандын кандуу бийлиги тарабынан өлтүрүлгөн бийлердин үй-бүлөсүнө жардам бермекчи болот. Орус бийлиги кандай жардам керектигин сураганда Чыйбыл атасынын бийлиги менен байлыгын бергиле деп өтүнөт. Тайманбас чыгаан мүнөз мырза орус бийлигине да жагып калганбы, Нүсүптү Тогузторого, Чыйбылды Көкарт болуштугуна болуш кылып шайлайт.

Атасынын кунун кайтарганы үчүн орус падышачылыгына ыраазы болгон Чыйбыл болуш агасы экөө жан дилдери менен ага кызмат кылууга киришет. Аз эле жылдардын ичинде Көкарт болуштугунда орус келгиндеринин көчүрүлүп келиши күчөп, бүтүндөй орус кыштактары биринин артынан бири пайда боло баштады. Ата-бабаларынан мураска калган асыл жерлеринен, жайыттарынан сүрүлүшкөнүнө жаны ачыган көкарттык элдин ичинен «орусту ээрчитип келдиң» дешип Чыйбыл болушка да доомат айтчулар чыкты. Адегенде ага Кокон хандыгына караганда алда-канча адилет жана өсүп-өнүгүшү жагынан да алдыда тургандай сезилген Орусия мамлекетинин колониалдык саясатын түшүнгүчө бир топ жылдар өтөт. Жеке башынын жыргалынан элдин тагдырын бийик койгон болуш 20 жылдан кийин ага каршы күрөшкө аттанат. Чыйбыл болуш анжияндык Мадали эшенге кошулуп, 1998-жылкы кыргыз-өзбек боштондук көтөрүлүшүн уюштуруучулардын бири болгон. Бул көтөрүлүш тарыхта «Анжиян көтөрүлүшү» деген ат менен калды. Көтөрүлүш жеңилип, анын башчылары дарга асылып, ал эми Чыйбыл менен ак таңдай акын Токтогул баш болгон 300дөн ашуун эр азаматтар сүргүнгө айдалган.

Чыйбыл болуш куш учуп жете алгыс Сибирге жөө айдалып баратып, жолдо каза табат. Бул жөнүндө аны менен бирге кеткен Токтогул сүргүндөн качып келгенинде билдирет.

Көрдүң бекен, Токтогул,
Кокарттан кеткен Чыйбылды?
Күмүш боолуу туйгунду?-деген Эшмамбет акындын суроосуна Токтогул:
Көрүп жүрдүм өлгөнчө,
Кокарттан барган Чыйбылды.
Айдалып кетип баратып,
Жолдо калды өлгөндө.
Жору, кузгун жеди окшойт,
Адам чыкпай көмгөнгө,- деп жооп берген экен.

Алтын башы ардакталып, аруу жуулуп, ак кепинделип көмүлбөй, ай-талаада азап тартып өлгөн Чыйбыл болушту, анын көк жал кайратын кокарттыктар унуткан жок. Ата-бабадан мураска калган ыйык жерди, рухун жат буттарга тебелеп-тепсетүүгө абийири чыдабаган намыскөй мырзанын денеси бөтөн жерде, бөтөн элде калса да, жүздөгөн жылдар бою унутулбай элдин жүрөгүндө бийик, сыйлуу болуп жашады. Бирок, Москвага көз каранды мезгилде ал жөнүндө ачык айтылбай келген.


Октябрь революциясы жеңгенден кийин Чыйбыл болуштун эл-журтуна кадыр-баркы эске алынганбы, же атасын тартып өткүрлүгү, иш билгилиги менен жакканбы жаңы бийлик Кокарт өрөөнүнүн башкармалыгына Чыйбыл болуштун уулу Жоробекти коюшат. 36-37-жылдарга чейин эл бийлеген Жоробектин тагдыры да аталарындай эле кайгылуу бүттү. Репрессия башталганда бий уулунун тукуму катары айыпталып камакка алынгандан кийин анын өзүн турмак сөөгүн да эч ким көргөн жок.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары улуттук өзүн өзү таануунун күчтүү толкуну эң биринчи эл баатырларын эстетти. 1993-жылы Курманбектин күмбөзү тикеленгенде. эл-журттун эс тутумунда жүрүшкөн эки бир тууган Нусуп,Чыйбыл, Жоробек болуштарга да куран окутулуп, аларга эстелик тургузулду.

Нусуп көз жумаарда «Мени жолдун үстүнө койгула» деп керээз калтырган экен. Ошол учурдагы шартка байланыштуу бул өтүнүчү орундалбай, Калмаккырчын айылынын жолдун төмөн жагында жайгашкан жалпы көрүстөнүнөн жай берилет. Журт башчынын керээзи эгемендүүлүк жылдары гана ишке ашты. Анын мүрзөсү кайрадан кан жолдун тоо этектеген доң жагына которулуп, эстелик тургузулду. Эстеликке үчөөнүн: Нусуп менен кошо эле Чыйбыл жана Жоробек болуштардын ысымдары да жазылды.

Кокарт өрөөнүнүн эли өз баатырларын, чыгаан инсандарын унутушпай, ар убак алардын эрдиктерине, иштерине таазим этип, урматтай билишет. Мындай чыгаандардан бүгүн да уучтары кур эмес, эртеңкиге да үмүттүү карашат.





*Чыйбыл болуш, Нусуп бий жана Чыйбылдын уулу Жоробек болуштун күмбөзү*

# «Чоң үйдүн» баласы

«Ата мурасы» деген ыйык сөз бар. Бул түшүнүк атадан балага бир гана кабат-кабат ак сарайды, капчык толо алтынды, жайытка батпаган малды, көйкөлгөн эгин талааны, же ишканаларга кожоюндукту калтырат дегендикти билдирбейт. Биздин кыргыз элинде «ата мурасы» деп миңдеген жылдар бою көөдөнүндө, акыл-эсинде, ой-туюмунда, ырлары менен комуз күүлөрүндө, узанган устачылыгы менен бармак безенген чеберчилигинде, акыл-насаатында жыйнаган руханий байлыкты айтышат. Ата-бабалардын уят менен абийирди, ак менен караны, намыс менен эрдикти, мээнеткечтикти, эл-жерин сүйүү менен аны кашык каны калгыча коргоону, аксакалын ардактаган, баланы ыйык көргөн, даанышмандык менен сабырдуулукту бийик туткан турмуштук тажрыйбалары муундан-муунга өтүп келди. Бир чоң үй-бүлө ынтымак менен күн кечиришип, улуусун урматтап, кичүүсүн ызааттап, кичинесинен чоңуна чейин үй-бүлөлүк асыл нарктарга баш ийип, ар ким өз ордун жана жоопкерчилигин так билген жана аткарган улуу тарбиядан таалим алуу Жапардын да бешенесине буйруптур.

Ал чоң ата, чоң энеси жашашкан «чоң үйдө» өсүп - чоңойду. Сегиз бир тууганды ичинен төртүнчү перзент болгон Теңирберди (ал кичинекейинде эркелетип жүрүшүп «Текен» атыктырып коюшкан экен ) ата-энеси менен бирге турар эле. Чоң уулдарын үйлөп, кыздарын күйөөгө беришкенден кийин Мамасейит уста менен Тоту байбиче ата конушун ортончу баласы Текенге ыраа көрүшөт, ал эми алардын мугалим болуп иштеген эң кичүү уулу Ысак али үйлөнүп-жайлана элек. Ал да булар менен чогуу жашайт. Жаш болсо да тил билги, адамга жакын чыккан Текендин багына келинчеги Сайкал да сөз көтөрүмдүү, иштерман, жайдары мүнөзү менен кайын-журтуна жагып, ата-энени, тууган-урукту кадырлоо жагынан бири-бирине төп келишип турган эки жаш карылардын батасына көп арзышкан. Мамасейит уста үйлөнүп-жайланышкан үч уулун тең өзүнүн жанына там салып бөлгөн. Ар биринин түтүн булатар очоктору башка болсо да бардык бир туугандардын, алардын балдарынын да куттуу ордосу- ата-эне турган «чоң үй».



Сарыбулак айылында жайгашкан «чоң үй» өзгөчө мээрими, берекеси менен уул-кыздарын, неберелерин өзүнө магниттей тартып турчу. Кимисинде кандай гана масилет болбосун баары «чоң үйгө» чогулушуп, ортого салышып талкуулашып, чогуу чечишет.

Жапар чоң атасы Мамасейитти элес-булас билет. Сеңселген аппак сакалчан, саамайлары агарып, муруту буурул тарткан бакубат турпаты менен көз алдында калды. Бирок, эс тарткандан баштап чоң атасы жөнүндө эл оозунан не бир аңыз кептерди укканда жакшынын тукумунан экенине сыймыктанган сезимге көөдөнү көтөрүлө түшөр эле.

Мамасейит Көкарт өрөөнүнө колунан көөрү төгүлгөн темир устачылыгы, күмүшкө жан киргизген зергерлиги, атканын кыя кетирбеген мергенчилиги менен таанымал эле. Каман уруусунан чыккан сарыбулактык Мамасейит уста жөнүндөгү маалыматтарды, анын колунан жаралган жасалгаларды тагынып түшкөн аялдардын сүрөттөрүн кийин Жапар эски китептерден окуп, көрүп да жүрдү. Көргөн-билгендердин айтуусунда Мамасейит алдым-жуттум, ачкөздүк сыяктуу пенделик илдеттерден алыс, бүт ой-дилин өз өнөрүнүн сырына багыштаган, табигатты жанындай сүйгөн момун, ак көңүл адам болгон экен.

Устанын жасаган буюмдары ушул күнгө чейин эл арасында сакталып калган. Айрыкча сабы табылгыдан, эликтин туягынан, бышык дарактардын бутактарынан ичкерээк жасалып, жакшы ултарылган кайыштын тилимдеринен не бир түр менен келиштире өрүлгөн солкулдак аземдүү камчылар бийлердин, болуштардын, байлардын келин-кыздарынын, жубайларынын арасында баркы ашып, аял жасалгаларынын кооз буюмдарынын бири катары жогору бааланган.

Мамасейиттин колунан жаралган күмүш кулак сөйкө, шакек, билерик, чач учтуктар, көп чачтар кыз себине, уул тоюна берилген. Колунда барлар устаны үйлөрүнө алып кетишип, сеп жасалгаларын күндөп, айлап жатып алып узанган. Мындан тышкары куюшкан, көмөлдүрүк, ээр, тизгин сыяктуу ат жабдыктарына күмүш бастырып жасоо жагынан Мамасейитке жеткен уста болбоптур. Күмүш кармаган адам өзүн таза алып жүрүп, ак иштеп, өз өнөрүн адал тутунбаса күмүштүн кусуру урат деген түшүнүктү бекем карманган. Канчалык атактуу уста болсо да өз иши үчүн озунуп акы сурабай, бергендерин аз дебей, көп дебей ыраазы болуп алып, бай-жарды деп бөлбөй, баарына тегиз караган мүнөзү менен эл оозуна алынган дешет.

Зергер-устанын көңүл кушу түшкөн дагы бир өнөрү - мергенчилик болуптур. Апталап, айлап баш көтөрбөй эңилип олтуруп колдогу ишин бүтүргөндөн кийин беш атарын артынып алып, аска-зоонун арасын көздөй жүрүп берчү. Күмүштү өтө кылдаттык менен узануудан дасыгып бүткөн чеберчилиги мергенчиликте да пайдасы тийип, мээлегенин кыя кетирбейт. Чокусу көк тиреген аскалардын арасында жатып-конуп жүрүп аткан кайберендерди тоо этегине сүйрөп түшүп, анан ал жердеги тушалуу атына артып үйүнө келатканда жол бою шыралга таркатып жүрүп олтурат. Мергендин жок дебеген ак көңүлдүгүн билгендер жолунан тосуп чыгышса алардын колдорун куру калтырбай олжосун бөлүп бере берип, үйүнө бир кийиктин этин же бир санын араң алып келчү экен.

«Ак ийилип сынбайт» деген айныксыз чындык устанын үй-бүлөсүн да чоң балээден сактап калат. Ак эмгеги менен турмушун тыңдап, үй-бүлөсүн муңдурбай багып келген Мамасейит совет бийлиги орногондо кулакка тартыла турган болот. Аны Жалалабат шаарына алып келишип, өзү сыяктуу «тап душмандардын» арасына кошуп, бир топ күн кармашат. Кайсыл бир күнү аларды катарга тизишип, тизмелерин тактап жатканда «Мамасейит» деген өз атын уккан уста «мен!» деп колун көтөрөт. Өмүр бою балта-тешеси колунан түшпөй узануудан чор болуп каткан алакандарды байкап калганбы кызыл шапке «начальниктердин» бири жанына басып келип колун кармалап көрүп: «Бул мээнеткеч адамдын колу экен. Мындай колдун ээси кантип бай болмок эле»,- деп бошотуп жибериптир.

Ушундай санжыралуу өмүр сүрүп, артында талант кудурети менен жараткан не бир аземдүү күмүш буюмдарын гана мураска калтырбастан, кызыр жылоологон атактуу уста, жоомарт жана жакшы адам катары элдин оозунда түшпөй жомоктолуп айтылып келген чоң атасы Жапар үч-төрт жашка чыкканда көз жумду.

Эл жайлоодон көчүп келе баштаган маал эле. Эгин талаалар саргайган аңызга айланып, талаада мал кайтарып жүргөнүндө жылаңайлак буттарына чөңөр кирген күздүн күндөрү экени эсинде. Көп күндөрдөн бери төшөктө жаткан чоң атасы ошол күнү: «Мени эшикке алып чыккыла?» деп буйруду. Уулдары жөлөп-таяшып, үй алдындагы орулган чөптүн алдынан түрүлүп кайра чыга баштаган жашаң шибердин үстүнө калың салынган төшөккө жаткырышты. Бийик коюлган жаздыкка баш койгон Мамасейит таза абадан аптыга жутуп алып, тунарган көздөрү тээ мунарыкка тепчиле телмирди. Асылган оорудан кайра баш көтөрөрүнө түңүлүп, жарык дүйнө менен коштошкон ушул мүнөттөрдө анын көңүлүнө нелер



келип, нелер кетпеди экен? Жарыктык, өлүмдү да момундук менен кабыл алып, көрөөр күнү түгөнгөндө оо дүйнөгө жылжып аккан суудай болуп жумшак гана узап кетти.

***

Чоң атасынан эрте ажыраса да Жапар чоң энеси Тотунун акыл-насаатына кулагы каныл, мээримине балкып, адамдык өрнөгүн дилине сиңирип өстү. Тоту анжияндык кыргыздардын Мундуз уруусунун кызы болгон. Чөл жеринде коон, шабдаалы жеп, коргондун ичинен чыкпай чоңойгон Тоту байбиче мунайым назик мүнөзү, көп эле эшик-эликке серпилип чыкпаган ыйбоолугу, аял наркын бийик сактаган адеби менен айылдагы аялдардын арасынан көзгө түшүп турчу. Өз алдынча айыл аралап баспай, кадырын салып чакырган жерге да көңүлү сүйсө барып, орду менен сүйлөгөн устанын байбичеси өзүнүн уул-кыздарына, неберелерине да баркы бийик эле. Келин-кыздары анын алдынан кыя өтүшпөй бардык нерсе жөнүндө кеңешишип, айткандарын илгиртпей аткарууга дилгир. Ал эми жанынан чыгышпаган неберелери санжыралуу кебин, оозу толо макал, уламыш, же накыл сөздөрдү угууга куштар. Көптү билген акылгөй байбиченин ар бир сөзү баа жетпеген дөөлөттөй угумдуу, шаанилүү чыгат.



*Жапар чоңойгон «чоң үйдүн» куту болгон Тоту байбиче уул-келиндери жана неберелеринин ортосунда (1948-жылдар).*

Тоту үй толо бала-чакасын эзели каргап-шилеп урушуп, же колун көтөрүп урган эмес. Тентектиги көп эле ашынып кеткен, же сөз укпаган неберелеринин артынан секин басып келип, жүн сабоосу менен бутунан сылай чаап койгону болбосо баарын бооруна батырып, энелик мээримин аянбаган айкөлдүгү жанда жок. Өзү сегиз баланы тарбиялап-өстүргөнү аз келгенсип балдарынын балдарын алпештеп багып, абышкасынын көзү өткөндөн кийин да очор-бачар чоң үй-бүлөнүн түйшүгүнө түтүп, канатын жазган сайын куту төгүлгөн, тамыры тереңге катылган бай түп дарактай асыл касиеттери менен урпактарынын жүрөгүндө калды. Даанышман эне согуштан кайтпай калган уулу Текендин журтун ээнсиретпей бала-чакасына баш-көз болуп, үзүлгөнүн улап, жыртылганын курап, чычканга кебегин алдырбай коргоп, өлөөр-өлгөнчө бирге турду. Башка балдарынын үйүнө барганында бир күн да түнөгөнү калчу эмес.

Чоң энесинин көзү өткөнчө «чоң үйдө» бирге жашаган Жапар айрыкча сүймөнчүгү эле. Жайлоого көчкөндө да мал караганга аны өзү менен кошо ала кетет. Тоту байбиче жайлоодо өзүнчө өргөө көтөрүп үй тигип олтурат. Келиндеринин да үйлөрү ага жанаша конуп, өздөрүнчө эле бир айыл. Бирок, менчик малдары чогуу, жайыты, короосу бир, аларды багып-караш Жапарга жүктөлгөн.

Малды да тетик карап, таңзаардан таттуу уйкусун кечип эрте туруп убагында жайытка айдап, кечке оюнга алаксыбай көз салып, күүгүм талаш бардыгын түгөлдөп, итке-кушка алдырбай короого өз убагында айдап келишке бардык эле балдар жарай бербейт. Саалган сүттөн май, каймак алыш үчүн күү бышкан, казан-казан курут кайнатканда түбүнө тарткызбай чоң кепкир менен аралаштырган, жагыла турган отунду мол камдаган да ал. Жалакайланбаган дулдул мүнөзүнө ичтери жылыган чоң энеси менен чоң апалары «Бактылуу бол! Өмүрлүү болуп, өнүп-өс!» деп дайыма алкашчу. Табиятынан оор басырык, мээнеткеч, ошол эле убакта акылы сергек, тирикарак Жапар чоң үй-бүлөнүн, өздөрүнүкүнө кошуп абаларынын кой-эчкилерин, уй-торпокторун көзүнүн карегиндей карап, чыгым чыгарбай бакканга кичинесинен маш болду.

***

Ал күндөрдү эстегенде дайыма бир окуя көз алдына келет. Кайсыл бир жылы орозо айы жайкы жайлоо убагына туш келип, Жапар энеси экөө орозо тутушкан. Саарлыкка турушканда эзилген куртка сары май кошуп, жупка туурап жакшылап тоюшат, артынан кызыл демделген чай ичишет. Балкаймак, жуурат айран да



каалашынча. Күчтүү тамактын деми менен кеч киргенге чейин карындары ачпай чыдашчу экен. Бир жолу коңшу конгон үйдүн ээси кыштоого жөнөп, жаш балдары «биз менен жатып турсун, өзүбүз коркобуз» деп чоң энесинен Жапарды сурап кетишти. Баары орозо кармашыптыр. Саарлыкка турушканда тамак жасаштан эринииштиби, же жарытылуу оокаттары жок беле, айтор жүгөрү талканды кымызга чылап ичишип, ооз бекитишет.

Жапар эрте менен ойгонгондо эле курсагы ачып курулдай баштаган экен. Үйгө келип чоң энесине айтса: «Эптеп чыда, балам! Андан көрө алаксып келчи»,- деп тезек тергенге жөнөтөт.

Ошол күндүн өтмөгү ай! Тоо башынан кандай жай көтөрүлсө асманды арытып жылмагы андан жай болуп, дегеле кеч кирейин дебейт. Ооз ачаар маалга зорго жетип, тамакка оозу тийгенде жашоонун бардык ырахаты бир тең, энесинин жаңы жасаган майламасынын даамы бир тең сезилди. Кечке кезээрип жүргөн азабынын эсесин чыгарып, дасторкондогу даамдарга өзү тойсо да көзү тойбойт. Жайытта жүргөн койлорду короого айдап келүү да эстен чыгып кетиптир. Тоту байбиче шам-шум этип оозун ачкандан кийин кечки шам намазды окууга кириишти. Намазын окуп бүтүп, анын артынан балдарынын ар биринин атын атап, узун өмүр, бак-таалай тилеп дуба кылгыча күүгүм кирип калган. Ошондо гана талаада калган малды эстешти.

Коркуп кетишкен эне-бала караңгыга карабай экөө эки жакка бөлүнүп койлорду тоо-таштардын арасынан издеп жөнөштү. Жаш балага карайган жылга-колоттордогу тобулгу, караган, четиндин бадалдары бугуп жаткан желмогузга, же азуулуу жырткычка окшоп көрүнүп, жүрөгү сестенет. Койлорду таппай калсакчы деген ойдон ансайын коркот. Талаада калган мал ит-куштун жеми болгону жөнүндө көп эле угуп-көрүп жүрөт. Өздөрүнүкү эле болсо да мейли эле, абаларынын койлору үчүн да жооп беререрин ойлогондо жүрөк титирейт.


Ошентип, күйүгүп ары чуркап, бери чуркап жүрүп койлорду асканын алдынан тапты. Күнү боюу бетегелүү жайлоонун чөбүнө тойгон койлор жуушап жатыптыр. Эми аларды айдап көр. Кой жаныбар караңгыда такыр баспай үркүп туруп алат. Алардын баштоочусу ак серкечти таап, жетелеп алдыга салгандан кийин артынан ээрчип жөнөштү. Энеси экөө зорго чогултуп айдап келишип, короого киргизишти. Ошондо Тоту байбиченин айтканы бар: «Кой, балам, уят өлүмдөн катуу. Бизге ишенгенден кийин малды жакшы карайлы. Орозо тутпай эле кой».

***

Чоң энеси 1948-жылы Жапар Көкарт мектеп-интернатынын 8-классында окуп жатканда кайтыш болду. «Энең оорул жатат»,-деп Абдыкерим абасы ат жетелеп келиптир. Бала кыялында эң жакын адамын жамандыкка кыйбаган Жапар чоң энеси ал жок сагынып эле кеселдеп калгандыр деп ойлоп, тезирээк жетиш үчүн минген атын тынбай камчылап ашыгып жатты. Өзүн ошентип алдаса да жүрөгү алда бир суук кабарды сезгендей коолдоп муздайт.

Жапар азага тигилген боз үйдү тегеректеген абаларынын катарында туруп, согуштан кайтпай калган атасынын ордуна өкүрүп жатты. «Эсил кайран энем ой! Эми кайдан табайын!...» Ушул сөздү айткан сайын ымыркай кезден этегине салып, канатына калкалап келген энелик мээримден, опол тоодой тирегинен, «чоң үйдүн» кутунан ажыраганын балалык жүрөгү менен сыздап туюп, жигери эзилет.

Ошол жылдын кышы мурда болуп көрбөгөндөй катуу түшүп, мектеп-интернаттын от жагылбаган суук кааналарында тоңуп-титиреп олтурган, курсагы да ач, энесине кусалык ансайын жетимсиретип томсорткон күндөр унутулгус болуп жүрөгүнө терең батты.





# «Жүз мугалимден жалгыз ата артык...»

Ар бир адам - өз атасынын мураскери. «Кимдин уулусуң?» деп сурашат айыл аксакалдары бейтааныштан. Өз атынан мурда атасынын атын атап тааныштырар асыл салт бар кыргыз элинде. «Атанын уулу» деп баа беришет жакшы чыкма жигитке. Жаманатты болсо да атага наалат келет. Тескерисинче атанын бардык жакшы-жамандыгы өз балдарына калтырган мурасы, жаманынан качып кутула албайсың, ал эми жакшылыгы ар-намыс болуп жолуңа туу саят.

Ал эми эр жигитке баа берээрде атасына салыштырат. «Атадан кем чыккан уул», «Атага тең чыккан уул» жана «Атадан артык чыккан уул». Мындан өткөн катаал сыноо болбос. «Жети атаңды бил» деген улуу насаат ата-баланын, бир нече муундардын ортосундагы руханий, физиологиялык бекем байланышты таанып-билүүдөн келип чыкса керек. Кыргыз эли ушул жашоо мыйзамченемин туу туткандыгы үчүн өзүн эл катары сактап калгандыр.

Жапар атанын кадырын өтө эрте түшүнүп, анын зарын жаштайынан тартты. Бар нерсенин баркын сезүү кыйын, ал эми жоготкондо гана ал бизге кандай кымбат экени билинет. Балтырканы ката элек уул бала үчүн аска-зоосу, коргоочусу болоор атасынан ажыроодон өткөн азап барбы? Атанын калбаат карааны, жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөзү сүйүү менен тарбиянын чоң башаты эмес беле. Анын жеке өрнөгүн даанышмандын даанышманынын да берген таалими алмаштыра албайт. Ошондуктан, «жүз мугалимден бир ата артык» деген накыл сөз калган экен улуулардан.

Академик Жапар Текенов өз өмүрүндө не деген ойчулдардын китептерин окубады, оозунан мээр төгүлгөн атактуу инсандар менен сүйлөшпөдү, илимпоздордун чордонунда жүрүп, аларды жетектеп да келатат. Бирок, бала кезинде айрылган атасынын көңүлдө бүдөмүк калган элесин, баскан - турганын, аталык мээримин эч нерсеге теңебейт. Жүрөгүнүн тереңине тумардай бекем катып, турмуштун татаал жолунда чаалыкса дем берер, арып-азганда азыктандырар, адашса жол көрсөтөр ыйык туусу, таянар тоосу катары бийик да, ыйык да көрүп келатат.

***



*Жапардын атасы – Мамасеитов Текен, 1944-жылы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон.*

Текен өз атасынын усталык өнөрүн аркалабаса да, табиятынан кара жумушка жакын, колдору күрөктөй болгон, тоону томкорор күчү бар дыйкан чыгыптыр. 30-жылдары Калмаккырчын айылында уюштурулган Ворошилов колхозуна эң алгачкылардан болуп кирип, чарбанын кайсыл оор жумушунда болбосун баш тартпай батыл иштеп, ата-эне баш болгон чоң үй-бүлөсүн эч нерседен кем кылбай баккан.

Жапардын эсинде атасы колхоздун кырманында иштеп жүргөн учуру калды. Колхоздун молотилкасында бирде 4-5 атты мамыга тизип байлап алып, тегерете айдап, буудайдын саманын бөлөк, данын бөлөктөп майдаласа, бирде айылдын чаңдуу жолунда молокуш менен буудай ташыйт. Жүктөп келген боо-боо буудайды түшүрүшүп жыйгыча өзү да карап турбай айрыны колго алып коюп, боолорду катар сайып ыргытат. Кирпиктерин, каштарын аппак болуп чаң каптап көрүнбөй, күнгө күйгөн кызыл-тору бешенесинен, жаагынан салаалап тер куюлуп турса да маңдайы жарык, шатыра-шатман сүйлөгөн, кушбак мүнөздүү адам эле.

Иштен түн кире кеч кайтканда үйдүн ичи толо түшкөнсүйт. «Чарчадым» деп жатып албай, уулдарын алмак-салмак мойнуна мингизип эркелетип, ата-энесинин маңдайында олтуруп сүйлөшө алардын да черин жазып, анан короодо өстүрүлгөн нокот, картошка, жүгөрүнү ай жарыгында отоп-чаап, сугарып тыным билбейт. Көрсө ошол убакта 25-30 курактагы иштесе ишке, ичсе ашка тойбой, жигиттик баралына келип, кайрат - күчү чатырап ашып-ташып турган убагы экен.



Өзү сабатсыз болгондугуна арманы күчтү, тун уулу Жапар 1-класска окууга барганда жетине албай сүйүнгөн. Күнүгө кечинде уулу китеп-дептерлерин карап жатканда төбөсү көккө жете түшкөнсүйт. Анын келечеги жөнүндө ширин ой-кыялдарга чөмүлөт. Жапар 1-классты «эң жакшы» баалар менен аяктаганы үчүн мектеп жабылаарда 3 сом акча менен сыйланган. Аны уккан Текен молотилкага чегилген аттардын бирин чечип минип, мектепке чаап барат. Окуучулардын жыл жыйынтыктаган жалпы чогулушу аяктап, таркай башташкан эле. Уулун атка так өңөрүп алган атасы аны өөп-жыттап, жан-алы калбай алкап, үйгө жеңиштүү түр менен кайтышты.

Ош-Бишкек жолунун Көкарт ашуусу аркылуу өтө турган курулушу башталып, күзгү жыйым бүткөндөн кийин айылдагы ишке жараган эркектердин баары жол курууга кетишти. Текен да алардын ичинде. Ал мезгилде кайдагы техника. Бардык иш кетмен, күрөк, замбил менен бүткөрүлүп жатты. Кара күчтүн ээси, ак ниети менен аянбай иштеген Текендин ысмы ар бир жыйында алдыңкылардын катарында аталып, алкышка ээ болот. Сыйлыкка алган трико кездемени үйүнө кубануу менен көтөрүп келип, бардыгы бир сыйра кызыл-жабыр кийим тиктирип кийишкен. Атасынын бул сыйлыгы баласы үчүн сыймык, ушундай мыкты атасы бардыгына балдардын алдында көтөрүлүп калаар эле. Ошол дүйнөсү түгөл, санаасы тынч бактылуу балалыктын күндөрү көпкө узабады.

***

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда Текен айылдагы эркектердин алгачкыларынан болуп кан майданга аттанды. Адегенде Жалалабаттан көп алыс эмес жерде аскердик даярдыктан өткөнбү, аскер шинелин, өтүк, тумагын кийип келип кайырлашып кеткен. Балакатка жете элек жети-сегиз жаштагы Жапар атасын Таранбазарга чейин жөө узатып келишкенде эмне үчүн энеси менен апасынын көздөрүнөн жаш токтобой агып жатканына түшүнгөн эмес. Узун шинели өтүгүнө урунуп катуу-катуу демигип баскан атасынын өңү кара көк болуп түйүлүп, бутуна оролушуп ыйлаган Шамшыны улам көтөрүп ала коет да, күрөктөй болгон алакандары менен уулунун жашын аарчыйт. Анын катарында үндөбөй келаткан Жапардын балалык баео сезимин «согуш» деген сөз, эл-журттун коогалаң түрү бир аз коопточтсо да, майданды өзү балдар менен жыгачтан жасалган кылыч чаап ойношкондой көрүп, караанын опол тоодой көрүнчү атасы кайсыл

душман менен беттешпесин жеңип чыгаарына ишеничи күчтүү эле. Бир гана эми ал келгиче ким мойнуна мингизип эркелетер экен?

Текендин балдарын сүйгөндүгү ушунчалык, чоңоюп эле калган Жапар менен Шамшыны дайыма мойнунан түшүрбөй көтөрүп жүрсө, айылдаштары: «Текен, сенден башкада эркек бала жокпу?» деп тамашалашчу. Кийин анын ушул адатын дайыма армандуу эскеришип, «балага көзү тойбой жүргөн турбайбы...» деп жүрүштү.

Төрт жыл бою үй-бүлөсүн күтүү менен коркунучка ээзип, келээр жолун каратып, алакандай кабарына зар кылып, фронттун кан күйгөн жерлеринде жүргөн Текен 1944-жылы Прибалтиканы бошотууда окко учту. Жары Сайкал чиедей төрт баласын бооруна кысып, гүлгүндөй жашында жесир калды.

Ошол кара жолтой күндү Жапар ушул күнгө чейин унутпайт. Он бир жашка чыгып калган убагы. Почточу алып келген аскердик үч бурчтуу кат эң биринчи анын колуна тийди. Каттын кабарын угушкан апасы менен энеси аны ороп, ачканга чейин чыдамдары жетпей, «тезирээк оку!» деп шаштырышат. Атасы менен бирге согушта жүргөн өзбек жигит жазыптыр. «Текендин башына ок тийип каза болду...» деген сөздү окуганда угуп олтурган апасы менен чоң энеси боздоп ыйлап жиберишти. Аңгыча ыйды угушкан абалары да чуркап келишти...

Ошодон бир ай убакыт өтүп-өтпөй «кара кагаз» алышты.

***

Тууган-уруктун арасында эл көргөндү көрүп жашашып, карып турмуштан алыс болушса да ата жок үйдүн куту өчкөнүн балдардын улуусу Жапар эрте туйду. Эң жаманы түнүлүү экен. Эми эки көз төрт болуп жол карап атасың күтпөйт, «ал келип калса...» деген ширин кыялдарга жылынбайт, кечкисин баары чогулуп дасторкон четине олтурушканда атасы жөнүндө сүйлөшүшпөйт, уктаар алдында эч кимге билгизбей ичинен Кудайга жалынып, согуштан аман-эсен кайтып келишин тилебейт. Мындан көрө курман болгонун укпай эле, өмүр бою үмүтү үзүлбөй күтүп өтсө оңой болмок экен.

Буга чейин үмүткө ширелген күтүү аларга чоң дем берип жүрүптүр. Атасы келсе эле бардык кыйынчылыктар бүтчүдөй сезилчү эле. Ошондуктан, согуш жылдары курсактары чала тоют болуп, нан ордуна таруу шак, жүгөрү шактан салынган бозо менен ач карынды алдашып, чор тамандары ысык-суукту сезбей, талаада үч бүгүлүп машак теришип, колхоздун чөбүн оруп, картошка чаап-казып, эгин менен жүгөрүнү оруп-жыйып, кырманда буудай жанчып, кан майданга кетишкен алдуу-күчтүү эркектердин ордуна иштеп



жүрүшкөндө «мунун баары атам келгиче...» деген ойдон жеңилдене түшчү. Баарыдан да ошол үмүттөн айрылуу эң оор болду.

Балалыгы согуш маалына туш келген Жапар менен инилери аталык мээримден гана айрылышпастан, ооруктун бардык кыйынчылыктарын, түйшүгүн майышкан ийиндерине көтөрүшүп, балалык бактыдан өтө эрте кол жуушту. Жашоону жетимдик, ач-жылаңачтык, жоготуунун кайгысы, оор түйшүк аркылуу таанышты.

Атанын күйүтү өчө электе «чоң үйдүн» сүйгүнчүк эрмеги болгон беш жашар Келгенбайды ажалга жулдурушту. Баары «Куйтуш», «Тайлак» деп эркелетишип аташчу оюнкараак, ыманы ысык бала кызамыктан оңоло алган жок. Сайкал ооруп жаткан уулун карап колхоздун ишинен калып калууга арга таба албады. Согуш жүрүп жаткан катаал убакта анын энелик жеке азабын ким түшүнгүсү келсин. Денесин кызамык каптап, чабалактап кыйналып жаткан уулун чоңураак балдарына дайындап, ээрдин кесе тиштене талаага таң заарлап кетип, кеч түндө кайтат. Кайненеси да үй-бүлөнүн түйшүгүн тартып эшик-эликте көбүрөөк жүрүп калат. Бала да, алды он- он бир, арты жети-сегиздеги бир туугандар оюнга азгырылышып, чикит чапмай мелдештин кызыгына батышканда үйдөгү оорулуу инилери да эстен чыгып кетет. Өзү жалгыз жаталбаган Тайлак алардын оюнун көрүш үчүн эшикке чыгам деп шамалдап калганбы оорусу күндөн күнгө күчөп, кеселден баш көтөрө албай койду.

***

Адегенде фин согушуна кеткен көкүрөк күчүгү Ысактан, андан кийин Текенден, ага удаалаш эле өзү көтөрүп жүрүп чоңойткон сүйгүнчүк небересинен айрылган чоң энеси Тоту мурдагы кайратынан жазып, бошошуп баратат. Бир орунда көпкө чейин муңга чөгүп үнсүз отуруп, кез-кез «шуу» үшкүрүнсө оозунан көк түтүн буркурайт. Тез-тез ооруп төшөк тартып жатып калчу болду. Гүлгүн кезинде жесир калган келини Сайкал менен анын чиедей үч уулуна эч болбосо караан болоюн дейби, башка балдары үйлөрүнө алып кетейин десе ынабады.

Апасынын да көздөрүнөн жаш кетпейт. Бирок, үстүндөгү азалуу кийимине карабай күнү бою колхоздун ишинде. Эрте ажыраган жубайынын, наристе бойдон көз жумган уулунун күйүтүн иштен чыгарыш үчүн мурдагыдан бетер өжөрлөнүп көк беттенет. Анан түнү бою уктабай балдарынын кир-когун жууп, үй-жыйыштырып, тамагын даярдап, үй ишинин баарын бүтүрөт. Таянганы - медер туткан балдары. Алардын келечеги жөнүндө үмүт күчүнө күч кошуп, илгери умтулдурат. Ач-жылаңач кыйынчылыктарга карабастан

уулдарын мектепке үзбөй жөнөтүп, «Адам болобуз десеңер окугула» деп кулактарына куюп турчу. Балдарын багууда кайнагаларын тээк кылып, алар менен сый-урмат мамилесин үзгөн жок. Келин катары өз ордун, ызаатын билип, балдарын тууган-уруктарынан алыстатпай алардын канатына калкалашка аракеттенди.

***

Согуш аяктаарда ачкачылыктан, кайгы-муңдан каржалган айылга дагы бир мүшкүл каптап келди. Ич келте дарты ар бир үйгө жыландай сойлоп кирип, эңкейген карыны да, эмчектеги жаш баланы да аябаган акыр заман күндөр эле. «Чоң үйдөн» эң биринчи Сайкал илдетке чалдыкты. Ал буга чейин анча-мынча сасык тумоону, жеңил-желпи кеселди тоготпой, төшөккө жатпай эле жеңип кетчү. Ошол күчүнө салып жүрүп оорусун өтүштүрүп алды. Денеси от менен жалын болуп күйүп, баш сөөгү быркырап сына көзүн ачырбай катуу ооруй баштаганда гана жыгылды. Кайненеси жакшы көргөн келининен балдарын солак кармаса да өзү жанынан кетпей тез-тез ылымта атала ичирип, үрөйү уча көздөрүн албайт. «Балдарыңдын бешенесине сен аман тургай экенсиң!...Өзүңдү карман, ал-күчүңдү жый! Кудайдан өмүр тиле!»,-деп өзүнүн оозунан келмеси түшпөй Жаратканга какшап жалынат.

Кыштын аяздуу күнү эле. Көп күндөрдөн бери көздөрүн ачпай тиштене онтогон Сайкал өң-алеттен кетип араң эле дем ала баштады. «Абаңды чакыр!» деп Шамшыны чуркаткан Тоту өзү балдарды чогултуп келип, апаларынын маңдайына тизип тургузуп койду. Тез жетип келген Абдыкерим абасы дем алышы оордогон келининин башынан жөлөп: «Көзүңдү ач, Сайкал! Балдарыңды жетим калтырба!» деп калтыраган добуш менен бек-бек айткан болот. Бар күчүн жыйып чымыркандыбы, Сайкалдын сулдөрү калган денеси бир титиреп чиренип алды да, анан көздөрү аңтарылып, ката түштү. «Башын жаздыкка койбо! Койбо!» деп безилдеп жиберди Тоту. Анан балдарга буйруду: «Апа!!! деп чыңыргыла, чыңырып катуу-катуу ыйлагыла!». Биринен бири өтүп, «апалап» боздошкон Жапар, Шамшы, Жолболдунун үндөрү бу жарыкчылыктан өтүп бараткан Сайкалды ажалдын оозунан жулуп алгандай болду. Тирүүлүктүн жышаанасы калбай калган өңү кайра кыймылга келип, көздөрүн ачты...

О дүйнө узап кеткен жеринен чучуктай чыңырышкан, чиедей жаш балдарына илинип, кайра тирилген эненин көрөр күнү, ичер суусу бар экен. Кийин 95 жашка чыгып, уулдарынын доорун сүрүп, 2004-жылы кайтыш болду.





*Балалыктан бир элес: Жапар (ортодо), бир тууган иниси Шамшы (оң жакта) жана классташы Сатаров Жалил (1950-жылдар)*

Сайкал оорудан баш көтөрүп, өзүнө кичине келе баштаганда Жапар ооруду. Жаздын ууз кези эле. Улуу тумоодон аман калгандар кыбырап жайлоого көчүшүп, жашоонун тирүүлөр үчүн бүтпөс түйшүгү улана берди. Ордунан туралбай, алма-чөлмө терге чөмүлүп, катуу баш оорудан көздөрү ачылбай жаткан Жапарды чоң энеси өзү менен кошо жайлоого ала кетти. Небересин өзү жаш баладай карап, уккан дарынын баарын жасап берип үйрүлүп түшөт.

Төшөктө жаткан Жапар бирде жабуусу ачык түндүктү, бирде боз үйдүн эшигинен көрүнүп турган ак карлуу тоолорду, жашыл шибер адырларды тиктеп, алардын арасында мал айдап жылаңайлак чуркап жүргөн куунак кездерин түшүндө көргөндөй элестетет. Көрсө, «ач болсоң да тынч болуп», оорубай жүрүүнүн өзү бакыт тура. Эгер айыгып бутуна турса эч качан «иштеп кыйналдым, кардым ачып өзөрдүм» дебес элем деп тиленди.

Ошол күндөрү таң калаарлыктай түш көрдү. Түшүндө кимдир бирөө түртүп жибергендей болуп жардан кулап кетиптир. Жар бийик экен. Тээ төмөндө түбү көрүнбөгөн капкараңгы туңгуюктан жүрөгү опкоолжуп, мына эми ат башындай сай таштарына талкаланып күм-жам болорунан коркуп, баш айланткан ылдамдык менен учуп баратат. Ушул убакта жар башына кайдан-жайдандыр келе калган Шамшы кол созуп аны кармап калды. Экөөнүн кармашкан колдору мына-мына үзүлүп кетчүдөй болот. Жапар бар күчү менен аракет кыла инисинин колун бекем кысып, өйдөгө ынтылат. Терең туңгуюк дагы эле аны оп тартып ылдый көздөй тартат. Өмүр-өлүм чегинде таймашкан бул кармаш узакка созулуп, акыры Шамшынын жардамы менен жардын үстүнө эптеп тырмышып чыкты... Ойгонсо жүрөгү алкымына капталып, лакылдап согуп жатыптыр. Бирок, кандайдыр бир жеңилдене түшкөнсүп, башынын оорусу басаңдап калган экен.

Жакшылыкка аян берген бул түшүнөн кийин Жапар ооруну жеңе баштады. Бирок, көпкө чейин дарманы жок төшөктө жатты. Чоң энеси ага кудайы чалган козунун этинен кылаңгыр шорпо кайнатып, кубат болсун деп бат-бат ичирет. Боз үйдүн кырчоосун кармап биринчи жолу сыртка чыкканын кыштоодон келе жаткан Шамшы бардыгынан мурда көрүптүр. Агасынын басып калганына сүйүнө «Жапа-а-р!» деп кыйкырып жиберип, ийнине артынган куржундун ордугуна карабай салып-уруп чуркап жөнөдү. Жапар да түшүндө жардан кулап кетерде өзүн Шамшы куткарып калганын эстеп, инисине ыраазы боло эт-жүрөгү элжиреген. Ушул бактылуу көз ирмемдер ага-ининин экөөнүн тең эсинде өчкүс болуп сакталып калыптыр. Кийин көп жолу бул жөнүндө эскеришкен сайын тууғандык кыйышпас сезимдери ансайын бекемделе түшчү.

«Жетим жүрүп жетилет» дегендей бир туугандар: Жапар, Шамшы, Жолболду өп-чап оор турмушка карабастан окуудан калбай мыкты окушуп, айылдагы жети жылдыкты, андан кийин Көкарт мектеп-интернатын бүтүрүштү. Кийин биринин артынан бири борбор шаардагы жогорку окуу жайларында билим алганы жөнөшкөндө апасына акыл айткандар көп чыгышты: «Балдарыңды шаарда окутам деп дагы кыйналганы жатасыңбы, Сайкал?! Бирөө-жарымын колхозчу кылып койбойсуңбу. Өмүр бою колхоздо иштеп жүрүп зорго чоңойттуң эле, эми сени багышсын да!»- дешти. Мындай сөздөргө Сайкалдын жообу белен: «Кудайга шүгүр, мен күчтөн али тая элекмин. Окуп алышсын, адам болушсун...».


*Сайкал байбиче*

Оюу алысты көздөгөн, перзенттерине бакыт тилеген эне кийин да балдары кайсыл жерде окушпасын, же иштешпесин жолун тоскон жок. Алардын аманчылыгына, турмуштагы өз жолдорун тапканына жана эл арасында ак эмгектери менен кадыр-баркка жетишкендиктерине каниет кылып, мээнетинин



үзүрүн көрүү, бактылуу карылыктын доорун сүрүү бактысына жетти.

Азыркы убакта Калмаккырчын айылында бул каарман аял, чыныгы эне жөнүндө ар убак сыймык менен эскеришет. «Эгерде аялзатына эстелик тургузуу керек болсо эң биринчи Сайкалга тургузуу керек»,- дешет аны көргөн-билгендер. Бүт өмүрүн эл ишине арнаган, жаштайынан жесир калса да үч перзентти бийик эрезеге жеткирип, өз доорунун алдыңкы инсандары кылып тарбиялаган, адамдык касиеттерин аруу сактап, энелик парзын ак өтөгөн Сайкал апанын өрнөгү эл оозунда калды.

***


Өз ата-энеси жөнүндө ойлогондо Жапар Текеновдун жүрөгүнө сыймык толот. Алар адал жашап, ак иштешип, артында балдары сыймыктанарлык жакшы из калтырышты. «Атаң өлсө да атаңды көргөндөр өлбөсүн» дегендей атасынын курбу-курбалдаштары Текендин балдарын көрүшкөн сайын жылуу сөздөрүн айтышып, «атаңардай жакшы адам болгула!» дешер эле. Кээде тамашалашып: «Атаңарды тартпай жалкоо болуп калыпсыңар» деп аларды чыйралтышчу.

Үч бир тууғандын эл оозунда калган жоругу көп. Жапар университетте окуп жүрүп, жайкы каникулга келген учур эле. Үйдө жүрсө да эс алыш кайдан, колунан келген иштерди бүтүрүп берип кетейин деп жаны тынбайт. Чөп орук башталып калган. Ал мезгилде колхоздун чөбү толук орулуп, жыйналып бүтмөйүнчө эч ким жеке малына тоют камдоого уруксат жок. Колхоздукунан ашса гана айылдан алыс, тоолордун коюн-колтугундагы караган-четиндүү, же таштуу жердин чөбүн тырмалап орумуш болушат. Жапар шаарга кайтаарына аз калгандыктан, али билектерине жакшы күч кире элек инилерин кыйнабаш үчүн короолорундагы бирин-эки малдын кышкы тоютун камдап берип кетейин деп чечти. Бийик тоонун жон белинде өзү чалгы чаап, Шамшы менен Жолболду артынан чөмөлө жасашып тырмалаңдап жүрүшөт.

Талаа кыдырып келаткан башкарма Түркмөн Көкиев аларды көрүп калып: «Булар кимдин балдары?!» деп бригаттан ачуулана сурады. Бул үй-бүлөнү жакшы билген бригат: «Согушта курман болгон Текендин уулдары. Чоңунун башында атасынын калпагы жүрбөйбү...»,- деп ийди башкарманын ачуусун жайкаш үчүн. Ушул сөз колхоздун иши дегенде катаалдыгынан жазбаган башкарманын жүрөгүнө түз тийген окшойт, кеп-сөзгө келбей атынын башын кайра шарт артына буруптур. Ошондо жанындагыларды таң калтырып, колхоздун тартибин бузушкан ага-инилерди сөкмөк турсун, «Ой,

азаматтар! Текен өлбөпсүң!»- деп ыраазы боло көздөрүнө жаш алган экен.

Түркмөн аксакал пенсияга чыккандан кийин да өлөөр-өлгөнчө Текендин балдарын унутпай, даректеп жүрдү. Алардын жаш чактарындагы өзү күбө болгон мээнеткечтигине, энеге күйүмдүү, адептүү тарбияларына көңүлү жылып, келечекте мыкты адам чыгат деп болжоп койсо керек. Жапар аспирантураны бүтүрүп, айылга келгенде атайын учурашканы барыптыр: «Атанын уулу» деп силерди айтат. Текенди тартыпсыңар! Рахмат силерге!»- деп өз баласынан бетер жан дилинен алкап батасын берген. Бул насыят сөздөр өз убагында бир туугандарды алга умтулдурган күч, ата наамын актоого чакырган максат боло алды.





# Уялаштан үчөө

Адам баласы үчүн ата-энеден кийин эле бир туугандан артык жакыны болбойт. «Тулпар жүгүн оордобойт, тууган сөөгүн кордобойт». Ата-эне менен бир тууганды тандап алалбайсың, алардын боору жаралгандан эле бирге бүтөт жана эч нерсе ажырата албайт. Туугандык сезим - адамзаттын бардык дооруна таандык, татаал жол, тар кыядан тандалып өткөн өлбөс-өчпөс түбөлүктүү сезим. Бир тууганың сүйүп баккан балаңдан да, кол кармашкан түгөйүңдөн да кымбат экенин тастыктаган уламыштар жана накыл сөздөр ар бир элде бар. Алардын баары дүйнө калктарынын кылым арытып баскан турмуштук тажрыйбаларынан жаралган. Бабалардан осуятка калган ошондой даанышман мисалдардын бири төмөндөгүчө айтылат:

Чыңгысхандын каар заманында адам каны менен бийликке тойбогон өкүмдар басып алган өлкөсүнүн күлүн додо кылып өрттөп, эр азаматтарын кулга, аялдарын күңгө айлантып, тукумун курут кылып жүрүп олтурчу экен. Дүйнөбеги Орто Азияга жасаган кайсыл бир жортуулунда анын колуна каршылык көрсөтүп кыжырына тийген айылдын күлүн көккө сапыраардын алдында азоо кумарын жазгысы келип, колго түшкөн аялдарга шарт коет: «Мен силердин башыңарга азат беремин, өзүңөргө кошуп дагы бир адамды көтөрүп алып чыгып кеткиле! Калгандары өрттөлөт». Ошондо Зулайка аттуу тал чыбыктай назик келин бир тууган агасын көтөрүп алып жөнөйт.

Анын бул чечимине таң калган Дүйнөбеги токтотуп туруп сурайт: «Сенин агаң эмчектеги балаңдан, этиңди көргөн күйөөңдөн да артыкпы? Анан да өзүң жаш камыштай сынайын деп зорго турасың, эңгезердей эркекти кантип көтөрө аласың?». «О, улуу таксыр! -дейт Зулайка.- Бала деген белде, а күйөө деген жолдо. Ата-энем өлгөндөн кийин ушул агамдан жакын, кыйбас адамым жок. Агамсыз күн көргөнүм курусун».

Бир туугандык сезим кайрат-күч берген жаш келин ошентип өзүнөн эки-үч келген агасын жерден так көтөрүп айылдан узап кетет. Аялзатынын бул күйүмдүүлүгүнө, акылмандыгына тан берген каардуу кол башчы ырайымсыз өкүмүнөн жазып, ал жашаган айылга тийбей, колун жыйып, андан ары сапарын улаптыр...

***

Бир туугандык кыйбастык, күйүмдүүлүк ага-инилер Текеновдорго да таандык. Бир үй-бүлөнүн балдарынын баарынын бирдей кыйын чыкмагы сейрек эмеспи. Уялаштар: Жапар, Шамшы, Жолболду биринен бири калышпаган чыгаан инсандар болушту. Үчөөнү тең эли бирдей баалап, балдарына өрнөк катары айтышат.

Алардын турмушта жетишкен ийгиликтеринин башкы сыры - бул өз ара ынтымакта, адилет жашоодо жана жан аянбаган мээнетте. Бир туугандардын жашоо башаты бир болду. Алар эмгекчил, адал эмгек менен жашаган ынтымактуу чоң үй-бүлөнүн тарбиясын каны-жандарына сиңирип алышты. Согуштун каат жылдарына туш келген, атасыз өткөн балалык үчөөнү бири-бирине эш боло билүүгө жүуруду.

Бул өз ара ынтымак өмүр сапарларында ыйык парзга айланды. Эгерде жаштайларынан бирин экинчиси жетелеп, жөлөп-таяп, улуусу кичүүсүнө жол көрсөтүп, иниси агасынын сөзүн угуп, айтканын аткарбаса, чоңу кенжесине кам көрбөсө, мүмкүн ушундай даражага жетише алышмак эмес.

Алар 50-жылдары айылдык кыргыз жаштарынын ичинен алгачкылардан болуп жогорку билим алышты. Бир туугандын улуусу Жапар андан ары илимдин артынан сая түшүп, атактуу илимпоздук атакка, академик даражага жетти. Акыркы он беш жылдан бери Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүн жетектеп жатат. Шамшы өлкөбүздөгү инженер - геолог кесибин өздөштүргөн алгачкы кыргыз адистеринен. Кийин бул тармактагы жетекчилик чоң кызматтарда көп жылдар бою иштеп, азыркы убакта ардактуу эс алууда. Ал эми жарык дүйнөдөн эрте кеткен Жолболду аз жашаса да советтик, партиялык жетекчи катары эл-журту үчүн чоң иштерди жасоого үлгүрдү.

Бир туугандардын улуусу Жапар инилери үчүн өмүр бою агалык камкордугунан жазган жок. Ата-эне карыганда, же көздөрү өткөндө үй-бүлө түйшүгү балдардын чоңунун мойнуна жүктөлөт. Бул милдетти Жапар өтө эрте артынды. Жети-сегиз жашынан эле согушка кеткен атанын ордуна апасы, чоң энеси, инилери үчүн жоопкерчиликти сезип чоңойду. Өзү билим алгандан кийин инилеринин да жогорку окуу жайларында окушуна, турмуштан өз ордуларын табууларына кам көрдү.

Жапар бир туугандарына илинген агалык сезиминен ушул күнгө чейин арыла элек. Өзү жөнүндө айтылганда инилеринин да аттарынын кошо аталышын каалайт, алар жөнүндө өзүнөн да көбүрөөк айткысы келет. Анткени, тууганды тууган гана терең билет эмеспи. Чындыгында, Текеновдор жөнүндө журналисттердин, же



тарыхчылардын макалаларында, аларды бири-биринен бөлүп жаза алышпайт. Кайсыл гана эскерүү болбосун инилеринин кантип чоңоюшуп, эр жеткендери жөнүндө баарынан көп Жапар билет. Шамшы менен Жолболдунун өздөрү эстеп айталышпагандарын аганын оозунан угушкан. Анткени, инилери Жапардын көз алдында чоңоюшпадыбы, өз бир туугандары жөнүндө сыймыктануу, сүйүү сезими улуусунда күчтүүрөөк болот окшобойбу.

Өз кезегинде инилеринин агасына болгон сый-урматтары уккан-көргөндүн ичин жылытаарлык. Кичине кездериндегидей эле ага жол беришип, анын алдынан кыя өтүшчү эмес. Эң биринчи Жапардын аты аталсын, чоң ага алдыда турсун, а өздөрү анын көлөкөсүндө калгылары келет.

Ошентсе да үч бир туугандын ар бири - өзүнчө ажайып инсан. Бири-бирине окшошпогон тагдырлардын, таалими бийик өрнөктүү өмүрлөрдүн ээлери. Ар биринин турмуш жолу өзүнчө узун сабак сөзгө арзырлык.

## Шамшы Текенов



*Шамшы Текенов*

Бир туугандардын ортончусу Шамшы кичине кезинен эле тетик болгондуктан үй кайтаруу милдети ага жүктөлчү. Жайкысын чоң энеси Тоту менен агасы Жапар жайлоого чыгышып, апасы Сайкал колхоздун ишинде, Шамшы өзү жалгыз короо-жайды карап калат. Күн сайын эрте таңда турушчу эне-бала чай ичип бүтүшкөндөн кийин Сайкал уулуна кечке чейин жасай турган жумуштарды дайындап коюп талаага жөнөйт. Ошол бойдон кеч кире кайтса да үйдөн көңүлү тынч. Балалык ойноок курагына карабастан Шамшы балдарга кошулуп ойноп кетип калбай, короо-жайды сак кайтарып, апасынын буюрган тапшырмаларынын баарын так аткарып коерун билет. Короону карап, анда өстүрүлгөн картошка, жүгөрү, сабиздерди отоо-чөптөн арылтуу иши да анын мойнунда. Тоокторгo убагында жем, суу берип, үйгө бейчеки кишини, бала-чаканы баш бактырбай, апасынын иштен келишин чыдамсыздык менен күтүп отурат. Сайкал акыл-эси зирек уулунун өзү жокто жасаган иштерине

ыраазы болуп, энелик жүрөгүнөн элжирей алкайт. Балдары жаш болушса да жумушка жарап, минтип анын жеңилин жерден, оорун колдон алып калышкан күнгө жеткенине сүйүнөт.

Оор турмуш ага-инилердин мүнөзүн эрте курчутту. Ишке бүйрө, ак ниет, эмгекчил ата-эненин тарбиясын жаштайынан көрүп өсүшкөндүгүнүн пайдасы тийди. Шамшы кичинекейинен тартып эле агасы Жапар менен кошо жүрүп, ал жасаган ишти кошо кармап үйрөндү. Машак, куурай, тезек терип, отун алып, чөп чаап, чөмөлө жасап, аларды үйгө ташышып, жайы-кышы дебей тыным билишпеген бир туугандар айылдагы кары-жаштын оздорунан түшпөй, мактоо менен алкоого арзышты.

Агасы Жапар борбор шаардагы Кыргыз мамлекеттик университетинде окуй баштагандан тартып Шамшыда келечекке талпынган үмүт-кыялдын жаңы кыйыры ачылды. Чоң калаанын таалим-тарбиясын алып, зыңгырап бой түзөп калган студент агасы каникулдарда үйгө келген сайын: «Жакшы оку, институтка киресиң» -деп акыл-насаатын кулагына куюп кетет. Кичинекейинен көнгөн үй-бүлөлүк тартип боюнча агасынын айтканын эки кылчу эмес. Мектепти бүтөөр - бүткүчө кайсыл кесипти тандаарын билбесе да шаарды көздөй сызуучу күндү эңсеп, убакыт өтпөй зарыгат.

***

Ошол күн да келди. 1953 - жыл. Шаар көрүп, көзү ачылып калган Жапар инисин айылдан өзү алып кетип, борбор калаадагы жаңыдан ачылган политехникалык институтка алпарды. Шамшы адегенде институттун алдындагы бир жылдык даярдоочу бөлүмгө тапшырды. Аны аяктагандан кийин геология факультетинин геология жана баалуу кен байлыктарын чалгындоо адистиги боюнча 1- курска кабыл алынды. Политехникалык институтта лекция, семинардык сабактар жалаң орус тилинде жүрүп, окуу китептеринин да жалаң орусча жазылышы өзүнө окшоп алыскы тоолуу кыргыз айылдарынан келишкен студенттер үчүн бир топ оор эле. А түгүл 1-2 - курстарда окуй албай, кээ бири таштап кетүүгө аргасыз болгон. Ийгилик иштегенге имерилет. Шамшы даярдоо курсунда окуган бир жылдын ичинде орус тилди кыйла өздөштүрүп калган. Анын үстүнө, колунан китеп түшпөй өжөрлөнүп окуунун акыбети кайтлай койгон жок. Жаштайынан тырышчаак жана намыскөй улан 1959-жылы институтту «эң жакшы» баалар менен аяктады. Ал үчүн 5 жылдык студенттик өмүрү текке кеткен жок. Өз кесиби боюнча терең билим алды, келечек максатын түптөдү. Кыргыз жаштарынын ичинен алгачкылардан тоо инженер - геологу деген кесипке ээ болду.



***

Кыргыз Республикасынын «Геология» аттуу чоң энциклопедиясында Шамшы Текенов жөнүндөгү мындай маалыматтар берилген:

«1959-1982-жылдары Түштүк Кыргызстан геология экспедициясынын партияларында улук коллектор, геолог, улук геолог, партиялардын начальниги, экспедициянын геология бөлүмүнүн начальниги, экспедициянын начальнигин орун басары болуп иштеген. Чаткал геология экспедициясынын начальниги (1982-1987), Кыргыз Республикасынын Геология башкармасынын начальнигинин орун басары –башкы инженери (1987 -1989), «Кыргызгеология» өндүрүштүк бирикмесинин Генералдык директору (1989-1992), Кыргыз Республикасынын мамлекеттик геология комитетинин төрагасы, Кыргыз өкмөтүнүн мүчөсү (1992-1995).

Текенов Шамшы көп жылдык эмгегин Ош, Жалалабат облустарындагы көмүр, сурьма, сымап жана алтын кендерин изилдөөгө жана алардын запастарын чалгындоого жумшаган. Айрыкча, Кызылкыя, Ташкөмүр, Хайдаркан сурьма-сымап, Терексай сурьма кендери, Чаткал тоолорундагы алтын кендери боюнча аткарылган геологиялык иштерге кошкон салымы чоң. Текенов Шамшы республиканын аймагында геологиялык изилдөөлөрдү жана кендерди чалгындоолорду уюштуруучу жана жетектөөчү катары Кыргызстандын геологиялык жамаатына кеңири белгилүү.

Ш.Текенов геология тармагына сиңирген эмгеги үчүн «Эмгек Кызыл Туу» (1986), «Ардак белгиси» (1976) ордендери, үч медаль (1970-75), Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Ардак грамотасы» (1966) менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын жана СССРдин геология министрлиги тарабынан «Жер казынасынын ардактуу чалгындоочусу» (1988), «Кыргыз Республикасынын геология кызматына эмгек сиңирген кызматкери» (1993) сыяктуу ардактуу наамдар ыйгарылган жана көптөгөн юбилейлик медалдар менен сыйланган. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болгон. Бир нече жолу эл депутаттарынын Ош шаардык жана Чаткал райондук советтеринин депутаттыгына шайланган. Кыргыз Республикасына өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн персоналдык пенсионер.

***

Жаза келсе кагаздын бир бетине толбогон маалымат. Бирок, ар бир тамганын арасында 36 жыл бою геологиялык өндүрүштүн бардык баскычтарын басып өтүп, жөнөкөй коллектордук кызматтан

Түштүк Кыргызстандагы геология чалгындоо иштери боюнча көрүнүктүү жетекчиликке, андан кийин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик геология комитетинин төрагалыгына чейин өз мээнети менен өсүп жетилген инсандын ары татаал, ары сыймыктуу өмүр жана эмгек жолу көз алдыга тартылат. Кайсыл участкада ким болуп иштебесин Шамшынын терең билими, ак ниети, аракетчилдиги, өз ишине тыкандыгы ага кызматы боюнча сый - урмат алып келди. Анын ар бир ийгилигинин артында бешене тер төгүлгөн карандай эмгеги, уйкусуз түйшөлгөн түндөр, үй-бүлөсү менен тоо-талаалап көчүп жүргөн тынчсыз жашоосу турат Геологдун турмушунун азап-тозогу бул тармакта иштегендерге жакшы дайын. Шамшы чыныгы геологиялык-чалгындоо чөйрөсүндө кайнады, Республикада бул тармакка негиз салгандардын сыноосунан өттү. Өз ишине берилген абийирдүү жана талбаган эмгекчил адамдар гана геологияда иштей аларын түшүндү. «Чалгынчы» деген сөздү «из салуу» деп түшүнүүгө болот. Ал эми чыйыр салуу оңой-олтоң жумуш эмес.

Ал 1982-жылы жаңыдан түзүлгөн Чаткал геология экспедициясына жетекчи болуп дайындалат. Алыскы тоолуу аймакта экспедиция үчүн өндүрүштүк база жана геологдор жашай турган турак-жай жок эле. Жетекчи катары ага ушуларды тез арада уюштуруу жоопкерчилиги жүктөлдү. Анын аракети менен аз убакыттын ичинде база курулуп, экспедициянын адистери үй - менен камсыз болушту. Анын биринде Шамшы Текенов да өз үй-бүлөсү менен жашап турду. Геологиялык көчмөн турмушта ар бир жолу убурумдук турак кылган үйдү сүймөнчүк менен карап, жашоо үчүн керектүү шарттарды өз колу менен түзүүгө аракеттенер эле. А түгүл айланасына бак өстүрүүгө да жетишчү. Кийин ал жашаган үйгө көчүп баргандар: «Рахмат, Шамшы Текенович, тим эле жыргап эле калдык. Баары бар турбайбы!» деп ыраазычылык билдиришчү.

***

Кыска мөөнөттүн ичинде эле алтын, сурьма жана сымап кендеринин ачылышы Чаткал геологиялык-чалгындоо экспедициясына чоң ийгилик алып келди. Кийинчерээк ушул жылдарда ачылган кендер, аларды изилдөө үчүн курулган өндүрүштүк базалар, турак-жайлар «Кыргызалтын» концернинин Терексай филиалына өткөрүлүп берилди. Концерндин бул филиалынын жакшы иштешине Шамшы Текеновдун жетекчилиги менен түзүлүп калган өндүрүштүк базанын көмөгү чоң эле.

1982-87-жылдары Чаткал геологиялык экспедициясы тарабынан Ш. Текеновдун жетекчилиги менен Алабука-Чаткал аймактарында алтын, сурьма кендерин чалгындоо иштери



ийгиликтүү жүргүзүлүп, чоң жетишкендиктер менен аяктайт. Ал эми Шамшы 1987-жылы Республикалык геология башкармалыгынын начальнигинин орун басары-башкы инженери болуп дайындалат. Эми ал Кыргызстандын түштүк аймагынын гана эмес бүткүл Республикалык геологиялык маселелерди чечүүгө киришет.

Буга чейин Шамшы өндүрүшчү катары саясаттан алыс болуп, геологиянын кызыкчылыгы менен гана жашаган. Ал көп жылдар бою өмүрүн, бүткүл күчүн арнаган иштердин жакшы натыйжалары көрүнө баштаган эле. 80-жылдардын аягы 90- жылдардын башында өлкөдө пайдалуу кендердин жетишээрлик запастары бар экендигин чалгындоолор көрсөттү. Кыргыз тоолорунун койнундагы алтын, калай, вольфрам, сымап, көмүр сыяктуу жаратылыштын баалуу байлыктарынын көпчүлүгү чалгындалып бүтүп, же бүтөөрдүн алдында турган.

Мына эми ал 1989-жылы «Кыргызгеология» өндүрүштүк бирикмесинин башкы директору болуп дайындалгандан кийин кайра куруунун оор сыноосуна туш келди. Дүйнөдө эң кубаттуу деп эсептелген өлкө кыйрап, коммунизге алып барат деп совет эли бекем ишенген социализм жаңы доордун эпкинине туруштук бере алган жок. Ушуга байланыштуу СССРдин геология министерствосу тарабынан Кыргызстандагы геология тармагына бөлүнүп туруучу каражат кескин кыскара баштап, ал эми союз таркагандан кийин каржылоо таптакыр токтоду.

Башкы директордун алдында тез чечүүнү талап кылган туюк суроолор турду. Кен байлыктарынын запастарын чалгындоо иштерине керек болгон каржы булактарын кайдан табуу керек? Техникалар үчүн инструменттер жана механизмдер менен кантип камсыз болушат? Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары Кыргызгеология өндүрүштүк бирикмеге кирген бир канча тармактарды кыскартуу, же бирине-бирин кошуу иштери өтө оор жүрдү. Бул өзгөрүүлөрдүн бардыгынын артында миңдеген жумушчулардын, инженерлер менен техникалык кызматкерлердин тагдыры турган. Алардын арасында өз өмүрүнүн көптөгөн жылдарын геологияга арнаган чыныгы профессионал адистер бар эле. Бирок, ошол учурдагы жагдайга байланыштуу аз убакыттын ичинде жумушчулар менен кызматкерлердин санын үч эсеге кыскартуу зарыл эле.

Доордун талабына жараша башкаруунун жаңы тутумун карап чыгып, кадрларды өз-өз ордуна туура жайгаштыруу менен гана Кыргызстандын геология тармагы сакталып калды. 1992-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик геология комитети болуп кайра түзүлөт. Шамшы Текенов аны 95-жылга чейин жетектеп

келди. Союздук Республикалардын айрымдарында каржылоодон айрылган бул тармактар жоюла баштаганда кыргыз геологиясында кайра куруулар жүрүп жатты. Структуралык өзгөртүүлөр, комитеттин жетекчилиги тарабынан өтө ойлонулуп жасалгандыктан жамааттардын наразычылыгын туудурган жок. Дагы бир эң кыйын маселе геологияны каржылоо эле. Ага мамлекеттик каржыдан тышкары өкмөттүк эмес компанияларды да пайдалануу үчүн аракеттер көрүлгөн.

Шамшы өкмөттүн, республикалык бийликтин, Жогорку Кенештин жетекчилерин геология тармагын колдоо зарылдыгына ынандыруунун чоң чебери эле. Геологиялык иштердин сапаты, эртеңки келечеги, жер казынасын сактоонун мааниси жөнүндө жан күйгүзүп айткан далилдүү сөздөрү тийиштүү жетекчилерге таамай тийчү. Анын натыйжасында экономикалык оор абалга карабастан тоо-кен иштетүүгө жана чалгындоого республикалык бюджеттен акча каралып турду. Ошондой эле мамлекеттик каржыдан тышкары ички инвесторлор менен алака түзүүгө да аракеттер өз жемишин бере баштады.

***

1995-жылы Шамшы эс алууга чыккандан кийин турмуштун жаңы нугуна түштү. Жүрөгүн тыңшаса ата-баба конушун көздөй талпынып турат. Буга чейин айылга тез-тез каттап турганы менен кызматына байланыштуу сагынычы жазыла тургандай кең-кесири жүрө алчу эмес. Бирок, өзүнүн балалыгы өткөн жана эң жакын туугандары, достору, айылдаштары жашаган киндик каны тамган жер качан да болсо жүрөккө жакын. Анын бул оюн байбичеси Саадат да колдоду. Ал 30 жылдан ашуун мугалимдик кесипте иштегенден кийин пенсияга чыккан эле. Күйөөсүнүн артынан калбай көчмөн турмуштун оорчулугун аябай тартса да дайыма өз ишинин алдыңкысы болду. «Эл агартуунун мыктысы» деген ардактуу наамдын ээси. Ал эми Саадат үчүн эң баалуу сыйлык – бул жарым кылымдан ашуун педагогдук ишинде өзү билим берип, тарбиялаган миңдеген окуучуларынын сый-урматы.

Шамшы Текенов байбичеси экөө өмүр бою эл ишинде жүрүшсө да бактылуу жана ынтымактуу үй-бүлө курушуп, үч перзенттин: эки кыз жана бир уулдун ата-энеси болууга жетишти. Балдарына татыктуу тарбия берүүнү алар ыйык милдет катары карашкан. Шамшы кайсыл гана кызматта жүрбөсүн үй-бүлөсү үчүн убакыт таап, баарына көңүл бөлө билчү. Айрыкча, атанын тарыхый уламыштар, санжыралар, жер-суулардын таржымалдары жөнүндө кызыктуу баяндары уул-кыздарынын дилине сиңип, көп окуп, көп



билүүгө умтулууларын ойготкон. Айтып гана тим болбостон бала-чакасын машинеге салып алып тарыхый жайларга, жаратылыштын кооз аймактарына саякаттаган учурларды эч кимиси унутпайт. Ал эми чет өлкөлөргө барганында балдарына эң баалуу белек катары китеп алып келчү.



*Шамшы Текенов үй-бүлөсү менен*

Ата-эненин жеке өрнөгү балдары үчүн тарбиянын башаты болду. Ар бири жогорку билимге ээ болуп, турмуштан өз ордун табышты. Улуу кызы Айнура дарыгердик кесипти тандап, Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун бүтүргөн. Ал жаш болсо да эгемендүү Кыргызстандагы медициналык реформаларды жүзөгө ашырууга чоң салымын кошо алды. Үй-бүлөлүк дарыгерлердин Ассоциациясынын Ош облустук бөлүмүнүн алгачкы төрайымы катары медицинанын бул жаңы тармагын түзүү жана калыптандырууда реформатордук жана жетекчилик сапаттары менен эл оозуна алынды. Көз карашы жаңычыл, билимдүү Айнура төрөпейилдиктен алыс илбериңки сергек мүнөзү менен замандаштарына сүйүнчүк жана сыйлуу. Азыркы учурда балдардын эл аралык «Евричайлд» уюмунун Ош облустук бөлүмүн жетектейт. Айнура институтту бүтүрүп, турмуш жолуна түшөөрдө атасы минтип насаатын айткан эле: «Өз ишиңди так аткар, бирок эч качан элдин колун караба!». Атанын бул асыл насааты көңүлдөн

кеткис болуп орноп калды. Жаш болсо да адал эмгектен табылган сый-урматка эрте жетти.

Шамшы менен Саадаттын уулу Аскар инженер-механикалык тармакка кызыгып, ошонун артынан түштү. Кенжеси Гүлжан финансы-кредиттик адистик боюнча билим алган. Бул да заманбап кесип. Айтор, «кимдин баласы» дегидей эле эмгекчил, ыймандуу, адамгерчиликтүү уул-кыздардын ата-энеси катары сыймыктаныша турган жөнү бар экен.

Пайгамбарлардын бири Алла-Тааладан тилеген экен: «Оо, Жараткан! Ачарчылык деген мүшкүлдү өзүм жеңе алам, өзүң токчулуктун кырсыгынан сактай гөр?!» - деп. Барчылыкка манчыркабай, кыйынчылыкка мүңкүрөбөй, жакшы турмуш, жаркын келечек үчүн күрөшүп, ыйманды таза сактоону парз кылган адамдын бактылуу жашаары Шамшы Текеновдун басып өткөн өмүр жолунан күзгүдөй чагылып турат.

## Жолболду Текенов



*Жолболду Текенов*

Адамдын артында кала турган эстелик – бул анын өмүрүн улай турган балдары менен кылган иштери. Жашоодон 25–30 жаштагы кырчындай кезинде, өмүргө, жаштыкка, балага тое электе, тоо томкорор күчү ашып-ташып турганда тирүүлүк менен мезгилсиз кош айтышса да Текен өзүнүн артына урпактары сыймыктанар чоң мурас калтырды. Атадан калган унутулгус эстеликтердин бири үчүнчү уулу төрөлгөндө жакшы тилек менен ыроологон «Жолболду» деген ысым болду.

Бул ысымдын коюлуп калыш таржымалы да өзгөчө. «Жалалабат-Тогузторо-Фрунзе» жолунун 1938-жылы башталган курулушунда Текен да иштеген. Жапа тырмак киришкен элдин күчүнө кандай иш туттөк. Миңдеген адам кетмен, күрөк, араба менен иштешип, кол күчү менен салынып жаткан жол бат эле бел таянып, бийик тоонун аркы бетиндеги өрөөнгө күндөн-күнгө



жакындай берди. Ошол курулушта Текен эки кишинин ишин бир жасаган камбылдыгы, ар кандай жумуштан баш тартпаган ак ниеттиги менен көзгө көрүнгөн.

Күзгө жуук жолдо иштегендердин баары катышкан жалпы жыйын өткөрүлүп, ударниктердин аты аталып, мыкты курулушчуларга сыйлыктар тапшырылды. Алардын арасында Текен да бар эле. Сыйлыкка тийген сукно кездемени кучагына кысып толкунданып турса айылынан келген сарыбулактык жердеши «Уулдуу болдуң!» деп сүйүнчүлөдү. Анын ушул учурдагы аталык кубанычын бөлүшкөн жакшы санаалаштар: «Жол болот деген ушул. Ылайым, уулуң да өзүңдү тартсын! Жолдуу азаматтардан болсун! Атын «Жолболду» деп кой!,-дешип ак дилдеринен дуулдашып бата беришти.

1939-жылы төрөлгөн Жолболду үч жашка чыгып-чыга электе кан майданга алгачкылардан болуп аттанып, 1944-жылы курман болгон атасынын өңү-түсүн, мээримин элестете албай калса да атанын кош кубанычка балкып турган жылдыздуу сааттарынын эстелиги катары «Жолболду» деген ысымды өмүр бою сыймык менен туу тутуп келди. «Болоор бала башынан» дегендей бир үйдүн кичүүсү катары эрке өскөн Жолболду бийик дымагы, бетке чабар курч мүнөзү менен оор басырык агаларынан айырмаланып турчу. Айылдын өз курдуу балдарына баш болуп, ойношсо оюнду кызытып жиберген да, көңүлүнө туура келбесе бузуп таштаган да эр көкүрөктүгү бар эле. Айрыкча, согуш оюнун ойношкондо «командир» дайыма Жолболду болот. Чогоолдугунан көп жапа чегишсе да негедир балдар ага тартылышып, айланасынан кеткилери жок.

Уулунун чыйрактыгы менен көйкашка тайманбастыгы апасы менен чоң энеге кээде калбаа да алып келчү. Чоң атасы Мамасейит устадан калган күмүш саптуу камчы, көмөлдүрүк, жүгөн, үзөңгү, басмайыл, ээр-токум сыяктуу ат жабдыктарын атасы Төкен курман болгондон кийин абалары бир-бирден сурап алып кетишкенин Жолболдунун кулагы чалып калган экен. Эс тартып калганында аталаш абасы Абдыкеримге барып «бериңиз!» - деп доолаптыр. Чоң үй-бүлөнүн эч кимиси тике карап сүйлөбөгөн, бардыгы ыйбоо кылуучу аксакалга «Эмне үчүн биздикин алып кетип каласыңар? Бергиле кайра өзүбүзгө!»,- деп айласын кетирет. Балага теңелбей жооткотуп кутулган абасы кийин келинине келип, өзүнүн капачылыгын сыйкор билгизет: «Сенин балдарың качантан бери доолаша турган болуп калды?». Кайнагасынан кечирим сурап, аябай уялган Сайкал уулун жемелеп-урушса: «Эмне үчүн биздикин

алып кетет, атам жок болсо биз барбыз го!» деп өз билгенин бербейт.

Жолболдунун жаш кезинде дагы бир шыгы улак тартыш оюнунан көрүндү. Тоолуктарда мыкты улакчылар өзүнчө табылгыс өнөрдүн ээси катары кадыр-баркка ээ. Топ атты жарып кирип улакты жерден эңип алуунун, бөктөрүп ала качуунун, алдын тоскондордон буйтап, эч кимге жеткирбей соорунга таштоонун кумарын таткан адам бул оюндун кызыгынан оңой менен баш тарта албайт. Күзгү жыйым бүткөндөн кийин кыш түшкүчө айылдагылардын эрмеги улак тартыш. Жакшы тилек менен өткөрүлгөн тойлордун шаанисин ушул оюн чыгарат. «Баланча тойдо улак бериптир» деп даңазасы бийик угулат. Кайсыл жерде улак болсо Жолболдуну абалары ала барышчу. Кийинчерээк, ага өздөрүнүн аттарын беришип, улак тартышка түшүүгө шыкак болушту.

Октябрь революциясынын күнү 7-ноябрда Калмаккырчын өрөөнүндөгү көп айылдардын улакчылары катышкан чоң улак тартыш өткөрүлдү. Буудайы орулуп алынган аңыздуу кең талаада топтолушкан калың эл кайсыл айылдын кандай мыкты улак чабары бар экендигин талкуулашып, өткөн оюндарды эскеришип, баарынын ой-сезими мелдештин кызыгына арбалган. Бул жолу көптү көрүшкөн аксакалдар дасыккан улакчылардан кем калышпай ээрге бек олтуруп, атын ойдолото нары-бери бастырып турган жашы он беш-он алтыдагы Жолболдуга көздөрү түшүп, «кимдин уулу, кайсыл айылдан?» деп сурап жатышты. Алардын кызыгуусу текке кеткен жок. Күйөрмандардын сүрөөнгө алган кыйкырык-чуусуна ансайын каны кызыган жаш чабендес топко тайманбай кирип, котолошкон аттардын бут алдындагы улакты шамдагайлык менен эңип алганы, жылдырбай бучкактагандардан күчкө салып суурулуп чыгып, атылган жебедей болуп ат чапканы менен көргөндөрдүн бүйүрүн кызытты «Баралына келгенде мыкты улакчы болот» деп болжол кылып калышты.

Топ айылдын улакчыларынын ичинен көп жолу намыс алып берген Жолболдуну жаш да болсо айылдаштары көтөрө чалып сыйлашат. Ал мектепти аяктаган жылы: «Сага жакшы ат алып берели. Шаарга кетип окуйм дегениңди кой. Апаңдын маңдайында жүрүп багасың» дешип азгырып да көрүштү. Жолболдунун өзүнүн оюна койсо да айылдан кеткиси жок. Бул турмушта булкунган буудан минип, кыйкырып улак чабуудан артык ырахат жоктой сезилет..

Бул кабар Ташкент шаарында аспирантурада окуп жүргөн агасы Жапарга да жетти. Инилеринин келечеги үчүн дайыма кам



жеген камкор ага тез арада бардык ишин жыйыштырып, айылга өзү келип, кыйылган инисин күчкө салып Фрунзе шаарына алып кетти. «Анчалык эле айылда жашоону жакшы көрсөң агрономияга оку. Институтту бүтүп келгениңче айыл эч кайда качпайт»,- деп боор толгоп акыл айткан Жапар инисинин тагдыр жолун туура болжоптур.

Апасы Сайкал да Жапарга кошулуп кичүү уулун окууга үндөдү. «Балам, убагында окуп ал. Акең Шамшыга удаа эле институтту бүтүп аласың. Мага караба. Үйдө жалгыз калып жатыптырмынбы. Шарапат бар го! Экөөбүз кыйналбастан оокат кыла беребиз»,- деп кесе сүйлөгөндө Жолболду каршы чыга алган жок.

Шарапат алардын бир туугандай жээни эле. Кичине чагында ата-энесинин көздөрү өтүп, томолой жетим калганда Сайкал балдарына кошуп багып алган. Шамшы менен тең чамалаш кыз үчөөнө бир туугандай болуп бир үйдө чоңоюп, бой жетти. Кийин Сайкалдын бир тууган иниси менен баш кошуп, өз бактысын тапты. Азыркы учурда ал -бала-чакасы менен неберелеринин сүймөнчүк энеси. Байбичелик дөөлөттүн үзүрүн көрүп, ырыстуу үйдүн төрүндө олтурат.

***

1961-жылы Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институтунун агрономия бөлүмүн бүтүрүп келгенден кийин Жолболдунун өмүр тагдыры айыл чарбасына биротоло байланды.

Бала чагынан картошка чаап, чөп оруп, жүгөрү, мисте өстүрүп каржала иштеген учурларда талаа ишинен тажагандай болсо, эми даркан дыйкан талаага жогорку билимдүү агроном, жаш адис катары көз салып, ысык-суугуна күйөөр, баа-баркын билээр жана аярлап асыраар убакка жетти.

Талаанын баркын дыйкан билет. Жолболду өз ишин - таңды талаадан тосуп, күндү талаадан узатып, бир түндө топурак жытын сагынып, ар бир көчөттү колу менен кармалап, көз нуру менен багып жүрүп өстүргөн пахтакерлер иштөөчү колхоздон баштады. Базаркоргон районундагы Социалисттик Эмгектин Батыры Өлмасхан Атабекова башкарган Фрунзе колхозунда ишке чыккан биринчи күнү эле турмуштук чоң сабак алды. Колхозго атайын жолдомо менен келген жаш адисти Өлмасхан Атабекова энелик мээрим менен тосуп алып, чай үстүндө акыл-насаатын, жакшы тилектерин айтып, көңүлүн жылыткан. Анын эртеси ишке кеч калбай барайын деп таң заарлап турган Жолболду түз эле конторага жөнөйт. Келсе эшик жабык. Жайкы талаа иштери кызып

турганда күн көтөрүлгүчө колхоздун чоңдоруңан эч ким келбегенине таң калып турса бир оокумда катчы кызды көрдү.

- Башкарма качан келет ишке? -деген Жолболдунун суроосуна катчы кыз «бырс» этe күлүп жиберди.

- Эже таң ата электе чыгат.

- Көрбөдүм го?

- Талаадан издеңиз.

Башкармадан тартып бардык жетекчилер таң жарый электе талаа четинде болушарын, ал эми конторага кечинде гана келишип, анан түн бир оокумга чейин олтурушуп маселелерди чечишээрин ошентип билди.

Бир жылдан кийин Жолболду улгайып бараткан энесине жакыныраак болуу үчүн Сузак районунун «Москва» колхозуна башкы агроном болуп которулат. «Алтын жылдыздуу» пахтакер эженин колунда иштеген бир жылдын ичинде дыйканчылыктын сырларына каныгып калса да билгенинен билелеги көп экен. «Москва» колхозу райондун борборунда жайгашып, пахтадан жогорку түшүм алуу боюнча облуста алдыга чыккан, өсүп-өнүккөн бай колхоз эле. Бул жерде негизинен жер сырын жакшы билген, мээнеткеч өзбек эли жашашчу. Колхоз жетекчилеринин ичинен Жолболду жалгыз кыргыз, болгондо да тоолук кыргыздардын өкүлү. Ошентсе да өгөйлөшпөй, же «жаш» деп жээришпей боор беришти.

«Москва» колхозунун башкармасы Абдрашид Абдыкадыров легендардуу Брест чебин коргоочулардын бири болгон. Көптү көргөн эстүү, иш билги адам эле. Жаш кезинде согуштун азап-тозогун башынан өткөрүп, адам кадырына эрте жеткен экен. Жолболду колуна келгенде атасынан беш жашында ажырап, жетим өскөнүнө боор толгоп, ага аталык мээрим менен көз салып, көчөттү бапестеп өстүргөндөй жаш адисти этият таптады. Ошол эле мезгилде Социалисттик Эмгектин Баатыры, «Алтын жылдыздуу» жетекчи талапты да катуу кое билчү.

Жолболду башкы агроном болуп иштей баштаган алгачкы учурлары иш жөнүндө ойлосо түн уйкусу бөлүнөт. Пахтадан түшүм алуу боюнча облуста алдыда келаткан абройлуу колхоздун мындан аркы ийгилиги башкы агроном катары анын кандай иштешине да байланыштуу болот эмеспи. Жерди сүйгөн жана дыйканчылык сырларын беш колдой билген колхозчулардан көптү үйрөнсө да, агротехникалык жаңы технологияларды, жерди иштетүүнүн илимий жолдорун пайдалануу боюнча алган беш жылдык билимин алар менен бөлүштү. Ишке дилгир, жөнөкөй, адамга жакын Жолболду тез эле элге алынып, кадыр-барк тапты. «Москва» колхозунда



иштеген 7 жылдын ичинде коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынат.

Түрмуштук жана адистик мыкты мектептен өткөн жаш коммунист 1971-1991-жылдары партиялык жетекчиликтин тепкичтеринен улам өйдөлөп жүрүп олтурат. Партиянын Ош облустук комитетинин инструктору, Баткен райондук комитетинин экинчи катчысы, эл депутаттарынын Фрунзе райондук аткаруу комитетинин төрагасы, андан соң ушул эле райондо партиянын райкомунун биринчи катчысы, Жалалабат облусунун айыл чарба башкармалыгынын башчысы болуп иштейт.

1992-1994-жылы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчылык кызматында жүргөнүндө Жолболдунун жарандык жана руханий жактан жетилип калган убагы эле. Тамыры миң-миң жылдардын тереңине кеткен кыргыз элинин даңктуу өтмүшү, эркиндикти туу туткан бийик руху жана өз алдынча мамлекеттүүлүккө ээ болгондон кийин дүйнөлүк коомчулукта ээлей турган орду жөнүндө өз көз карашы, ой-сезимдери курчуп жан-дүйнөсүнө тынчтык бербейт. Кыргыз эли кантип дүйнөлүк тарыхта байыркы эл катары сакталып калалды?! Эмне үчүн кылымдардын кыйырларында кумга сиңгендей жоголуп кеткен жок?! Душман алдында башын ийбеген бийик руху эмнеде эле? Желдей сызган кайберендей бийик тоолорду жердеген эркин, эр көкүрөк мүнөз кайдан бүткөн?!

Жолболду үчүн бул суроолорго мисалды алыстан издөөнүн кереги жок эле. Баатырдыгын бала чактан угуп өскөн эр бабаларынын бири Курманбектин күмбөзү ал жашаган айылда тарыхтын бир эстелиги катары сакталып турат. 500 жыл мурун жашап өткөн Курманбек баатырдын жоо келгенде кыйкырып кылычын кындан сууруп, эл-журтун коргогон эрдиги жөнүндө угуп чоңойгон санжыра-уламыштар көкүрөгүнө бекем орноп калыптыр. Ал эми жүздөгөн жылдары бою элдин эсинде унутулбай жашап келген менен Курманбектин күмбөзү эскирип, таланып-тонолуп бүткөнүнө жүрөгү ар дайым сыздоочу.

Көкарт өрөөнүнүн карт тарыхынын дагы бир бүркүмү болгон-жүз жылга жакын эл бийлешкен ата-баланын үч мууну Абдылда бий, Чыйбыл болуш, Нусуп болуш жана Жоробек болуштардын татаал, сыймыктуу да, кайгылуу да тагдырлары Жолболдунун көкүрөк-көөдөнүнөн кетпей жүргөн. Алар жөнүндө аңыз сөздөр эл оозунан өчпөй, муундан-муунга эскерилип келсе да атайын арналып белги тургузулбаганы атуулдук намысын козгобой койчу эмес.

Сузак жергесинин дагы бир даңктуу уулу, көзү көр болсо да көөдөнү жарык Барпы акындын алдында да урпактары чоң карыздар. Өмүр-өлүм, жашоо маңызы, улуу махабат, бири кем дүйнө жөнүндө жанды кейитип да, жибитип да ырдаган ырлары менен элдин рухун байыткан улуу талантка ушул кезге чейин эстелик коюла элек эле.

Жолболду Текенов жаңы доордун, эгемендүүлүктүн жел аргысын алгачкылардан болуп колдоп, көкүрөк ачты. Сузак районуна аким болуп келгенден кийин эң биринчи улут тарыхынын жана руханияттын өлбөс-өчпөс залкарларына айланышкан бул инсандарга сый-урмат көрсөтүүнү өзүнүн атуулдук милдети катары эсептеди.

Жолболдунун бул оюн кыргыздын намысына жараган дагы бир уулу, ошол мезгилде Жалалабад облусунда губернатор болуп иштеп жаткан Бекмамат Осмонов, андан кийин облус бийлигинин башчылык кызматына келген Абдыжапар Тагаев колдоп, мамлекеттик деңгээлде көтөрүп чыгышат.

Курманбек баатырдын күмбөзү тез арада элдин, демөөрчүлөрдүн каражатына курулду. Бул ишти бүтүрүүдө Жолболду бир мезгилде башкы агроном болуп иштеген «Москва» колхозунун эли да чоң бел болуп беришти. Өздөрүнүн уулундай болуп калган Жолболдунун урматына улуу-кичүүсү дебей тик турушуп, усталары күмбөздүн кышын кынаптап урушса, калгандары да колунан келген көмөгүн көрсөтүшүп, «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышкан» биримдик жана демилгелүүлүк жагынан башкаларды шыктандырышты. «Жакшылык жерде жатпайт» дегендей бир мезгилде өзү ак ниетинен кызмат кылган колхоздун эли анын кеткенине 20 жылдан ашуун убакыт өтсө да достук жана бир туугандык менен жүрөктөрүндө сактап жүрүшкөнүн ушинтип билдиришти.

Курманбектин күмбөзү менен тең катар эле Кекарт өрөөнүнүн белгилүү инсандары, бир туугандар: Нусуп бийге, Чыйбыл болуш жана анын уулу Жоробек болушка да эстелик тургузулат. Жол боюнан орун алган бул эстеликтер кийинки муундарды атуулдук эң бийик сезимдерге шыктандырары шексиз.

Сузак аймагынан чыккан дагы бир улуу талант Барпы акындын тагдыры менен чыгармачылыгы чындыгында кайталангыс. Ал артына чоң адабий мурас калтырды. Айрыкча Барпынын лирикалык ырлары кыргыз поэзиясынын туу чокуларынын бири катары бааланып жүрөт. Көп окуп, кыргыз жана дүйнөлүк адабиятын жакшы билген Жолболду акындын адам табиятын, жашоо сырын кылдат ачып, чыгыш даанышмандыгын өзүнө сиңирген терең маанилүү



ырларын жатка айтып, турмушунда дайыма эске тутчу. Бирок, кыргыз адабиятында гана эмес түрк маданиятынын бир түркүгү боло ала турган гениалдуу акындын арбагы сыйланбай, ушул кезге чейин ага арнап күмбөз, же эстелик тургузулбай келатканына кыжаалатчылыгы чоң эле.

1994-жылы көптөн бери жүрөгүн өйүп жүргөн ойлорун жүзөгө аша турган болду. Барпынын 110 жылдыгы республикалык деңгээлде белгилөө аракети башталды. Белгилүү адабиятчы окумуштуулар: Абдыганы Эркебаев, Кадыркул Даутов, Мухтар Маматалиев ошол мезгилде Жалалабат облусунун губернатору Абдыжапар Тагаев жана башка көкүрөктөрү бийик инсандардын демилгеси менен Барпынын күмбөзүн Бишкек шаарында тургузуу, Сузактагы Барпы айылында үй-музейин ачуу, чыгармаларынын толук жыйнагын чыгаруу жана адабий изилдөөлөрдү жүргүзүү сыяктуу иш-чараларды өткөрүүгө жакындан кол кабыш кылуу бактысы Жолболду Текеновго туш болду. Акындын арбагына, адамдык жана акындык бийик касиеттерине таазимин билдирди.



*Жолболду Текенов үй-бүлөсү менен Москва шаарындагы Кызыл Аянтта*

Аттиң десе, таш боор ажал жаш-карыны ылгабайт тура. Жолболду Текенов 60 жаш курагында арабыздан эрте кетти. Чыгыш ойчулдары айткандай «бири кем дүйнө» тура. Али эл-журтуна берери четинен оюла электе, эс-акылы толуп, даанышмандык куракка кадам коюп, жетилип турган убакта өмүр менен кош айтышты. Замандаштарынын болжолунда Жолболдунун күтүүсүз жерден көз жумушуна өлкөнүн ошол убактагы жетекчилиги тарабынан колдо бар асылды баалай албагандыгы да себепкер. Журтка баш-көз болоор тажрыйбасы артып, акылы менен айды чапчып турганда болбогон шылтоо менен кызматтан алынды. Кылым таңшыган кыргыз комузунун күүлөнүп турган кылы тырс үзүлгөндөй анын адистик жана жетекчилик иш билгилиги, билими менен аброю өкмөт

тарабынан бааланбаган терс мамилеге, мүмкүн, анын жүрөгү чыдабады.

Жолболду Текенов эл-журтунун, дос-туугандарынын жүрөгүндө иш дегенде ичкен ашын жерге койгон, акыл-парасаты жогору, турмушка көз карашы терең жана бийик адамгерчиликтүү элеси менен жашап келатат. Ошондой эле учугун улап, атын өчүрбөй, «Жолболдунун балдары» деп эл оозуна алынган 3 перзентинин өмүрүндө жашайт. Чынара, Зарипа, Бакыт чыгаан атанын татыктуу уул-кыздары боло алышты.

Жолболду Текенов жөнүндө кыска баяныбызга кошумчалай турган расмий маалыматтар бул: Ж. Текенов «Эмгек Кызыл Туу» ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, СССРдин ВДНХсынын алтын жана күмүш медалдары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин 12 - чакырылыштагы депутаты, Ош облустук Советтин 4 жолку депутаты, Баткен, Фрунзе, Сузак райондук советтеринин бир нече жолку депутаты болуп шайланган. Көп жылдар бою Кыргыз Республикасынын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп турган.

## Атадай камкор абалар

Жапар Текенов жана анын инилери аталык мээримге канбай калышса да аталаш абаларынын канаттарын жайган камкордуктарынан өксүү болушкан жок. Кыргыздын тууганчылыкты туу туткан асыл касиети бар. Улуусу өлсө анын үй-бүлөсүн кароо-кичүүсүнүн милдети. Жетим-жесирин талаага калтырбай, оокат-ашына каралашып, балдары эресеге жеткиче көз салуучу парзды Текендин бир туугандары да ак өтөштү. Анын үстүнө Мамасейит устанын беш уулу: Бек, Абдыкерим, Сейталы, Текен, Ысактын ата-эне жашаган «чоң үйдү» ыйык тутушкан каадаларынын да шарапаты тийди. Ата-бабаларынан мураска калган туугандык биримдик, намыс-ариет жана ынтымак балдарында уланды.

Жапардын апасы Сайкал балдарын «абаңарга айтам» деп сестентчү. Айрыкча, сабактан начарлап кетишкенинде, же тил алышпаса ушул сөздү айтуу жетишээрлик эле. Айыл ичинде кадыр-барктуу абаларды уят кылуу өлүмгө тете сезилчү. Абалар да омоктуу акыл-кеңештери менен балдарды түз жолго буруп, келечекти бийиктен мелжөөгө үндөп турушчу. Сайкал да өмүр бою





*Сарыбулак айылынын аксакалдары, ортодо Жапардын абалары: Бек, Абдыкерим жана Сейталы*

эч бир ишти кайнагалары менен кеңешмейинче жасабай, аларды бир тууганден бетер эш тутаар эле.

Жапар тестиер жашка жеткиче эң кичүү абасы Ысак менен бир үйдө жашады. Ал 30-жылдардагы айылдагы алгачкы билимдүү мугалимдердин бири болгон. Абасы анын эсинде узун бойлуу, ак сөөк келбетиндеги сымбаттуу жаш жигит бойдон сакталып келет. Дайыма колунан китеп, гезит түшпөй окуп, үйдө да гезиттердин тиркемелери, түрдүү китептер сакталып турчу. Орус - фин согушунун алгачкы күндөрүндө биринчилерден болуп кан майданга аттанган Ысак ушул күнгө чейин кабарсыз бойдон. «Өлдү» деген кара кагаз келбегенден кийин тууган-уругу андан түңүлө алышпай, узак жылдар бою жол карашып күтүп жүрүштү. Согуштун кызыл өрттү жаш жигиттин өмүрү менен кошо анын суудай тунук жана тоодой бийик максат-тилектерин да кошо жалмап, жер алдына жашырдыбы, же...? Үй-жай күтө элек абасы, а мүмкүн, кыз сүйүүгө да үлгүргөн жок. Анын «Билимимди улантып, чоң окууларда окуйм, анан үйлөнөм» деген ой-максаты бар эле.

Абаларынын эң улуусу Бек дыйкан адам болгон. Кампасы толо эгинден, короосу толо малдан үзүлбөй, өмүр бою өз турмушуна тың жашады. Тууганыңдын колунда бар болсо кайрымы тийбей койбойт эмеспи. Жапар каникулга келгенде далай жолу барбалаңдап сүйүнүп коюн союп сыйлаганы эстен чыкпай калды.

Сейталы абасы аттын мыктысын тандай билген саяпкерлиги жагынан таанымал эле. Кайсыл жерде жакшы ат бар деп укса аны сатып алмайынча жаны тынчыбайт. Сатып алган атын эң алдын агасы Абдыкеримге мингизип, ини катары сый-ызаатын көрсөтчү.

Абдыкерим абасы айыл активи болуп, өмүр бою ат үстүндө жүрүп өттү. Кызматы деле роль ойнобосо керек. Өзүнүн курч акылы, калыс сөзү, терең адамгерчилиги менен айылдаштарына кадыр-баркы чоң болгон. Жапардын эсинде: абасы аны атына учкаштырып той-ашка кошо ала барчу. Алар минген аттын алдына эч ким чыкпай, калгандары абасынан бир топ артта ээрчий бастырып келишчү. Төргө да аны биринчи өткөрүшөт.

Абдыкерим ошол мезгилде прогрессивдүү көз караштагы, алысты көрө билген киши болгон экен. Өзүнүн балдары менен кошо Текендин уулдарына да «окугула!» деп талапты катуу коер эле. Абасынын эки уулу айылда эң биринчилерден болуп жогорку билимге ээ болушту. Алардын өрнөгүн алышкан Жапар, Шамшы, Жолболдулар да борбордо окууга ынтызарланышты.

Үчөө тең студент кездеринде каникулга келишкен сайын абалары үймө-үй мейманга чакырышып, студенттерге колдон келген сыйын көрсөтүшөт. Кайра окууга кайтышканда алмак-салмак ат коштоп мингизип Таранбазарга чейин жеткирип келишээр эле. Анан чөнтөктөрүнө акча салып, жылуу сөздөрүн айтып узатып коюшат. «Апаңа кылчактаба, биз турабыз. Кор кылбайбыз. Сен эч нерсе ойлонбой оку!» дешчү бек-бек сүйлөп. Бул сөздүн, камкордуктун бир туугандарды шердентер деми кандай! Алардын ишеничин акташ үчүн бардык күчүн үрөп окуй баштašат. Абалары почтодон салышкан посылкаларды жана акчаларды алышканда студенттик жупуну жашоолору кандай байыса жүрөктөрүн да ошончолук жылуулук балкытат.

Жапар кандидаттык диссертациясын жактаганда Сейталы абасы коюн союп, кымызын жүктөнүп Ташкент шаарына барып кубанычына ортоктош болду. «Жетим жүрүп жетилген» инисинин ийгиликтерине төбөсү көккө жете сүйүнүп турган абасын көрүшкөндөр «Атаңбы?!.» дешкен эле.

Кайсыл бир даанышмандан минтип сурашыптыр:

- Өмүрүңүздүн кайсыл учурун текке кетти деп өкүнөсүз?



- Кимдир бирөөгө колдон келер жакшылыкты жасабай койгондо,- деп жооп берген экен даанышман.

Текендин балдары эр жетишип, колдорунан иш келе баштаганда Бек, Абдыкерим, Сейталы да алардын далай сый-урматын көрдү. Айылга келген сайын Жапар аларга атаган белек-бечкегин өзүнчө түйө келет да, өз үйүнүн босогосун аттап-аттабай туруп эң биринчи абаларына учурашууга жөнөйт. Той-тобур өткөрүшсө абалары алардын төрүндө олтуруп, сарпайдын алдын, жиликтин чоңун алат. Балдарынын, неберелеринин окуусуна, иштерине, же турмуш-шарттарына байланыштуу кандай маселе менен кайрылышса да үч бир туугандын кимиси болбосун жан дилинен жардам берүүгө жан үрөшчү.

Абаларынын көздөрү өткөндөн кийин тууганды бул ыйык биримдик алардын балдарында да уланып, качан болсо бири-бирине кайрымдуу, «өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк» болуп жашап келишет. «Ынтымак бар жерде ырыс бар» дегендей атактуу устадан тараган чоң үй-бүлө өнүп-өсүп, Калмаккырчын өрөөнүнүн атын чыгарышкак кыраандардын тобуна айланды.

# Умтулуу

## 2-бөлүм



## Умтулуу

Балалык кыялдан бай нерсе барбы. Бет алдыдан көрүнгөн бийик тоого жетем деп ашыгып, ага жеткенде артынан дагы башка тоолор көрүнгөндөй турмуш чексиз кең, өмүр түгөнгүс узун сезилчү өспүрүм куракта нелер жөнүндө гана кыялданбайсың. Айылдык мектепти аяктаардын алдында Жапарды не бир сырдуу, белгисиз жаңы жашоого кадам таштаарда жүрөктү апкаарыткан сүрдөө менен кошо бийик максатка умтулуунун эч нерсе тең келгис кудурет-күчү бийлеп жүрдү. Элеттик улан үчүн борбор шаардан жогорку билим алуу тилеги кээде кол жеткис таалайдай көрүнчү. Бирок, жүрөгү ошол максатка талпынып ээлигип кагат.

1951-жыл. Көкарт мектеп-интернаттын бүтүрүүчүлөрүнүн акыркы салтанаттуу чогулушунда анын катарында 27 классташ улан-кыздар тизилип турушту. Баары алынын жетишинче жасана кийинишкен. Колдорунда талаа гүлдөрү. Аларга окуучулук күндөрдүн он жылы көз-ачып жумгуча эле өтүп кеткенсийт. Он жылдык өмүрлөрү, балалык кайгы-кубанычтары, ууз достук жана тун сүйүү сезимдери калган мектеп менен коштошууга кыйылышкандай ар бири муңайыңкы.

Бул мектеп-интернат көбүнүн экинчи үйүнө айланып калган эле. Алыскы айылдардан келген балдар-кыздар жатаканада жашашты. Алардын ичинде Жапар да бар. Туулуп - өскөн Сарыбулак айлынан 40 чакырымдай алыстагы интернатта 3 жыл бою жатып окуп, каникул, же майрам күндөрү гана үйүнө келип туруучу. Үч жыл бою казыналык жатакананын темир керебетинде жатып, карандай чай ичип, кара бөлкө нан жесе да келечек жөнүндө жаркын ой-кыялдар ага демөөр болуп, ой-санаасын байытып турар эле. Мына эми ак эмгектин акыбети кайткан ырааттуу көз ирмемдердин кубанычын башынан өткөрүп жатат. Он жыл бою билимдин артынан сая түшүп келген Жапар бүтүрүү экзамендерин да жалаң «5» деген бааларга тапшырды.

- Текенов Жапар!

Мектеп директору Маматов Жоро анын ысмын өзгөчө шаңдуу үн менен атагансыды. Жапалдаш бойлуу кара тоголок уландын колуна аттестат тапшырып жатып, ага Фрунзе шаарындагы жогорку окуу жайына өтүү үчүн даярдай турган бир айлык курска жолдомо

берилгенин билдирди. Көкарт орто мектеп-интернатынын бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен Сатаров Жалил, Молдалиев Капар, Карабаев Кадыр төртөө ушундай артыкчылыкка ээ болушуптур. Бул кабар Жапардын көптөн көп көксөгөнү эле. Оңойго турбаган өз эмгеги аркылуу жеткен татыктуу жолдомо менен темир канатын күүлөп алыска учууга даяр.

Атайын жолдомо мектептер тарабынан сунуш кылынган мыкты бүтүрүүчүлөргө Эл агартуу министрлигинин буйругу менен берилээр эле. Ага ээ болгондор жергиликтүү бийлик тарабынан борбор шаарга жөнөтүлүп, ал жерде Москва, Ленинград, Ташкент, Алма-Ата, Фрунзе сыяктуу чоң шаарлардагы жогорку окуу жайларына тапшыруу үчүн атайын даярдыктан өтүшөт. Жапарга кошуп дагы үч классташын райондун борборуна алып келишкенде гана паспорт жана туулгандыгы тууралуу күбөлүк керек экендигин билип жүрүшөт. Эл депутаттарынын Сузак райондук аткаруу комитетинин төрагасы Мусулманкулов Жоронун катуу аракети менен аларга тез арада тийиштүү документтер да алынды. Жапардын паспортунда 1933-жылдын 18-майында туулган деп жазылыптыр. (Бирок, өзү кайсыл күнү төрөлгөнүн так билбесе да чоң энеси менен апасынын: «Тоок жылы эки кар жааганда төрөлгөнсүң, суук болчу» дешкен божомолу боюнча туулган күнүн өмүр бою ноябрь айында белгилеп келатат).

Анын окуйм деген дилгирлигине үйдөгүлөрү да каршы болушкан жок. Ошол жылы Абдыкерим менен Бек абаларынын уулдары Фрунзе шаарындагы педагогикалык институтту бүтүрүшүп, айылга мугалим болуп келишкен. Шаардыктарча таза, жарашыктуу кийинишкен, чач коюшкан жаш жигиттер айылдын көркү болушуп, баары аларга суктана карашса Жапардын апасы Сайкал да уулуна ошондой келечек каалабай коебу.

Абдыкерим абасы Жалалабатка чейин ат коштоп мингизип келип, темир жол бекетинде ак батасын берип узатып калды. Поезддин эки вагону жык өзүнө окшоп окууга баратышкан уландар экен. Темир ат кыймылга келип, бара-бара күүлөнүп шамалды жиреп аркырап жөнөгөндө Жапар өзүн бакыт жолуна түшкөндөй сезди. Чоң шаарлардагы атактуу окуу жайларында окусам деген тилеги өспүрүм кезинен көкүрөгүнө орноп, көздөгөн максатка талпынууга үйрөткөнүнө ыраазы. Эгерде ал бардык кыйынчылыктарга карабай жакшы окубаса, аракет кылбаса ушинтип өкмөт тарабынан окууга жөнөтүлөт беле. Эмки максаты институтту жакшы бүтүрүп, өз айлына мугалим болуп кайтыш... Мектепте иштеп, апасын, инилерин багат, элеттик ой-сезимдери



тунук балдар-кыздарга билим берип, айылдагы эң сыйлуу «мугалим» деген кесипке ээ болот...

Күжүлдөгөн поезддин терезесинен кетлей, өзү мурда көрбөгөн чоочун талаа, тоолордон көз албай тиктеп бараткан Жапардын жүрөгүн таза, улуу ой-максаттар ээлеп, көңүлүнө канат бүткөндөн бетер эргип турат.

***

50-жылдардагы Фрунзе шаары. Согуштун каат жылдарынан эми гана баш көтөрүп, канат-бутагын түзөп өсүп келаткан жаш шаар. Айрыкча, билим, маданият күсөгөн жаштарды кучагына магниттей тартып, жаңы муундун бешигине айлана баштаган. Маданий алгачкы очоктордон болгон «Ала-Тоо» кинотеатрында, кыргыз драма театрында коюлган кинотасмалар, спектаклдер аншлаг менен өтүп, Аалы Токомбаев, Алыкул Осмонов, Касымалы Жантөшев, Мукай Элебаевдер, Мидин, Райкандын китептери колдон түшпөгөн таберикке айланып, беш жылдыктардын ураандары сезим коозутуп, өлкө өнүгүүнүн жолунда күжүлдөп бараткандай сезилчү. Идеялар, ураандар менен шыктанган жаштар нан жана башка оокат-азыктар карточка менен ченелип берилүүчү өп-чап турмушка канаат менен карашат. Анткени, алдыдагы жаркын келечекке, «коммунизмге» жете турган күндөр да алыс эмес.

Поезд токтогондо Жапар эң биринчи эле темир жол бекетинин заңгыраган, архитектурасы көркөм эки кабат имаратына таңыркады. Чоң-чоң айнектери күн нуруна чагылышып жаркылдаган, каралжын түстөгү дубалдары текши, жылмакай курулган, көкүрөк керип заңкайган эки кабат имараттан, анын айланасындагы бири-бирине чаташкан көп рельстер, паравоз, вагондордон, түптүз кең көчөлөрдөн, кыйма-чийме машинелердин кыймылынан шаар цивилизациясынын кудурет-күчүн туйган Жапар сүрдөнө апкаарыйт.

Аларды темир жол бекетинде күтүп турган адам ээрчитип түз эле № 5 - мектеп-интернатына алып келди. Бул жерде аларды бир ай бою кирүү экзамендерине даярдашып, анан жогорку окуу жайларына жөндөмдөрүнө карай ирген жөнөтүшөт экен. Алгачкы сабактарда эле баарынын дараметтери билине баштады. Тең кырдуу балдардын ичинен Жапар математика, физика, география сабактарында эрдемсий түшөт. Анткени, бул сабактар боюнча борбор калаанын эң атактуу мектебинде окутуп жаткан агай-эжейлердин купулуна толо жооп берерине көзү жетип калган. Бир айлык даярдоонун мезгилинде кайсыл институтка, кайсыл

факультетке тапшыруу керек деген суроолорго биринчи жолу кабылды.

Мугалимдер күн сайын аларга жогорку окуу жайлары, факультеттер, түрдүү адистиктер жөнүндө түшүнүк беришет. Бирге окугандар көбүнчө Москва, Ленинград, Ташкент сыяктуу чоң шаарларга барып окууга кызыгышууда. Жапар жалгыз бой апасын, эр жете элек инилерин ойлоп, алыска кеткиси келбей кыңырылат. Анын үстүнө быйыл Фрунзе мамлекеттик мугалимдер институтунун базасында университет ачылат экен деген кабарды угуп калган. «Университет» деген сөз өтө шаңдуу угулуп, анда билим алуу институтка караганда алда-канча сыймыктуу сезилет.

Адегенде «геология» факультетин тандады, бирок, университетте мындай факультет жок экен. «Анын ордуна физика факультетине кирбейсиңби»,- деген агайынын бир ооз кеңеши анын болочок тагдырын чечип койгонсуду. Буга чейин «физик» болом деп ойлогон эмес. Эптеп жогорку окуу жайында окуп, аны бүтүргөндөн кийин айылга барып, мектепке мугалим болуп иштесем деген максаты гана бар эле. «Жолду баскан арытат» дегендей алдыга улам кадам шилтеген сайын турмуштун жаңы ой-кыры ачылып, түшүнүгү кеңейип баратат. Он-он беш күндүн ичинде эле элеттик баео улан жашоого жаңыча карай баштады.

Сабак бүткөндөн кийин топтолушуп шаарды кыдырышат. Айылдан буюм-теримдерин салышып көтөрө келишкен чемадандардын, анан өздөрү жатышкан бөлмөлөрүнүн кулпуларын шагыратып жипке тизишип, шымдарынын куруна байлап алышкан. Көчөлөрдүн түптүздүгүнө, таш жолдордо зымыраган машинелерге, көп кабаттуу имараттарга, заводдун эрте-кеч созулуңку чыккан гудокторуна сонуркагандары таркай элек. Бак-дарактуу скверлердеги өстүрүлгөн гүлдөрдү көрүшсө айылдагы талаа гүлдөрү элестеп, кусалык сезими жүрөктөрүн тызылдатат. Өкмөт үйүнүн колонналуу сүрдүү имаратынын жанынан өтүп баратышып, «Биринчинин» өзүн көрүп калчудан бетер моюндарын созушуп карашат. Баары-жокко аңкая тиктешкен, бири-бирин жөөлөй басышкан элеттик кейптери алыстан эле байкалабы, көчөдө чак түштө эле алардын акчаларын тоноп кеткендер да көп болду.

«Алатоо» кинотеатрынан биринчи жолу кино көргөндө Жапар көпкө чейин таасирленип жүрдү. Бул кино согуш жөнүндө экен. Орусча жакшы түшүнбөсө да, кан майданда жарылган бомбалар, окко учкан жоокерлер, төгүлгөн кан, жетим-жесир калышкан аял-балдардын көз жашы, концлагердеги кордук ага кырчындай кезинде согушта курман болгон атасын, өзүнүн жетим өскөн балалыгын эстетип, муун-жүүнүн бошотту, кайра алда-неге чыйралтты.



Жүрөккө терең баткан өксүк көп учурда аны жеңүүгө, адамдык бакытка ээ болууга умтулдурат эмеспи. Анын турмушка эркелей турган чагы жок. Бардык нерсеге өз күчү, катуу аракети менен жете алышы мүмкүн. Ата жетпей калган бак-таалайга сөзсүз уулу ээ болушу керек. Анткени, атасы ошон* үчүн курман болду. Балдарынын эркиндигин, бактысын, келечегин коргоп канын төктү.

Ушинтип ойлонгондо Жапар кантип китепке үңүлүп окуй баштаганын сезбей калчу.

***

Турмуш өз тагдыр жолун тапкан адамга берешен. Бул жарык дүйнөдө өзүнүн жолун табууга чындап аракет жасагандарды Жараткан колдойт. Биз жашообузда күтүүсүз ийгиликтерге туш болсок, же жолубуз ачылып, алдыга кеткен учурда «кокустук» деп ойлойбуз. Жарыкчылыктын сырын билишкен даанышмандардын, касиеттүү адамдардын айткандарына караганда Алла Таала өз жолун издеген жана анын артынан сая түшкөн пенделерин сүйүп, алардын тилегенин берет, көздөгөнүнө жеткирет.

Жапар «физик» болуу жөнүндө чечимин кокусунан кабыл алган жок. Жүрөгүнүн каалоосуна, өзүнүн шык-жөндөмүнө карай тандады. Аларды жогорку окуу жайларына өтүүгө даярдап жаткан мугалимдер: «XX кылым - техниканын, физиктердин кылымы. Техникалык революцияны мына силер жасайсыңар!» деп кызыктырган сайын физикадан өтөөр улуу илим жоктой сезилет. Бирок, ал кезде кийин бул илимдин Эверест чокуларын багынтаарын, илимдин доктору, академик болуп, илимий ири ачылыштарды жасаарын элестете да алган эмес. Балалык баео түшүнүгүндө окууну бүтүрүп барып, мектепте физика мугалими болуп иштесем деген гана каалоо-тилек болгон. Анын багына ошол жылы Кыргыз мамлекеттик университети ачылып, билимге суусаган кыргыз жаштарына кучагын кенен ачты.

Университеттин физика бөлүмүнүн биринчи курсуна кабыл алынган студенттердин баары эле Жапарга окшоп мектеп партасынан жаңыдан чыгып келгендер эмес экен. Фрунзе, Пржевальский шаарларындагы педагогикалык эки жылдык курстарды, техникумду бүтүрүшкөн жана мектепте мугалим болуп иштеп келишкен жашы улуу жигиттерден беш-алтоо жүрүшөт. Алардын окууга, турмушка болгон көз караштары, мамилелери да алда-канча олуттуу, билимдери терең көрүнөт. «Университет ачылды» дегенди угушуп борбор калаага талпынышыптыр. Мектептин жаңы бүтүрүүчүлөрүнө окшоп элеңдешпей өздөрүн

ишенимдүү кармашкан, көп нерсени билишкен, мугалимдер менен тең ата сүйлөшүшкөн курсташтарына Жапар да тартылып, бат эле бир тобу менен жолдош болуп калды. Алар: Арынов Асанбай, Жээнбаев Жаныбек, Бийбосунов Ильяс, Шамырканов Ыдырыс, Мамбетакунов Токтосун, Айтахунов Хайтахун, Козлов Петр, Лелеко Владимир, Высочанский Лева жана башкалардын ага студенттик турмуштун алгачкы таалимин алууда таасири чоң болду.


Сентябрда сабак башталып-башталбай студенттерди аптаптуу түштүктүн пахта жыйым өнөктүгүнө алып жөнөштү. Физика бөлүмүнүн биринчи курсунда окугандар Ош шаарынан алыс эмес Калинин колхозунун пахта талаасындагы шыйпаңга жайгашышты. Ичкендери арыктагы киргилт суу. Бир маал чоң кара казанда бышкан кылаңгыр суюк тамак берилет. Калган убакта көк даамданган, ичи чала бышкан кара бөлкө нан менен чай. Бирок, күнүмдүк тере турган пахтанын нормасы 50-60 килограммдан жогору. Ар бир күнү кечки тамак алдында тизилип катарга турушуп, ким канча пахта тергенин угузушат. Нормасын аткара албагандар уяткарылат. Аларды кээде ай жарыгында кайра пахта талаасына айдашат. Анткени, ар бир курстун, факультеттин, окуу жайлардын ортосунда уюштурулган мелдеште артта калууну кайсыл декан, куратор кааласын.

Шаарда өсүшүп, эңкейип талаа ишин кылып көрбөгөндөргө эле кыйын болду. Айрыкча орус улутундагы кыздар, уландар чанактан пахта үзүп алганды үйрөнгүчө бир далай убакыт кетти. Алардын терим маалында жүдөп, кыйналышканын көргөн адамдын боору ооругудай болсо, кечинде шыйпаңга келишкенде оргуштаган жаштык күч-кайраттары менен оюн-күлкү баштайт. Бири гитара чертип, экинчиси аккардион тартып, калгандары жер тепкилешип фокстрот, же чимирилишип вальс бийлешсе алардан өткөн шайдоот жана бактылуу жандар жоктой сезилчү.

Физиктердин ичинен пахтаны көп терүү жагынан Шалпыков Абдыкайым рекорд коюп жүрдү. Жапар да андан калышпайт. Кичинекейинен ишке бышкандыгынын пайдасы тийди. Кээ бир студенттерге окшоп эки жакты карап, сүйлөшүп, же пахтасы көп жерди издеп ары-бери баспайт. Өзүнө бөлүнгөн жөөктөн чыкпай, жалгыздап тергенди жактырат. Курсташтары анын фартугунун көз ачып-жумгуча кампайып чыкканына таң калышып, тамашага чалышат. « Бир нерсе салып алат окшойсуң?» деп текшерип да көрүшкөн. Пахта терими бүтөөрдө 300 сомго жакын акча колуна тийди. Мынча көп акчаны кармап көрбөгөндүктөнбү жанына батпай ысытканычы. Фрунзеге келгенде түз эле базарга жөнөштү. Эң биринчи эле өзүнө костюм-шым, бут кийим сатып алды. Жазгы, кышкы бир сыйра кийимин жаңылагандан кийин, калганын тамак-ашка деп чемоданынын түбүнө катып койду.



Окуу күздү аяктатып башталды. Университеттин жападан жалгыз үч кабат имараты Фрунзе көчөсүндө жайгашкан. Алдында эки жатаканасы бар. Жапардын беш жылдык студенттик өмүрү ошол жатаканалардын биринде өттү. Бөлмөдө көлдүк, нарындык жигиттер менен бирге жатат. Ушул жерде биринчи жолу ким «саяк», ким «бугу» деп, уруу сүрүштүргөндү билди. Өзүнүн ата-теги кыргыздын чоң урууларынан болгон Басыз уруусунун бир бутагы Каман тобунан экенин кулагы чала жүргөн. Жапар уруусун айтса «Чыгаандардан кимиңер бар?» деп такмалашат балдар. Ошондо Курманбек баатырдын жеринен болоруна биринчи жолу сыймыктанды. Элин жоодон коргоп курман болгон баатырдын ысмы кыргыз жеринин алты дубанына таанымал экен. Эл-жер үчүн кызмат өтөгөн улуу инсандар бир гана өз уруусуна гана эмес бүткүл адамзатка таандык болот тура. Эр азамат адам өз Ата-Журтунун тарыхын, өтмүшүн жакшы билүүсү зарыл экендигин аңдагандан кийин карылардын санжыралуу кебине кулак салып, тарыхый эмгектерге кызыга баштады.



*Жапар –КМУнун 1-курсунун студенти (сол жакта), жанында классташтары жана курсташтары: Жалил Сатаров жана Капар Молдалиев* (1951-жыл)

Университеттин физика факультетинин биринчи курсунда түштүк жактан бир өзү эле окуйт. Курсташтарынын көпчүлүгү ар кыл улуттун өкүлдөрү, дээрлик орус тилдүүлөр. Өзүнө караганда шаардыктардын жана мурда мугалимдерди даярдоо курстарын бүтүрүшүп, иштеп келишкендердин билими алда-канча тыңдыгын көргөндө кыйла сүрдөй түштү. Анын үстүнө лекциялар да биринчи күндөн эле орусча өтүлө баштады. Мугалимдердин көпчүлүгү орус улутундагылар жана Москва, Ленинград университеттеринде окушуп, ошол жактан илим жактап келишкендер эле. Физикадан сабак берген Полтавский Александр Васильевич, Спектров Лев Аронович, матанализден Сухомлинов Георгий Акимович, геометриядан Быков Яков Васильевич, тарыхтан Малабаев Мырзабек, политэкономиядан Мураталиев Бейшен Тоголоковичтер лекция окушуп, же семинардык сабактарды өтүп жатышканда Жапар илим-билимдин зор океанынын жээгинде тургандай апкаарыйт. Ошол чексиз кең жана терең океанды сүзүп өтүүгө өзүнүн кудурет-күчү жетишээр бекен?!.

Алгач орусча жакшы түшүнбөсө да алардын ар бир сөзүн кунтун коюп угуп, өз алдынча иштөө үчүн берилген тапшырмаларга тыкан даярданып жүрдү. Семинарлар башталганда алынын жетишинче суроолорго жооп берүүгө далалаттанчу. Анын бул аракетине мугалимдердин да көзү түшүп, сабак учурунда ага жан тартуу менен мамиле жасашкансыйт. Бир гана химия сабагына тиши өтпөй, татаал формулаларды орусча айтууда тили күрмөлбөй дудалактанып жүрдү. Кышкы семестрде да ушул химиядан экзаменден кулады.

Жапар жаш өмүрүндө турмуштун көп эле соккуларын алган. Алардын эң оору ушул болду. Кышкы, жайкы семестрлерде экзамендерден «үч» алып, же зачет, экзамендерди тапшыра албагандар стипендияга жетпей калат. Көпчүлүк студенттер үчүн стипендия жашоонун негизги каражаты эле. Үнөмдөп жумшасаң тамак-ашка, киного, китеп-дептер сатып алууга кеңири жетээрлик. Үйдө эки инисин эптеп багып жаткан апасын ойлосо стипендиясыз кантип окууруна көзү жетпей ичи уйгу-туйгу. Пахта теримден эмгек акысына алган акчасы да түгөндү. Жол киреге деп сактап койгон тыйыны гана турат. Акыркы күндөрү чала тоют курсак кыйнап жүрсө да жол кирeгe деп сактаган акчасына тийген жок. Жарым жылдын ичинде туулган үйүнө, апа-инилерине, эл-журтка кусалык сүлүктөй соруп жүрдү. Айылдын бейгам жашоосу, кышын-жайын таң саарлап турган апасынын акырын эркелете ойготкону, буудайдын унунан тандырга жапкан ысык наны, эрте менен уй-койлорду жайытка айдап бараткандагы таноосун ачыштырган таза аба, күн нуру



жалаган күмүш гоолордун залкар сулуулугу, алышып ойношчу бир туугандары көздөн учуп, көңүлүнөн кетпей, канаты болсо учуп жеткидей болот.

***

Каникулга тараган күнү эле кышкы жолдун азабына карабай поездге олтуруп, Жалалабатты көздөй жол тартты. Жолдо өткөн бир сутканын ичинде кургак нанды күрмөп, суудан жутуп коюп ач курсагын алдап келатса да, туулган үйдүн мээримин элестетип жүрөгү элжирейт. Өзүндү күтүп, жол карап, бардык жаман-жакшыңа карабастан сүйүп-бөпөлөчү кымбат адамдарыңдын бар экендиги кандай бакыт. Алардан алыста жүрсөң да эстеген сайын көңүлүң жылып, жүрөгүң байый түшөт. Эң чоң уул катары бир үйдүн таянычы экени да эч убакта эсинен чыкпайт. Бул жоопкерчилик аны тынымсыз курчутуп, илгери жетелеп турат. Эркелей турган чагы жок, окууну жакшы бүтүрүп, апасын, инилерин багышы керек. Шамшы менен Жолболду эресеге жетишкенде аларды да жогорку окуу жайларынан окутушу керек.

Өзүнө чоң үмүт жүктөшкөн апасына, инилерине, абаларына бардык экзамендерди жакшы тапшырдым деп кубантты. Бир экзаменден кулап калганын, эми жайкы семестрге чейин стипендиясыз окуурун айтууга оозу барган жок. Бир чети намыстанып, бир чети апасын аяды. Ал тургай поездден түшкөндөн кийин Жалалабаттан Сарыбулак айылына чейинки 40 чакырымдай жолдо жөө келатып караңгыда Кыдырманын муз каптаган төтө жолунда тайгаланып, дарыяга түшүп кете жаздаганын да билдирбеди. Айыл-апа, туугандары ал жоо сайып кайткандан бетер биринин артынан бири келишип учурашышып, үйдөн киши үзүлбөй жатты. Баары ага чоң окууда окуган, келечеги кең мырза жигит катары ызаат менен сүйө карашып, «бактылуу бол» деп алкашат. Алардын көз карашынан өзүнүн балалык доордон өтүп, шаардык студент жигит болуп калганын туйганда ансайын зыңгырап бой түзөй түшөт. Абалары биринин артынан бири мейманга чакырышып, тапкандары козусун, кембагалыраагы тоогун союшуп сыйлашты. Апасы Сайкал да уулунун жанында төргө олтуруп, жетине албагандыктан чекеси нымшып, ууртунан бактылуу күлүмсүрөө баш багат. «Көрүнгөн тоонун ыраагы жок» дегендей жесир тагдырынын акыбети кайтаар ырааттуу күндөргө да ушинтип жете баштаганына ыраазы.

Каникулдан келгенден кийин Жапар окуунун артынан катуу түштү. Сабактан кийин дароо Чернышевский китепканасына жөнөйт. Студенттер бул китепкананы «Чернышевка» деп сүймөнчүк

менен атап коюшкан. Анын окуу залынан түштөн кийин жай табуу өтө кыйын эле. Өзүнө окшогон студент улан-кыздар толуп кетишет. Ошондуктан, алардан озунуп барып орундук ээлеп алыш үчүн окуудан чыгаары менен китепканага чуркап жөнөйт. Анан лекция жазган дептерлерин кечке кадалып олтуруп окуп, китептерди барактап жатып түн киргенин да байкабай калчу. Жатаканага келсе бөлмөлөш балдары «Ии, мударис!» деп тамашага салышып тосуп алышат. Же өздөрү да киного, же бийге кетишип, кеч кайтышат.

Буга чейин Жапарда студент аттуунун бардыгы жакшы окуйт деген түшүнүк болгон эле. Курсташтарынын көпчүлүгүндө, а түгүл өзү менен бир бөлмөдө жашашкан жолдошторунда билимге кызыгуу, окууга умтулуу анчейин эмес экендигине, а түгүл элдир-селдир билими барлар деле окуп жүргөнүнө аябай таң калчу. Бирок, аларга атаандашар жөнү жок. «Артта Москва турат!» дегендей анын артында өзүнө чоң үмүт-ишенич менен карашкан апасы, абалары, бир туугандары турат. Төрт баланы жалгыз бой багып, эресеге жеткирем деп кыйналып, ден соолугунан, жаштыгынан айрылган апасын таштап, кандай максат менен алыста жүргөнүн унутпашы керек.

Жапардын апасы жарым кап жупка бышырып салып берген. Көлдүк балдар арпадан максым жасашат экен. Ошентип бир айча оокат-аштан кыйналбай жашашты. Анан каникулдан кайтаарында абалары «шаарга барганда чай ичип кой» деп чөнтөгүнө салышкан азын-оолак акча кыш чыкпай түгөндү. «Акча керек» деп айылга кабар берсе жооп жок. Кийин укса абасынын бири Сайкалга минтип акыл айтыптыр: «Уулуң акча десе эле жөнөтө бербе. Аз-маз кыйналсын. Ысык-суукка ошентип бышат». Кайнагаларынын сөзүнөн чыкпаган Сайкал баласын ойлоп жүрөгү толгонсо да көпкө чейин каржы жөнөтпөгөнү ушундан улам болуптур.

Жазга жуук чөнтөгүндө бир тыйын жок ачкачылыктын кыйынчылыгын тартты. Же утурумдук карызга акча сурай кое турган тууган-урук жок. Бирге окуган балдардын да ашыкча тыйыны жок экендигин көрүп турат. Акыркы күндөрү ичкен-жегени жалаң арпа максым гана болуп калды. Муздак максым ач курсагын курулдатып, ансайын оозунан кара суу келтирет. Бара-бара ыкшып жөтөлгөн сайын ак көбүк кусчу болду. Буга кыжаалат болсо да университеттин медициналык пунктуна барып көрүнүштөн тайсалдайт. Кокус дарыгер: «ооруп калыпсың, ооруканага жат» десечи? Анда дагы окуудан мүчүп, стипендияга жетпей каламбы деп чочулады.

Экинчи семестрде Жапар сабактардан бир топ тыңый түшкөнүн өзү да байкады. Жайкы сессиянын семинардык сабактары, зачет,



экзамендер башталганда мурдагыдай кыйналган жок. Группадагылар жатакананын окуу залында, же бир бөлмөгө чогулушуп, даярдыктарын талкуудан өткөрүшкөндө көпчүлүк учурда Жапар аларга окуп-түшүнгөндөрүн айтып берет. Ошенткен сайын өзүнүн да билими бекемделип, сынактарга ишенимдүү кирчү болду. Башкалар колдонушкан шпаргалкалар менен куралданууга кызыккан жок. Барак-барак толтуруп шпаргалка жазгандан көрө башында сактоонун пайдасы чоң эмеспи.

Жайкы семестрди жалаң «4» деген бааларга тапшырып, көңүлү жайлангандан кийин гана медпунктка кайрылды. Ак халат кийген орус дарыгер аял аны көпкө тыңшап, анан:

- Ты родом откуда?- деп сурады.

- Жалалабад.

- У вас там молоко, кефир есть?

-Все есть!,- Жапар орусча чала-моңол сүйлөп калган.

- Вот и хорошо! Когда на каникулы поедешь постарайся пить побольше молока, кефира и все будет нормально,- деди дарыгер аны жайгара сүйлөп.

Каникулга айылга келгенинде бул жөнүндө абасы Абдыкеримге айтты. Кайненеси өлгөндөн кийин Сайкал жайлоого чыкпай калган эле. Абасы анын сөзүн угуп ойлонуп калды. «Эки-үч күн апаңдын жанында туруп тур. Оор иш кылба!»,- деди анын бозоргон өңүнө, илмейип арыктаган кебетесине камтама боло тиктеп. Үч күн өткөндөн кийин атына учкаштырып алып өздөрү жайлашкан жайлоого алып жөнөдү. Абасы жолдун алыстыгына карабай жайлоолордун малга жайлуулугуна карай тандап кончу. Атчан эт бышымчалык убакытта жол жүрүп жетишсе да арча-карагайлуу, тунук булактуу, килемдей көйкөлгөн жашыл шибер жайлоонун таза абасы, жаңы саалган сүттүн буркураган жыты, нак сүттөн уютулган жуурат айрандын май татым даамы ачкадан кыйналган күндөрдүн эсесин чыгарып, тез эле өзүнө келе баштады. Чоң апасы каймак-сүтүн анын оозуна тутуп, тез-тез талканды майга көөлөп берет. Жайлоого келгенден көп өтпөй Жапардын ак көбүк кусканы калып, өңүнө чыга түштү. Мурдагыдай алы куруганы да азайып, каруусу күчкө толуп баратат. «Кой» десе болбой тоого чыгып барып отун сүйрөп келет. Чөп бышкан маалда кериле чалгы чаап - жыйнап, жолго жакын жерге үйүп да койду.

Жайкы каникулда жакшылап эс алгандан кийин 2-курста көп деле кыйналбай окуду. Стипендия алып, үйдөн анча-мынча келип турган акча ага кошумча болуп, жеген-ичкени да кенеле түшкөн. Орус тилин кыйла өздөштүрүп, өз билгенин айтууга дарамети жете баштаган. Куулук-шумдугу жок баео жана аракетчил мүнөзү жагабы,

мугалимдер да ага сүймөнчүк менен мамиле жасашат. Эки семестрдин тең экзамендерин «эң жакшы» бааларга тапшыргандан кийин анын сүрөтү университеттин «Ардак тактасына» илинди.

***

Студенттик жылдар... Ар бир өткөн күн менен турмушту таанып, адам катары өсүп-жетилүүнүн мезгили. 3-курста окуп жаткандан баштап Жапардын келечекке көз карашында чоң өзгөрүүлөр жүрдү. Мурда эл катары жогорку окуу жайын бүтүрүп барып, мектепте мугалим болуп иштейм деген гана ой бар эле. Эми андан да бийигирээк максатты көздөгүсү келет. Буга бирге окушкан, өзүнөн 3-4 жаш улуу, тажрыйбалуу жигиттердин чөйрөсүнө ыктаганы да себепкер болгонсуду. Алар менен бирге пиво ичишип олтурушканда, Фрунзенин көчөлөрүндө сейилдеп басып жүрүшкөндө, же киного барышканда ар кыл темада ой бөлүшүп, талаш-тартышуу кызыктуу сезилет. Беркилер да аны жашсынтпай боорунa тартышып, теңата мамиле жасашчу. Көбүнчө сүйлөшкөн сөздөрү окууну аяктагандан кийин эмне кылуу керек деген маселенин айланасында болот. «Аспирантура» деген сөздү да биринчи жолу алардын оозунан укту. «Аспирантурада окуш керек. Илим жактап, чоң ачылыштарды жасоо керек» деп жаштык сезим менен делбеленип айтышкан сайын Жапар да ичинен ойлонуп калат: «Менин алардан эмнем кем? Аспирантурада мен деле окусам болбойбу?»



*«Жалындаган студенттик курагым». Курсташтар: алдыңкы катардагы сол жактан экинчи- Жапар, жанындагы Жаныбек Жеенбаев (болочок академик, УИАнын президенти). 1954-жыл*



Өзү болсо курстун алдыңкы студенти, барган сайын окууга болгон ынтызарлыгы да артып, өз күчүнө ишене баштаган убагы. Бирок, ийгиликтин чеги болууга тийиш эмес. Улам тереңдеп окуган сайын билгенинен билелеги көп экендигине көзү жетип, кээде илимдин чалкыган океанынан сүзүп өтө албоочудай жүрөксүү сезимине кабылат. Ошол жылдары өлкөдө илимий-техникалык прогресс күч ала баштаган. Физикалык илимдин изилдөөлөрү техникалык жаңы тармактарды жаратып, өнөр жай индустриясынын өнүгүшүнө түрткү болгон учур. Термоядролук физика, атом энергиясын колдонуу, космосту изилдөө сыяктуу улуу максаттар дүйнөлүк коомчулуктун бүйрөсүн кызытып, XX кылымдын дүбүртү катуулап угулгансыйт. Дүйнөнү таанып-билүү, анын мыйзамдарын адамзаттын өнүгүүсү үчүн колдонууга күч алган аракеттер физика илимине таянарын түшүнгөн сайын Жапар ошол тармактарда иштеп жатышкан окумуштууларга тымызын суктанат. Бирок, аларга жетүү ага кайдан. Азырынча сабагын тың окуп, университетти ийгиликтүү бүтүп алсынчы. Экзамендердин кайсынысы болсо да эң алды болуп топ жарып кирип, «5» деген бааны алып чыгуу ага көнүмүш болуп калса да, өзүнө белгисиз алда-неге болгон умтулуу жанын жай алдырбай жүрдү.

Ошол эле убакта аны менен бир бөлмөдө жатышкан жолдош балдардын беймаксат күн өткөрүп жүрүшкөн бейгам мүнөздөрү таң калтырат эле. Зачет-экзамендерде студенттердин эң артында киришип, шпаргалкалардын жардамы менен «орто» баага тапшырышса да кам жешпейт. Эртеңки күнүнө да кайдыгер карашат. «Эртерээк бүтсөк экен...» деп калышчу окуудан тажагандай. Алардын бар болгон ой-максаттары эле: эптеп университетти бүтүрүшүп, жогорку билимдүү болушса, анан мектепке барып иштешсе... Мындай студенттерден көбүнчө ортосаар мугалим чыгып, окуучуларга түзүктөп деле билим бере алышпасын ойлосо зээни кейий түшөт. Текке кеткен азиз өмүр, кайран билим...

Жапар акыркы курстарда күндүн нурларынын спектриалдык анализин жасоо, оптикалык спектрокопиялык өлчөө боюнча курстук иштерди жазып жүрдү. Жаратылыш кубулуштарынын тилин түшүнүп, алардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, ортолорундагы байланышты аныктоого боло тургандыгы физиканын керемети эмеспи. Апасына, абаларына күндүн нурун өлчөп, анализдеп жатам деп айтса ишенишээр беле деп ичинен ойлоп, жылмайганын өзү да байкабай калчу. Дүйнө-материяны илимий жактан таанып-билбеген адамдарга күн жөн гана жерге нурун төгүп, жарык жана жылуулук берчү нерсе. Андан башка күндүн физикалык касиеттери жөнүндө

түшүнүктөрү жок. А түгүл көзгө көрүнбөгөн абаны да ченеп, өлчөөгө, кандай экендигин сүрөттөөгө болорун айтса ишенишпесе керек. Дүйнөнү физиктин көзү менен кароо канчалык татаал жана кызыктуу. Кең аалам толук изилденип бүтө элек. Жапардын энчисине да жаратылыш кубулуштарынын али эч кимге белгисиз жактарын ачуу бактысы буюргандыр. Бул кыялы физикага болгон сүйүүсүн ансайын күчөтөт.

5 - курста дипломдук ишин ушул темада жазды. Буга чейин курстук иштерде түптөлүп калган багытта өз алдынча жүргүзгөн бир топ изилдөөлөрү, илимий тыянактары окумуштуу мугалимдердин көңүлүн бурду. Студенттик дипломдук ишти коргоого катышкан университтеттин окутуучулары, илимдин кандидаттары жана профессорлору ага «эң мыкты дипломдук иш» деп баа беришти. Көп узабай Жапардын бул эмгеги университетте чыгуучу илимий жыйнакта жарык көрүп, анын илимий ишмердүүлүгүнүн тушоосун кести. Ошодон улам аны илимге жөндөмдүү деп табышкан мугалимдер бир оздон аспирантурада окуусун улантууга сунуш кылышты. Факультетте кафедра башчысы болуп иштеген мыкты мугалимдердин бири Спектров Лев Аренович «Түштүктөн да кадр, окумуштуу физик чыксын» деди тамашага чалып. Дагы бир ага ак жол каалап, колдоо көрсөтүшкөндөр: Кариневская С.А. жана Энгельшт В.С. болду. Баарынын көздөрүнөн өздөрү тарбиялап-окуткан студенти үчүн сыймыктануу жана ишенич байкалып турду.

Жапардын жүрөгүндө да алардын ак пейлине, чыныгы окутуучулук сапаттарына ыраазычылык менен эреркөө толуп ташты. Ал эң мыкты мугалимдердин колунда окуп, таалимин алуу бактысына ээ болуптур. Ушундай устаттарынын камкордугу менен жеңилден оорго, белгилүүдөн белгисизге, жакындан алыска карай умтулуунун шарапаты тийди. Эч кандай тааныштык, же башка себептерсиз эле билими, жөндөмү адилет бааланды. Илимий кадрларды өтө камкордук менен өстүрүүнүн, илимге-билимге таза мамиле жасоонун доорунда багы ачылып жатат. Кыргыз мамлекеттик университетинин физика факультетинин алгачкы бүтүрүүчүлөрүнөн аспирантурага жолдомо алышкандардын ичинде Арынов Асанбай, Бийбосунов Илияз, Шамырканов Ыдырыс, Жээнбеков Жаныбек менен кошо Жапар да бар эле. Буга шерденген жаш жигит турмуштун дагы бир бийиктигин мелжеп, ага карай зор максат, аруу тилек менен жолго чыкты.

Кийин өмүрдүн далай белестерин ашып, турмуш жолун арбытып баскан чагында да студенттик убагын толкунданмайынча эстей алчу эмес. Алыскы тоолуу айылдан 17 жашында борбор калаага биринчи жолу келген улан университетте билим алган 5



жылдын ичинде жетилүүнүн жана турмуштук чоң мектептен өтүптүр. Студенттик жылдар жаштыктын ала-көөдөн дымагы күч кызыктуу жашоосу, махабат сезиминин, дос-жолдош күтүүнүн, адамды таануунун алгачкы сабактары, окуунун жана өз алдынча турмуштун кыйынчылыктары менен унутулгус жана кымбат көрүнөт. Жаңы ачылган университеттин дараметтүү факультеттеринин бири болгон физика-математика факультетинде окуу тоолук уланга да оңойго турган жок. Бирок, алдына чоң максат койгон намыскөй жигит тырышчаактыгынын жана мээнеткечтигинин аркасында көп кыйынчылыктарды жеңип, өз катарынын алдыңкысы болууга жетишти. Ал университеттин дипломуна ээ болуп, аспирантурага жолдомо алганда «мээнетиң катуу болсо татканың таттуу болорун» биринчи жолу сезип-туйган эле. Бирок, бул алгачкы ийгиликтен башы айланып турган учурунда алдыда дагы далай жеңип чыгууга туура келерин, «жашоо-бул тынымсыз күрөш» экенин жана максат жолундагы оорчулуктарды элестете алган эмес. Жаш кезде адамга дайыма оптимизм менен жигердүүлүк мүнөздүү эмеспи.

Жапардын студенттик өмүрдөн тапкан дагы бир байлыгы –бул достору эле. Бир курста, бир тайпада бирге окушкан улан-кыздардын ичинен да өзгөчө көңүл жакындары болот. Жаштыктын таза ой-сезими менен табышышкан курсташ жолдоштору Жаныбек Жээнбаев, Ильяс Байбосунов, Абдыкайым Шалпыков, Жээнбак Абылкасымов, Гулумбубу Осмоноалиева, Ыдырыс Шамырканов, Мурат Кудаяровдордун жүрөктө калган жылуу элестери ушул күнгө чейин ага кымбат. Ал эми бир жердин суусун ичип чоңоюшкан жердештери: Ташмырза Айтмурзаев, Бегимкул Торогелдиев, Саиддин Жээнбеков, Мамат Оноров, Азимбай Кулбаев, Кыргызбай Бакиев менен да өмүр бою кол үзүшпөй, келим-кетим мамиледе келатышат. Жолдошторунун ар бири кайталангыс кулк-мүнөзү, адамдык бийик сапаттары менен анын купулуна толуп, өзүнө тартып турчу. Алардын ичинен Жапардын дагы бир өтө жакын досу, жаштыктын ууздай таза жана кызыктуу күндөрүн бирге өткөрүшкөн Абдыкайым Шалпыковдун өтө жетиктиги жана уюштургуч таланты жаш кезинен эле байкалган. Фрунзе шаарындагы өзү окуган атактуу № 5 мектепте класстын старостасы болуп жүргөнү бекеринен болбоптур.

Экөө университетте, андан кийин аспирантурада бирге окуп, бир бөлмөдө жашашып, алгачкы эмгек жолдорун да Кыргыз илимдер академиясына караштуу Физика, математика жана механика институтунда бирдей башташкан эле. Абдыкайым оюн-зоокту кызытып жиберчү тамашакөйлүгү, ачык-айрымдыгы менен ойноо оюнга, күлсө күлкүгө тойбогон жаштык күндөрдүн көркүн

ачып турчу. Дээринен оор басырык, бир сырдуу Жапар экөөнүн мүнөздөрүндө окшоштук жок болсо да рухий дүйнөлөрүнүн жакындыгы бири-бирине ылым санатабы, айтор эгиз козудай ажырашчу эмес. Ички сырларды жаап-жашырбай бөлүшө турган, кайгы-кубанычыңа ортоктош, сүйлөшүп сөздөрү түгөнбөгөн мындай таза жолдоштук жаш өмүрдүн энчисине гана буюрат эмеспи. Каникул күндөрүн экөө ээрчишип алып же Абдыкайымдын туулуп-өскөн жери Чүйдүн Чоңташ айылында, же Жапардын Сарыбулактагы үйүндө бирге өткөрүүгө куштар. Ар биринин үй-бүлөсү бул достукту кубатташып, аларды кучак жая тосуп алышчу. Досунун агасы Абдыкерим менен анын аялы Жаңгак Жапар үчүн да бир туугандай жакын болуп калышкан. Фрунзе шаарындагы филармониясында иштеген аяш агасы бала-чакасы менен батирде жашашса да көңүлү кенен, меймандос, ичинде кири жок асыл адам эле. Жубайы Жаңгак да андан өткөн агыл-төгүл адамгерчилиги жана турмуштун ар кандай оорчулугуна кабагым-кашым дебеген көтөрүмдүүлүгү менен бири-бирине жарашып турушчу. Жапар үйлөнгөндөн кийин да келинчеги Тургунбүбү экөө ээрчишип барышып, аяш аганын далай жолу туз-даамын татышкан. Өздөрүнө ылым тартып келишкен жаш жубайларды качан да болсо жаркылдап тосуп алышып, колунда барын дасторкон жайната коюшуп, чер жазар кушбак мамилелери менен көңүлдү алышкан Абдыкерим менен Жаңгак алар үчүн өз ага-жеңеден артык сезилчү.

Кийин Жапар Ошко ишке которулганда да Фрунзе шаарында калган Абдыкайымдан кол үзбөй байланышып турушту. Чыныгы досунун алыстан болсо да сезилип туруучу тилектештиги жана жан тартуусу ага чоң күч-кубат берип, экөө гүлгүн жигиттик куракта бирге кыялданышып, умтулушкан максат-тилектерине жетүүгө демөөрлөнтчү. Абдыкайым да илимдин артынан түшүп, кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактагандан кийин оорудан кайтыш болду. Бирок, анын жаркын элеси Жапардын көкүрөгүндө дайыма сакталып келет.



## «Улугбек» – илим ордосу

1957-жылдын ноябрь айы. «Фрунзе-Ташкент-Жалалабат» багытында жүргөн поездден түшкөн кара тору, узун бойлуу жигитти Ташкент шаары жылуу ырайы менен тосуп алды. Кеч күз болуп калса да ызгаар суук билинбей, күндүн нуру таптуу тийип, кылычын кындан сууруган кыштан али-бери кабар жоктой көрүнөт.

Беш жыл бою студенттик өмүрүнүн күбөсү болгон чемоданын көтөрүп, ар кимден Ядролук-физика институту жайгашкан Братская көчөнү сурамжылаган Жапар көпкө жөө басты. Эки жыл мурда ачылган бул институтту эч ким билбейт экен. Анын алгачкы аспиранттарынан болсом деген тилек менен Кыргызстандан келаткан толук уланга кайра таңыркай тиктешет. «Ядролук» деген сөздөн кооптонгондой боюн жыйрышкандар да жок эмес. Анан кантишсин... Карапайым элдин түшүнүгүндө гезиттерде жазылып, радиодо айтылып жаткан «ядролук курал», «атом бомбасы» жерди күм-жам жок кыла турган коркунучтуу күч. Бул коркунуч социализм менен империализм тирешип турган дүйнөнүн асманын кара тумандай каптап, «муздак согуштун» суук илебин чачып турган учур.

Жапар тескерисинче илимдеги эң актуалдуу, чоң тема менен иштээрине жан дилинен сыймыктанып келатты. Аны аспирантурага жиберүүнү өзү окуган Кыргыз мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңеши чечти. Студент кезинен илимий изилдөөгө аракети текке кеткен жок. Мугалимдери анын илимий ишмердүүлүккө жөндөмүн калыс баалашты. «Келечекте сенден атом энергиясы боюнча чоң окумуштуу чыгышы ажеп эмес»,- дешип ага ак жол каалашкан агай-эжейлеринин сөздөрүндө чоң үмүт бар эле.

Адегенде ал Ленинград шаарындагы Физика-техникалык институтуна жолдомо алган. «Ядролук нурлардын катуу заттарга тийгизген таасири» боюнча темасы да бекитилип, илимий жетекчиси физика-математика илимдеринин доктору М.С. Белецкийдин карамагына бармак. Бирок, Орто Азиянын борбору Ташкент шаарында Ядролук институт ачылып калганына байланыштуу бул жакка жөнөтүлдү. Мындай күтүүсүз бурулушка Жапар каршы болгон жок. Кантсе да өз эли-жерине жакын, поезд

менен Фрунзеге да, Жалалабатка да барууга жолу оң. Ошондой эле өзбек элинин турмуш-тиричилиги менен тааныш, жашоого да жеңил. Кандидаттык минимум экзамендерин жакшы тапшырып, эми илимий-эксперименттик иштерге киришерине жетине албай сүйүнгөн күн жүрөгүндө унутулгус болуп сакталып калды.

Ташкенттин борбордук көчөлөрүндө кабат-кабат бийик имараттар көп болгон менен чеке-белинде коргондору ылай паксадан урулган там үйлөрдүн бүтүндөй айылдары козголбой жатат. Университетте бирге окуган досу Шалпыков Абдыкайым экөө ошондой үйлөрдүн биринде батирде турушту. Үй ээлери казак улутундагы чал-кемпир аларды өз балдарындай көрүшүп, «ой, бауырларым, чай ичиңдер» деп казакча, өзбекче аралыштырып сүйлөшө жан тартып мамиле жасашат. Жылдан-жылга оокат-аш да кеңелип, аспиранттык стипендия менен жанын багууга болор эле.

Жашоосунан көңүлү тынган менен жаңыдан ачылган институттун аспирантурасында окуунун кыйынчылыгына туш болду. Материалдык-техникалык базасы түптөлө элек институтта аспиранттар жана илимий изилдөөчүлөр үчүн эч кандай шарт түзүлө элек экен. Илимий тажрыйбаларды жасоого лабораториялар, аппараттар жана приборлор жетишпейт. Жапардын илимий темасы космикалык нурлар менен байланышкандыктан, аларды заманбап приборлор аркылуу гана изилдөөгө мүмкүн. Ташкент шаарында иштешкен аттуу-баштуу бир топ жердеш илимпоздор Жапарга бул жагынан чоң жардам көрсөтүштү. Өзгөн районунун Куршаб айылында төрөлүп-өскөн, ошол учурда Ташкенттеги геология институтунун директору болуп иштеген академик Хамрабаев Ибрагим Хамрабаевичтин камкордугу менен ага институттун лабораториясынан, китепканасынан пайдаланууга кеңири жол ачылды.

***

Өзүнүн Ташкенттеги биринчи илимий жетекчиси, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Азимов Садык Азимовичтин көмөгү менен 6 ай бою космикалык нурлар боюнча иштеп жүрүп, кийин радиоактивдүү изотопторду пайдалануу маселесине ооп кетти. Бул тема боюнча илимий лабораториянын башчысы физика-математика илимдеринин кандидаты Мазитов Бурхан Салахидинович эле. Аспирантураны бүткүчө бул багытта бир топ илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, көптөгөн илимий-практикалык конференцияларга катышып, дүйнөлүк чыгаан окумуштуулардын эмгектери менен таанышып, тереңдеп сүңгүп калганда үчүнчү жолу темасын өзгөртүүгө туура келди.




Эми ал Өзбек илимдер Академиясынын вице-президенти Сергей Васильевич Стародубцовдун жетекчилиги алдында радиоизотоптордун жардамы менен майда микроскоптук катуу бөлүкчөлөрдүн физика-химиялык касиеттерин изилдеп-үйрөнө баштады. С.В.Стародубцов радиоактивдүү изотоптор боюнча эң күчтүү адис жана чыныгы илимпоз катары Өзбекстанда гана эмес Союздун илимий чөйрөсүндө чоң кадыр-баркка ээ эле. Жетекчисинин аброю жана иштиктүү кеңештери Жапарды илгери сүрөгөн демөөр болду. С.В.Стародубцовго жолугуу үчүн Академияга көп келчү. Ушул жерден Ош областынын Араван районунан болгон, ошол убакта Өзбекстандын Илимдер Академиясынын Президенти, академик Абдуллаев Хабиб Мухамедович, академиктер: Хасыл Фазилов, Хамдам Усманов, Ибрагим Хамрабаев, Сабыр Юнусов, Васил Кабулов, Убай Арипов, Ташмухамед Сарымсаковдорду көрүп, алардын ар бирине суктануу менен тиктейт. Бир чети Өзбекстанда академиктердин көп өсүп чыккандыгы жана илим жагынан бир топ алдыга кеткендиги анын улуттук ар-намысын козгобой койгон жок. Кыргыздын уул-кыздарынын ичинен дагы илимдин докторлору, академиктери качан көбөйөр экен деп кыялданат.

Бул куру кыял гана эмес эле. Кыргызстандын илиминин өнүгүшүнө салым кошо тургандардын бири өзү эмеспи. Өлкөнүн илимий-техникалык прогрессинин келечеги ага да байланыштуу. Муну үчүн эптеп эле диссертация жактоону көздөбөстөн, илимди тереңдеп казууга умтулуу керек. Илимдеги башкы кыймылдаткыч күч - бул илимий даражанын, же курулай атак-даңктын артынан кубалоо эмес, өз ишине чыныгы кызыгуу болсо гана майнап чыгат. Көптөгөн таланттуу жаштар кандай гана болбосун дүйнөлүк ири ачылыштарды жасайм деп умтулуу менен ак ниет иштөө жөндөмдүүлүктөрүн жоготуп коюшат деп айткан устатынын сөзү дайыма жадында.

Жапар атактуу окумуштуулар менен таанышып, чөйрөсү кеңейген сайын максаты да ушинтип бийиктей берди. Мындай ойдо жүргөн бир гана ал эмес эле. Аспирантурада өзү менен бирге окушкандардын да илимге катуу берилген аракеттерин байкайт. Азербайжан, каракалпак, казак, өзбек, кыргыз, түркмөн сыяктуу ар түрдүү улуттардын улан-кыздары бири-бирин жерүүнү, улутка бөлүнүүнү билишпей, бир үй-бүлөнүн балдарындай мамыр-жумур мамиледе жүрүшчү. Бири-бирине жан дилинен жардам берүүгө болгон дилгирлик, жарты нанды да бөлө жешкен ынтымактык, достукка бекемдик менен өмүрлөрүн илимге арноодон өтөр ыйык нерсе жоктой эң бактылуу учурлары эле.

***

Дили таза жаштыктын деми менен илимий иштерге да, ойноп-күлгөнгө да убакыт табышчу. Тез-тез шаарга кино көргөнү түшүүшүп, же кече уюштура коюшуп, баары бирге көңүл ачышат. Мындайда Абдыкайымдын уюштургуч таланты өзгөчө көзгө көрүнөр эле. Оюн-зоокторду өткөрүүнүн устаты болуп, институттагы майрамдык кечелердин көркүн чыгаргандардын бири. Кандай гана кече болбосун сулуу кыздарсыз өтчү эмес. Алардын ичинде Жапарга жаккандары да бар. Бирок, өзүн кыз аттуудан оолак кармап, токтоо жүрөт. Айылдагы абалары «Апаңды карай турган келинди өзүбүз алып беребиз» деп катуу дайындаша берип кулагын бышырып койгондуктанбы, болочок түгөйү өзүнүн туулуп- өскөн жери тараптан туш болордой көңүлү ток.



*Ташкент шаарындагы Ядро-физикалык институттун аспиранттары: Жапар (ортодо) жана жолдоштору: Абдыкайым Шалпыков, Жээнбек Абылкасымов (1959-жыл)*

Бирок, теңтуштарынын ыгынан чыкпай оюн-күлкүдөн калбайт. Кээде туулган күндөрдү, же кандайдыр бир жакшылыктарды белгилөө үчүн аспиранттардын жатаканасынын бөлмөлөрүнүн бирине дасторкон жайып, тапкан-ташыгандарын ортого коюшуп, таң-атканча бийлеп-ырдап чыгып кетишет. Ичкендери колго жасалган кызыл вино. Аны институттун жанындагы сайда отурукташкан крым-татарларынан сатып алышчу. Ширин жүзүмдүн сортунан жасалган күчтүү виного эңги-деңги болуп кызып калышкан учурда да ойлорунда арамдык жок, мас болгондорун соосу үйүнө жеткирип, талаада калуу, же уруш-талаш деген болгон эмес. Анткени, баарынын алдыга койгон максаттары бийик жана таза эле.



Алардын багына Ядролук физика институту тез эле күчтөнүп, заманбап технологиялар менен жабдылган илим-изилдөө лабораториялары жана реактор курулуп, ишке берилди. Окумуштуулар жашай турган үйлөр, аспиранттарга болсо жатакана салынды. Институттун аймагы илимий шаарчага айланып, «Улугбек» деген атка ээ болду. Жапар жолдоштору менен ошол шаарчадагы жаңы курулган жатаканага жайгашты. Жашаган жери институттун жанында. Кинотеатр, кафе, ашкана, дүкөндөр сыяктуу турмуш-тиричилик үчүн керектүү жайлар да алыс эмес. Баш оту менен илимге кирише турган бардык шарттар бар. Эми катуу чамдап аракеттенбесе болбойт.

Ал мезгилде аспиранттар Москва, Ленинград, Харьков сыяктуу ири шаарлардын илим изилдөө институттарында, илимий борборлорунда стажировкадан өтүү жана илимий конференцияларга катышуу үчүн жиберилип турулчу. Барып-келиш чыгымы жана жашоо каражаты институт тарабынан төлөнөт. Советтик доордо союздук республикалардын жаш илимпоздору үчүн көрүлгөн бул өзгөчө камкордуктан Жапар да пайдаланды.

Ал аспирант кезинде эле союздук масштабдагы көптөгөн илимий конференцияларга катышып, аларда доклад жасап такшалды. Ар бир илимий иш сапарын текке кетирбей билбегенин билүүгө, чоң окумуштуулардын таалимин алууга умтулат. Айрыкча СССРдин борбору Москва шаарына барган сайын убактысынын көбүн Ленин атындагы атактуу китепканада өткөрөт. Күнү-түнү тирмийип отуруп, өзүнүн темасы боюнча дүйнөлүк окумуштуулардын эмгектерин, жакталган кандидаттык, доктордук диссертацияларды окуп чыгат. Оо кийин, докторантурада жүргөндө бул китепканадан өзүнүн кандидаттык диссертациясын көрүп аябай толкунданган.

Ошондой командировкалардын биринде Москва шаарындагы Карпов атындагы физикалык-химия илим изилдөө институтунун профессору, Фукс Николай Альбертович, СССРдин Илимдер Академиясынын академиги Петрянов Игор Васильевич менен жакындан таанышып, алардын ортосундагы устат-шакирттик сыйлуу мамиле өмүр бою үзүлбөй уланып келди. И. В. Петрянов радиоактивдүү аэрозоль боюнча дүйнөгө белгилүү окумуштуу эле. Бомба жарылганда айлана-чөйрөгө таркаган аэрозолдорду, радиоактивдүү майда бөлкчөлөрдү зыянсыздандыруу боюнча иштеп чыккан илимий теориясы, анан дагы «Петряновдун

фильтри» (ФП) деген ат менен ядролук илимий тармакта белгилүү болгон иштери бул окумуштууну дүйнөгө таанытыкан.

Илимдин Корифейлеринин бири катары дүйнөлүк атак-даңкына карабастан И.В. Петряновдун жөнөкөйлүгүнө, кичипейил адамгерчилигине Жапар өтө таң калаар эле. Ал адамды даражасына, кызматына карап бөлбөстөн баарына бирдей жөнөкөй мамиле жасоочу. Өзүн пириндей көрүп сүрдөгөн аспирант жигитке аталык мээрим менен камкордук көрүүгө да убакыт тапчу.

Н.А. Фукс Жапар аспирантураны бүтүрүп, Кыргызстанга келип иштеп жатканында анын темасына байланышкан дүйнөлүк окумуштуулардын жарык көргөн эмгектерин почта аркылуу үзгүлтүксүз салып турду. Жаш окумуштуу ушундай улуу устаттарынын илимге кошкон салымдарынан гана эмес жеке инсандык өрнөктөрүнөн да таалим алды. Н. А.Фукс менен И.В. Петряновдор энциклопедиялык билими, илимпоздорго таандык демократизми жана баладай ак көңүл мүнөзү менен жүрөгүнөн түнөк тапты.

***

Жаш кезде кумир туткан адамдар да, таза сезим менен табышышкан достук да көп учурда түбөлүктүк болору –жашоонун мыйзамы. Жапар өмүрүнүн ууз кезинде тапкан досторунун бири Акматбек Джаманбаев экөө өмүр бою кол үзүшкөн жок. Ал тургай 1988-жылы Ош шаарында Кыргыз илимдер академиясынын Түштүк окуу-илимий борбору ачылганда ага директор болуп дайындалган А. Джаманбаев орун басарлыкка Жапарды чакырып, кызматташ катары көп жылдар да бирге иштешти. Достук, бирин-бири баалаган жана колдогон ак ниет сезим алардын ишине да оң таасир бербей койгон жок. Натыйжада аз эле убакыттын ичинде түштүктөгү Жаратылыш ресурстарын комплекстүү пайдалануу институтун, колледж, лицей, менеджерлердин мектебин ачуу сыяктуу көптөгөн чоң иштер бүткөрүлдү.

Кыргыздын белгилүү окумуштуусу, техникалык илимдин Республикадагы биринчи доктору, ИАнын Түштүк окуу-илимий борборунун түптөөчүсү жана анын алгачкы директору болуп иштеген, илимий чөйрөдө жана коомчулукта чоң аброй күткөн профессор Акматбек Джаманбаев досу менен Жапар ар убак сыймыктанчу. Ал экөө Жапар аспирант убагында Абдыкайым Шалпыков досу аркылуу таанышышкан. Акматбек ал мезгилде Кыргызстандын суу чарба жана энергетика институтунда кенже илимий кызматкери болуп иштөөчү экен. Абдыкайым да университетти бүтүргөндөн кийин бул жерге жаңыдан кенже илимий



кызматкер болуп орношкон. Досуна учурашканы келген Жапар Акматбекти алгач жолу көргөндө өзү менен тең куракта деп ойлона да келген эмес. Узун бою келбеттүү, таза жана жарашыктуу кийинген, маңдайы жарык жигит экен. Жаш кезинен кызматына байланыштуу партиялык, советтик жооптуу кызматкерлер менен аралашып жүрүп баскан-турганы, сүйлөгөнү жагынан бир топ өсүп калыптыр. Үй-бүлө күтүп, турмушка олуттуу караган мүнөзү да байкалып турчу. Ал белгилүү коомдук ишмер Султан Ибраимовдын аялы Рева Телтаева менен бир класста окугандыгына байланыштуубу бул үй-бүлө менен ынак достук мамилеси бар эле. «Досумдун досу мага да дос» дегендей ошол жылдары Жапардын С. Ибраимов менен таанышып, жакындашуусуна Акматбек себепкер болгон. Кийин С. Ибраимов Ош облусунун партиялык комитетинин биринчи катчысы болуп иштеп жүргөндө тез-тез жолугушуп, иш боюнча да, достук мамиледе да тыгыз байланышта болушту. Бул инсандардын жүрөктө калган элестери ушул күнгө чейин Жапар үчүн баа жеткис кымбат.

***

Жапар аспирантураны бүтүргөндөн үч жыл өткөндөн кийин 1962-жылы кандидаттык диссертациясын коргоду. Аспирантурада окуп жүргөн жылдары илимий иштеринин темасын жана жетекчини үч жолу өзгөртүү көп кыйындыкка турду. Диссертациясынын коргоо мөөнөтүнүн узарып кетишине да ушул себеп болду окшойт. Убакыттан уттурганына карабастан диссертациясын жогорку деңгээлде иштеп чыгып, ийгиликтүү коргоо үчүн бардык күчүн үрөдү. Жан аянбай иштегендиктен акыркы күндөрү алы куруп, башы айланып жүрөт. Бир стакан вино ичсе да көтөрө албай калчу болду. Бирок, ден соолугуна көңүл бөлүүгө чамасы жок. Диссертацияны жазууда орус тилин терең билбегендигинен кыйла кыйналды. Ошентсе да баштан аяк өзү жазды. Он беш, жыйырма жылдан кийин Москва шаарындагы Ленин атындагы китепканадан өзүнүн ошол кандидаттык диссертациясын таап, кайрадан окуп чыгат. Чындыгында орусча жармач тил менен жазылган экен. Бирок, илимий жагынан салмактаганда уяла турган жеңү жоктой сезилди.

Диссертациясынын үстүндө иштөөдө үч багыт боюнча бир топ эле олуттуу изилдөөлөр жүргүзүлүптүр. Биринчи, микроскопиялык майда бөлүктөрдүн жабышкактык күчүн (адгезия) өлчөй турган ыкмасын иштеп чыкса, экинчиси, аба агымынын чек кыр катмарындагы ылдамдыгын өлчөө ыкмасын аныктаптыр. Үчүнчүсү, ушуларды изилдөөдө радиоактивдүү изотопторду пайдалануу

ыкмасы эле. Илимий жетекчиси менен оппоненттери ушул ыкмалар боюнча анын эмгегин оң баалашты.

Диссертациясын коргоп чыккандан кийин Жапар аларга алынын жетишинче чай берди. Сый дасторкон ошол мезгилдин чамасына ылайык жупуну жайылса да, баарынын көңүлү чак. Абасы Сейталы коюн союп, эки чанач кымызын артынып, Ташкентке бир күн мурда келген эле. Каракалпактык достору кайдан жайдандыр сүрсүтүлгөн балык таба коюшуптур. Аттуу-баштуу окумуштуулар Жапардын келечеги үчүн тост көтөрүшүп, жылуу сөздөрүн айтышкан сайын абасы жетине албай сүйүнүп нымшыйт. Аны байкап отурганбы, абасы сыртка чыгып кеткенде диссертациясы боюнча биринчи оппоненти болгон академик Аржаных Иван Семенович: «Атаңбы?» деп акырын сурады. Анан Жапардын атасы согушта курман болгонун укканда көздөрүнө жаш ийрилди. Өзү да Улуу Ата Мекендик согушка катышып, бир колунан айрылган экен. Кан майдандын өртүн кечип, өлүм коркунучун баштан кечирген адамдын жүрөгү жашык болуп калат. Наристе чагында атадан жетим калган баланын минтип эр жетип, илим жактап жатканына муун-жүүнү бошоп, аябай толкундануусун жашырган жок. Сейталы эшиктен кайра киргенде колдорун кысып: «Рахмат сизге, Жапардын атасынын ордун жоктотпой келипсиз! Бар болуңуз!»,- деп чын дилинен кайра-кайра ыраазычылыгын билдирди.

Ак эмгектин акыбети кайткан мүнөттөрдүн кубанычын баштан кечирген гана билет. Илим таланттуунун таланттуусуна гана багынат, кажыбас түйшүккө түтө билген өжөргө гана ийге келет. Кандидаттык диссертациясын жактагандан кийин Жапар тагдыр жолу илимге биротоло байланганына ынанды.



## «Бийиктикти чыккан билет»

Ташкент шаарынан илимдин кандидаты болуп кайткан Жапар Фрунзе шаарына келгенден кийин бардык жаш окумуштуулар сыяктуу эле өз ишмердүүлүгүн илимий кызматтын төмөнкү тепкичинен баштады. Кыргыз илимдер академиясынын физика, математика жана механика институтунун кенже илимий кызматкери болуп кабыл алынат. Турмушта жана илимде эмнени каалагарын түшүнүп калган бул куракта талбай изденип иштөөгө шыктануу менен жумушуна киришти. Эң башкысы, түптөлүп калган илимий изилдөөлөрүн мындан ары өркүндөтүүгө жана аны практика менен айкалыштырууга мүмкүнчүлүк бар. Алдыда ой-максаттар арбын, бирок ага умтулсаң, кара жаныңды карч уруп аракеттенсең гана жетүүгө болорун турмуштук тажрыйбасы көрсөттү.

Кыргыз ИАнын алдындагы Физика - математика жана механика институтунун ачылганына аз эле жылдар болгондуктан анын жамаатынын көпчүлүгүн илимдин жаш кандидаттары түзчү. Жергиликтүү окумуштуулардын арасында физика боюнча илимдин докторлору дээрлик жокко эсе. Ошондуктан институттун илимий-практикалык жүгү негизинен өзүнө окшош жаш окумуштууларга жүктөлгөн. Бул бир чети аларга өз алдынчалуулукка жана иштермандыкка түрткү бербей койгон жок. Кандай гана илим болбосун коомго кандайдыр бир өлчөмдө пайда алып келиши керек эле. Көп жылдык акыл-оюн, көз майын коротуп жасаган илимий иштери элге кызмат кылганда гана илимпоздун мээнети акталат. Алдыңкы илимий идеялар, изилдөөлөрдүн жемиштүү жыйынтыктары өлкөнүн өнүгүшүнө чоң салым кошууга багытталууга тийиш. Илимсиз мамлекеттин келечеги жок. Институттун жаш жана дараметтүү жамааты XIX кылымдын экинчи жарымындагы дүйнөлүк илимий-техникалык революциянын шарданынан калышпай, бүткүл дүйнөнүн физиктери үчүн сыймыктуу жана жооптуу болгон жылдарда калыптанышты.

Жапар иштей баштагандан көп өтпөй эле улук илимий кызматкерликке көтөрүлдү. Жаш физиктин өз багыты боюнча терең билими жана ишке жоопкер мамилеси институттун жетекчилиги тарабынан бааланса, жолдоштукка бекем, ак көңүл мүнөзү менен кесиптештеринин сыйына ээ боло баштаган. Экинчи жылы аны

Москва шаарындагы Ломоносов атындагы университетке иш сапарга жөнөтүшөт. Ал жактан өтө баалуу болгондуктан, мамлекеттик деңгээлдеги сүйлөшүүлөр аркылуу чечилген электрондук ылдамдаткыч аппаратты өзү иштеген институтка алып келүү тапшырмасы ага жүктөлдү. Аппаратты адегенде бөлүктөргө ажыратуу (демонтаждоо), андан кийин поездге салып Фрунзе шаарына жеткирүү жана институттун лабораториясына орнотуу керек эле. Жаш окумуштуу үчүн мындан өтөр жооптуу тапшырма болобу. Аны аткарууда Ташкент шаарындагы Ядро-физикалык институтта алган билим, тажрыйбасынын пайдасы тийди. Электрондук ылдамдаткыч аппараттын түзүлүшүн тыкандык менен окуп-үйрөнүп, демонтаждоодо жана Фрунзеге алып келгенден кийин монтаждоодо кыйналган жок. Ал өз колу менен сары майдай сактап алып келген аппарат институттун лабораториясына орнотулуп, ишке киргизилгенде гана көңүлү тынды. (Кийин Жапар Ош мамлекеттик педагогикалык институтка ишке которулуп кеткенден кийин аппарат кайра Ижевский шаарындагы илимий изилдөө институтуна сатылып кеткенин угуп кабыргасы аябай кайышты).

Жапар Текеновдун муунуна дайыма жаңы курууларлын жана башталмалардын активдүү катышуучусу болуу тагдыры туура келиптир. Университетте да, аспирантурада да, институтта да материалдык-техникалык базасы жана илимий потенциалы жаңыдан түптөлүп келаткан шарттарда окуп, иштеди. Бул болсо ага өз жолун өзү издөөгө, чыгармачылык менен ойлоно билүүгө, дайыма алдыга умтулуунун жолунда болууга үйрөттү. Ушул жылдары «жок» деп кол куушурбастан издеп, таап, жоктон барды кура билүүнүн чоң мектебинен өттү. Жапар Текеновдун кийинки көп баскычтуу жетекчилик ишмердүүлүгүндө бул такшалуунун шарапаты тийбей койгон жок.

Бул жылдары илимге баш оту менен кирип кетсе да жеке турмушу жөнүндө көп ойлонушка туура келди. Биринчи курган үй-бүлөсү ойдогудай чыккан жок. Шаардагы эки бөлмөлүү квартирасында апасы Сайкал жана уулу үчөө эле жашашканына эки жылдай болуп баратат. Бир гана өзүнүн эмес, жылдан жылга карылыкка алдырып бараткан апасынын, там-туң баскан уулунун тагдыры да жүрөгүн өйүп, санаага салат. Кайненесин өз энесиндей сыйлап, кызмат кылаар ыймандуу келин, күнөөсүз наристе уулун өздөй көрүп бооруна батыра турган апа, ал эми өзүнө жарашкан түгөй боло турган жаркын аялзаты бар бекен? Адамдагы жандуулук менен өз алдынчалуулукту баалаган Жапар бул касиеттерди өмүрлүк түгөйүнөн да көргүсү келчү. Аял киши болсо да чечкиндүү жана өз пикирине ээ болмоюнча турмуштун татаал жолунда бирге



басууга мүмкүн эмес. Өмүрлүк жарынын ысык-суугуна түткөн, ой-максатын бөлүшө ала турган чыныгы түгөй боло билүү жубайлардын экөөнө тең таандык.

Ушинтип баш-аягы көрүнбөгөн туңгуюк ойдо жүргөн Жапар өз бактысын алыскы Аксы жергесинин тоолуу айылынан тапты. Университетте бирге окушкан досу Жээнбек Абылкасымов менен жайында Аксыга эс алганы барып, айылдык мектепте чет тилчи болуп иштеген Тургунбүбүгө туш болот. Жапардын жашоосунан кабардар болуп, ички туйгусун баамдап жүргөн досу ага ылайык келет деген ак пейил менен карындашын атайылап тааныштырдыбы, же жаратkандын буйругубу, айтор бир-эки көрүшүп сүйлөшүүлөр эки жаштын жылдыздарын табыштырды.

Бозбу деген бийик чокулуу тоонун этегиндеги Бозбубиек айылында төрөлүп-өскөн Тургунбүбү элеттик кыз-келиндердин ичинен алгачкылардан болуп Фрунзе шаарындагы Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун чет тилдер факультетинин немец тили боюнча адистигин бүтүрүптүр. Балалык кези бардык эле тоолук балдардыкындай жайкысын жайлоодо мал артынан жүрүп, солкулдак ууз ышкын терип, булактын мөлтүр тунук суусун чакалап ташып, түнкүсүн бадырайган ай-жылдыздын жарыгында ак чөлмөк ойноп өскөн чыйрак кыздын кулк-мүнөзүндөгү да шатыра-шатмандык, чечкиндүүлүк Жапар издеген сапаттардан эле. Анын үстүнө көп балалуу үй-бүлөдө өскөндүктөн камкор боорукердиги менен иштермандык жагы да бар экен.

Атасы Байзак Аксы өрөөнүндөгү кадырман адамдардын бири болгондуктан алардын үйүндө келим-кетимдин аягы үзүлбөй, ар бир адамды кандай маселе менен келбесин меймандай сыйлап, дасторкон жайып, чай берип жөнөтүү сыяктуу тарбиядан өткөн. Байзак аксакал бир тууган иниси Дөөлөт экөөнүн үй-жайлары бөлөк болгон менен оокат-ашы ортодо, баары бир казандан аш ичишип, өтө ынтымактуу жашашчу. Эки чоң үй - бүлөнүн түйшүгүнө жаштайынан кабагым-кашым дебей түткөн Тургунбүбү турмушка бышып калган эле. Ошондуктан, өз тагдырын өзү чечип, мурдатан таанып-көрбөсө да жаш илимпоздун этегин тобокелдик менен кармап, шаарды көздөй жол тартышты.

Ишке жана мамилеге тың жана ачык - айрым келини Сайкал энеге да дароо эле жакты. Бардык жагынан бири-бирине төп келишкен уул-келининин өз ара терең сый-ызааттарына, түшүнүшүүлөрүнө өмүр бою ыраазы болуп жүрүп өттү. «Сени менен жашаганда Жапардын көңүлү тынч экенин көрүп турам» дечү келинин ар убак алкап. Чыныгы эненин бактысы балдарынын бактысына байланыштуу эмеспи. Уул-келининин сыйын көрүп

төрүндө олтурганда: «Жараткандын минтип балдарымдын адам болгонун көргөзгөнүнө миң мертебе шүгүр»,- дечү энелик балкыган сезим менен. Балдарынын ар бир жакшылыгына маңдайы жарыла кубана билчү. Тургунбүбү тун перзенти Салтанатты төрөгөндө кайненесинин «кыз экен!» деп аябай сүйүнгөнү көз алдында. Неберелеринин баарын ак тилек менен бешикке өзү салып берип, энелик мээримин аянбай төктү.

Тургунбүбү да кайненеси менен күйөөсүнүн мүнөздөрүнүн окшоштугуна сүйүнчү. Жапар ак көңүлдүгү, колу ачыктыгы, боорукердиги, анан да баласаактыгы жагынан апасын тартыптыр. Бул окшоштук кайнене-келиндин ортосун ширетип, ансайын ылым тарткызчу. Сайкал бала-чакасына гана эт-бети менен түшпөстөн, 50-60 жыл мурда орус-фин согушунан кайтпай калган кайниси Ысакты «Ушу байкуштун артынан туяк да калган жок» деп жүрөгү эзиле эскерип өттү. Уулдарынын колдорунан иш келе баштаганда эң биринчи ошол кайнисине атап куран окутту. Жаш кезинде колунда жүрүп, өз баласындай болуп калган Ысактын ысмын өчүрбөй, көзү өткөнчө жоктогон Сайкал энеден келини адамгерчиликтин бийик өрнөгүн алды .

***

1967-жылы Фрунзе шаарындагы ишин, үй-жайын таштап, Ош мамлекеттик педагогикалык институттун жалпы физика кафедрасына башчы болуп которулуп келиши Жапар Текеновдун өмүр жолундагы чоң бурулуш болуп калды. Бул кадамды жасаардын алдында көпкө чейин олку-солку ойлордун туткунунда жүрдү. ОМПИнин ошол учурдагы ректору болуп иштеген Айтмурзаев Ташмурза адегенде ага физика-математика факультетинин декандык кызматын сунуштаган. Борбор шаардан ыраакта жайгашкан Ош мамлекеттик педагогикалык институту илимдин кандидаттарына жана докторлоруна өтө муктаж экенин ачык билдирип, «Түштүктөгү жападан жалгыз болгон институтту көтөрүш керек» деп патриоттук сезимге үндөгөн. Жапар өзүнүн илимий иштеринин келечегин ойлоп бул сунушка адегенде көңүлдөнгөн жок. Борбор калаанын илимий чөйрөсү жаңыдан кубаттанып жатканда алыскы түштүктө кайдагы илимий потенциал болсун. Ал ушинтип ой калчап бир чечимге келгиче декандык орунга анын Ташкентте аспирантурада чогуу окуган жолдошу Ажымудинов Токондун дайындалганын укту.

Кийинчерээк ректор экинчи жолу кафедра башчылык ишке чакырды. Бир чети анын: «Илимиңди да жасайсың, ага мен ректор катары жардам берем», -деген сөзү түрткү болдубу, же Жапар да



ой-дилинде Ошко келүүгө даяр болуп калган беле, эми баш тарта алган жок.

Ал Кыргыз илимдер академиясына караштуу Физика, математика жана механика институтундагы ишин тапшырып, үй-бүлөсү менен Ошко көчүп келүүгө камылга көрүп жүргөндө Т. Айтмурзаев ОМПИнин ректордук кызматынан Эл агартуу министрлигинин жогорку окуу жайларды башкаруу бөлүмүнүн башчысы болуп которулуп кетиптир. Бул кабарды уккандан соң ындыны өчө түшкөн Жапарга дем берип: «Ошко эч тайсалдабай бара бер, мен өзүм ишке чакыргандан кийин көзөмөлгө алып, жаңы ректорго дайындап коем»,- деди Т. Айтмурзаев ийгилик каалап, колун кысып. Айтканындай эле пединститутка жаңыдан ректор болуп дайындалган Мира Ботбаева борбордон келген жаш окумуштууну жылуу кабыл алып, жалпы физика кафедрасына башчылык кызматка буйрук чыгарды.

***

Жапар Текенов Ош шаарына 1967-жылдын июнь айында көчүп келди. Түштүктүн аптаптуу жайы күчүнө кире баштаган убак эле. Эртеси таң заардап Сулайман тоого чыгып барды. Жаңы жердеги жаңы кызматын баштаардын алдында акыл-эсин дагы бир жолу ыраатка салып, эртеңки күнгө карай багытын мелжеп алыш үчүн бул ыйык тоодон артык ылайыктуу жер табылат беле. Күңгөй беттин секиртме таштак жолу менен бийиктикке көтөрүлгөн сайын салкын жана таза абага көңүлү ачылып, ой-санаадан арылгандай жеңилдеп баратат. Тоонун тумшугуна чейин чыгып барып алаканга салгандай дайын көрүнгөн жайык өрөөнгө көз салып көпкө олтурду. Дүйнөнүн көз нуруна баткан ушул бир бурчунун кеңирсиген жана түркүн түс көрүнүшүнө кандай жан таасирленбес! Тээ алыстан жайкы таңдын боз мунарыгы каптаган жашыл тилке талаалар, адырлар, дүпүйгөн бак-дарактуу кыштактар, чокулуу бийик тоолордун кербени закымдайт. Асмандын чыгыш тарабын алоолонгон кызгылтым нурга боеп күн чыгып келатты. Тоону курчап канатын жая чалкайып жаткан Ош шаарынын бир кабат тамдарынын чатырчалары бийиктен караганда жерге бак дарактар менен кошо туташ чөгүп калгандай көрүнөт. Шаардын борборунда көп кабаттуу жайлар да көбөйө баштагандай.

Алардын арасынан Ош мамлекеттик педагогикалык институттун жаңыдан курулган үч кабаттуу имаратын издей карады. Сулайман тоонун түбүндө, шаардын чок ортосунда жайгашкан окуу жайдын «П» формасындагы заңкайган кызгылтым имараты көзгө дароо урунат. Бүгүн анын босогосун аттап, педагогдук ишин баштайт.

Ошко келиши менен турмушунун жаңы барагы ачылганы турат. Ал мындан ары кандай жазылат, алдыда дагы эмнелер күтүшү мүмкүн - ага белгисиз, жашоонун табышмактуулугу жана кызыктуулугу ушунда эмеспи.

***

60-70-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институту түштүктөгү жападан жалгыз жогорку окуу жайы болсо да 3-4 факультети, он-он беш чакты кафедрасы гана бар экен. Бирок, окуу кабинеттери, лабораториялар жетишсиз, болгонунда да окуу куралдарына, приборлорго жарды убагы. Окутуучу – профессордук курамда болсо илим жактагандар бирин-серин. Жалпы физика кафердрасында онго жакын мугалим иштешсе, анын ичинен бирөөнүн гана илимий кандидаттык даражасы бар, ал да башка улуттун өкүлү.

Жапар Ошко келээринде кандай кыйынчылыктар күтүп тураарын алдын-ала боолголоп, өзүн өзү даярдап койгон эле. Ошондуктан, биринчи күндөн эле билегин шымаланып түрө ишке киришип, адегенде окуу-лабораторияларынын материалдык базасын көтөрүүгө күч-кубатын жумшады. Колдон келгендерин мугалимдердин, студенттердин күчү менен жасап жатышты. Андан тышкары университеттин жетекчилигине кайра-кайра маселе коюу менен жаңы аппаратура менен приборлорду сатып алууга каражат бөлдүрүүгө жетишти.

Кафедранын окуу-илимий кубаттуулугун чыңдаш үчүн союздук республикалардагы алдыңкы окуу жайлары менен байланыш түзүүгө кылган аракети да өз жемишин бербей койгон жок. Жалпы физика кафедрасынын Эстония Республикасынын Тарту университети менен кызматташуусу түзүлдү. Эстондук кесиптештер аларга окуу - усулдук жана илимий иштеринин алдыңкы тажрыйбаларын гана бөлүшүшпөстөн аппаратура жагынан да көмөк көрсөтүштү. Жапар Текенов Тарту университетине өзү барып майда бөлүкчөлөрдүн электр зарядын өлчөй турган уникалдуу аппаратты алып келип кафедранын лабораториясына орнотот.

ОМПИнин кафедра башчы болуп иштеген 1967-72-жылдары ал илимий-усулдук иштерге мугалимдерди, студенттерди да тарта баштайт. Өзүнүн илимий темасы кафедранын да негизги илимий багытына айланды. Майда бөлүкчөлөрдүн бири-бири менен болгон тартылуу күчтөрүн изилдөө жана аларды өлчөө маселелери боюнча окуган терең мазмундуу лекциялары студенттердин бул темага кызыгуусун ойготот. Ж. Текеновдун жетекчилиги менен бир топ студенттер курстук, дипломдук иштерди, илимий макалаларды



жазышып, устатынын көңүл түпкүрүндөгү идеяларын жүзөгө ашырууга көмөктөш болушат жана өздөрү да илимий изилдөө иштерине тартылышат.

Кафедрадагы дагы бир жетишкендик бул студенттердин теориялык жактан алышкан билимин өндүрүштүк практика менен тыгыз айкалыштыруусу болуп калды. Окуу программаларын теориялык жактан тереңдетүү менен бирге эле студенттерди турмушка, практикалык керектөөлөргө жакындатуу керек эле. Билимди курулай жаттоо аркылуу алгандан көрө практикалык иштер менен айкалыштырса кийин өнөр жай ишканаларынан жана мектептерден ЖОЖдо даярдалган сапатсыз адистер жөнүндө доомат угууга туура келбейт.

Дагы бир Жапарды толгонткон маселе - ОМПИнин физика адистигин эң жакшы окуп бүтүрүүчүлөрүнүн кийинки тагдыры эле. Окууну аяктагандан кийин өндүрүштө жана мектептерде аларга керектөө кандай болот? Эмгек рыногунда өз ордуларын таба алышабы? Ушул максатта түштүктөгү кен иштетүү ишканаларынын бири болгон Кадамжай сурьма комбинаты менен кафедранын ортосунда чарбалык келишим түзүлөт. Бул комбинаттын продукцияларынын чаң түрүндө алынары Жапардын илимий багытына дал келет экен. Өзү да сурьма комбинатына тез-тез каттап, диссертациясында түптөлгөн багытты илимий жактан тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк алат.

Анын кафедраны өнүктүрүүгө, илимий жана окуу-усулдук жагымдуу кырдаалды түзүүгө аракети мугалимдер тарабынан да колдоого ээ болмоюнча максатына толук жетмек эмес. Бактыга жараша кесиптештери да чыгармачылык менен изденип иштөөгө дилгир жана демилгечил болуп чыкты. Алар жетекчисинин жаңы иш багытын, көрсөтмөлөрүн аткаруу менен өздөрү да өсүштү.

Илимий потенциал бир күндө жаралбайт эмеспи. Багван даракты көчөт кезинен кандай бапестеп өстүрсө, устат да өз шакирттерин ошондой этияттык менен тарбиялап чыгарат. Жапар Текенов өзү окуткан студенттердин, бирге иштешкен жаш мугалимдердин арасынан жөндөмдүүлөрүн издеп таап, аларга туура багыт берип, илимге кумарлантууга аракети өз жемишин берди. Бир мезгилде өзүнүн жетекчилиги менен курстук, дипломдук иштерди жазып жүрүшүп, окууну бүткөндөн кийин лабораторияга, окуу жайдын өзүндө ишке, аспирантурага калтырылып, илимге багыт алган окумуштуулардын бир тобун тарбиялап чыгарды.

Алардын ичинде: химия илимдеринин кандидаты Жоромамат Арзиев Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн алдындагы Жаңы технологиялар институтунун директору катары

азыркы учурда устаты менен бирге эмгектенет. Физика-математика илимдеринин доктору Исламидин Ташполотов Бишкек финансы-кредиттик академиянын проректору болуп иштейт.

Дагы бир таланттуу шакирти Шекербек Курманкулов техникалык илимдер боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргой алды. Бүгүнкү күндө Талас мамлекеттик университетинде биринчи проректор болуп кызмат өтөйт.

Ал эми Жапар Текенов Бишкектен которулганда ээрчите келген аспиранты Эшмухамед Дүйшөнов да физика-математика илимдеринин кандидаты болууга жетишти. Ал Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда бир топ жылдар бою кафедра башчысы болуп иштеп жүрүп, кийинчерээк Кыргыз Улуттук университетине которулган. Азыркы убакта бул окуу жайдын белдүү окутуучуларынын бири.

***

Убакытты учкан куш дейбиз. Бирок, өмүрдүн сабалап өтүп жаткан учкул мүнөттөрүнүн, саат, күндөрүнүн бардыгы эле эсте кала бербейт. Жылдардын бир жылдарында арт жагына кылчайып караган адам эмнелерди эстейт? Албетте, турмушта эриш-аркак келүүчү жеңиш менен жеңилүүлөрдү, маңдай жарган кубаныч менен жүрөктү сыздаткан кайгы-муңду, адамдык кудурет-күчүңдү туйдуруучу «жылдыздуу сааттарды», анан жашоосунун жаңы ачылган барактарын эстээри анык.

1973-жылдын июнь айынын аптапка каарылган күндөрүнүн бири да Жапар үчүн унутулгус болуп калды. Аны партиянын Ош облустук комитетине чакырышканда, албетте, ишке байланыштуу экенин түкшүмөлдөдү. Анткени, институттун кафедра башчысын обкомдун 1 - катчысы оңой менен кабыл алмак эмес. Ал учурда облустук бийликтин башында Султан Ибраимов турган. Иш-билги жана эл үчүн күйгөн жетекчинин аброю бийиктей баштаган мезгил. Аспирант кезинен бери билген Жапарды ал жылуу кабыл алып, Фрунзе политехникалык институттун (ФПИ) Оштогу жалпы техникалык факультетине декан болуп иштеп берүүсүн сунуштады:

- Институттагы иштериң жаман эмес экен, эми бул факультетти да көтөрүп бер. Түштүктө техникалык адистерди өстүрүүгө убакыт жетти. Иш боюнча сени ар тараптан колдоого алабыз,- деди маселени тикесинен коюп. С. Ибраимовдун бул иштиктүү сунушуна каршылык көрсөтүүгө себеп деле жок эле.

Жапар ОМПИден кетээрде өзүнүн ашып-ташкан жаштык энергиясын жана билимин жумшаган факультетти, кесиптештерин жана окуучуларын кыялбай илинсе да алдыда ишмердүүлүктүн



жаңы мейкиндиги ачылып жатканына толкундануу көбүрөөктөй сезилет. Анын кызматтан бошотуу жөнүндө арызына кол коердо институттун ректору Мира Ботбаеванын кыйылганы андан бетер. Көрсө, ректордун Жапарды өзү жетектеген университеттеги факультеттин декандыгына дайындоо ою бар экен. Бирок, эми билим-тажрыйбасын, күч-аракетин дагы бир жаңы иште сынап көрүү буюруп турган соң, эми кетенчиктей албайт.

***

Жаңы жетекчини биринчи күндөн эле ФПИнин Оштогу факультетинде толгон-токой маселелер күтүп турган: уюштуруу, окуу-чарбалык иштерди жолго коюу, мугалим кадрлар менен иштөө, материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү... Бул тез арада чечүүнү талап кылган маселелердин масштабы ОМПИдеги иштин көлөмүнө салыштырууга болбос эле. Алгачкы күндөрү ишти эмнеден баштаарын ойлонуп түн уйкусу бөлүнүп жүрдү.

Адегенде факультеттин бардык абалы менен таанышып чыкты. Анын ачылганына он жылдан ашуун убакыт болсо да материалдык-базасы бир орундан жылбаптыр. Ушул күнгө чейин өзүнчө имаратка ээ болбой, менчик базасынын жоктугунан улам Ош пединститутунун материалдык базасынын кызматынан пайдаланчу. Анан дагы бул Жалпы техникалык факультеттеги окуу мөөнөтү үч жыл болуп, андан кийин студенттер өзү каалаган өлкөдөгү, же республикалык жогорку окуу жайларынын бирине которулуп, окуусун андан ары уланта турган болуп түзүлгөн эле. Бирок жогорудагыдай мүмкүнчүлүктүн болгондугуна карабай, студенттер көпчүлүк убакта Фрунзе политехникалык институтуна которулушчу.

Факультеттин өзүнүн менчик материалдык – лабораториялык базасы жана окуу корпусу, автономдуулугу, өз алдынчалуулугу жана өнүгүү перспективасынын жоктугу жаңы деканды канааттандырган жок. Эң башкысы бул окуу жайды өнүктүрүү үчүн облдосттын биринчи катчысы Султан Ибраимовичтин өзгөчө жардамы жана колдоосу керек эле. Жапар факультеттин учурдагы абалы жана аны кандай өнүктүрүү жолдору жөнүндө өзүнүн ой-пландарын тизмелеп жазып, тийиштүү колдоо сурап обкомдун биринчи катчысы Султан Ибраимовго, эл депутаттарынын облустук аткаруу комитетинин төрагасы Темирбек Кошоевге, Ош шаарынын партиялык комитетинин биринчи катчысы Ильяс Касендеевге, политехникалык институттун ректору Сухомлинов Георгий Акимовичтин атына кат даярдады.

Алгачкы жооп ректордон болду. А. Сухомлиновдун чакыруусу менен Фрунзе шаарына барып, кабыл алуусунда кезек күтүп

олтурса ФПИнин проректорлорунун бири болуп иштеген, мурдатан тааныш жолдошу кирип келди. Жапарды көрүп «Жүрчү мага!» деп чакырды иш кабинетине. Экөө жайланышып олтурар менен анын каты жөнүндө сөз козгоп:

- Хе! Сен Ошко өзүңчө институт ачкың келеби? Кыялың менен космоско учуп кетипсиң го?! - деп шакаба чегип кирди эле ансыз да күмөнсүп турган Жапар баары -жоктон түңүлө түштү. Мүмкүн, ал өтө эле ишке ашпас нерселерди кыялданып жатабы...

Бир аздан кийин Г. А. Сухомлинов кабинетине аны менен кошо проректорлордун баарын жана партиялык уюмдун катчысын чогуу чакырды. Жапар олтургучка олтурары менен ректордун столунун үстүндө өзүнүн каты турганын көзү чалды. Кээ бир саптарынын алды кызыл калем менен сызылып коюлуптур. Өз суроо-талабынын жакшылыкча чечилерээрине үмүттөнүү, кайра жолу болоруна күмөнсүрөө аралаш буулугуп турган Жапар ошондогу Георгий Акимовичтин толкундана айткан сөздөрүн эч качан унутпайт. Ректор өзүнүн орун басарлары менен партиялык жетекчини алмак-салмак тиктеп:

- Жапар бизге Оштогу факультетти жакшыртуу боюнча сунуш менен келиптир. Биз аны колдоого алышыбыз керек!- деди чечкиндүү. Анан ага:

- Сен эң туура кадам жасапсың, Жапар! Давай, Оштогу жергиликтүү партиялык, советтик органдардын да жанын койбой талап кыла бер, биз бул жактан сага колдон келген жардамды беребиз,- деп шердентип кирди.

«Менин айтаарым, азырынча физика-химиялык лаборатория уюштурам дегениңди кое тур. Пединституттукун пайдаланып турсаңар болот. Анын ордуна техникалык сабактар боюнча лаборатория ач», -дагы ушул сыяктуу өзүнүн бир топ кеп-кеңештери, сунуштары менен жаңы декандын духун көтөрүп, жаңы өзгөрүүлөрдү тайсалдабай ишке ашырууга багыттап узатты.

Жапар Текенов бул учурду кайсыл убакта эстебесин Г. А. Сухомлиновдун ошондогу көрөгөчтүгүнө жана иш билгилигине ар убак ыраазы болот. Жаңы демилгелерди жан дилинен колдоп, алысты болжой билген жана иштин кызыкчылыгын баарыдан жогору койгон ушундай акылман, чыныгы жетекчилердин жана ишмерлердин эмгеги менен коом өсүп-өнүгөт турбайбы. Политехникалык институттун жетекчиден багы бар экен. Георгий Акимович көз жумгандан кийин анын ордун баскан Журавлев Владимир Михайлович окуу жайды андан ары билгичтик менен жетектөөнү улантты.



ФПИнин ректорунун кубаттоосуна ээ болуп, борбор шаардан демденип кайткан Жапарды көп узабай облустук, шаардык бийликтин жетекчиликтери кабыл алышты. Анын сунуштары баарына жагыптыр. Айрыкча, Султан Ибраимов экөөнүн ою бир жерден чыккандай. Жаштардын келечегине, региондун тагдырына жан күйгүзгөн биринчи катчы аны менен көпкө чейин чын дилден сүйлөшүп, бул багытта өзүнүн максаттарын билдирди:

- Жапар, жакшы ишти баштадың. Кыргызстандын түштүгүндө бир эле жогорку окуу жайы (Ош пединституту- З.П.) аздык кылат. Республиканын элинин жарымы түштүктө жашайт. Борбордон ыраак жайгашкан. Жаштардын билим алуусу жеткилең болуусу үчүн ФПИнин Жалпы техникалык факультетин өстүрүп, түштүктө дагы бир инженердик институт ачыш керек. Ушул маселени политехтин ректоруна коюп, чече бер. Бул жактан биз бардык керектүү шарттарды түзүүгө даярбыз.

Ошол күндөн көп узабай С. Ибраимовдун демилгеси менен факультетти өнүктүрүү маселеси обкомдун бюросунда каралды. Бюронун токтому менен факультеттин материалдык-техникалык базасын жакшыртуунун комплекстүү чаралары кабыл алынды. Алардын негизинде имаратты куруу үчүн Сулайманутоонун күнгөй-чыгыш тарабындагы этегинен жер бөлүндү.

Ошондон кийин бир жарым айдай убакыттын ичинде бүткөрүлгөн жаңы жайга толук көчүп чыгышты. (Азыркы учурда бул жерге Гапар Айтиев атындагы балдардын сүрөт мектеби жайгашкан). Өзүнчө кеңири имаратка ээ болгондон факультеттин окуу лабораторияларын ачуу жана жабдуу маселелери да чечилип, материалдык-техникалык базасы жакшыра баштады. Бул болсо жаңы эки адистикти: өнөр жай жана граждандык курулуш, автомобилдер жана автомобилдик чарбалар бөлүмдөрүн ачууга мүмкүндүк берди. Мында облустун эмгек рыногунда техникалык квалификациялуу жогорку билимдүү адистерге болгон муктаждык эске алынган. Бул адистиктер боюнча окушкан студенттер Жалпы техникалык факультетте 3-курсту гана бүтүрүшпөстөн 5-курсту толук аяктап, дипломду ушул жерден алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

С.И. Ибраимовдун дайыма факультеттин тагдырына көңүл буруп жана колдоп турушу анча чоң эмес жамааттын демине дем кошуп, жакшы иштөөгө сүрөгөн. Жапарга түрдүү маселелер менен ал кишинин кабыл алуусуна тез-тез барып турууга туура келчү. Мындан сырткары партиянын Ош шаардык комитетинин мүчөсү жана шаардык кеңештин депутаты болуп шайлангандыгына байланыштуу, экөө партиялык жыйналыштар менен облустук комитеттин бюросунун отурумдарында дагы көп кездешип калышат.

Дем алууга бөлүнгөн кыска убакыттын ичинде да биринчи катчы көп жолу андан иш жөнүндө сурап, региондо билим берүүнү өнүктүрүүнүн маселелери боюнча өзүнүн ой-пикирин билдирүүгө үлгүрөр эле. Мына ошол убакта эле С. Ибраимов студенттик шаарчаны Оштун түштүк-чыгыш тарабына куруу демилгесин көтөрүп чыккан болчу. Ушул шаарчанын курулушун пландоо ишине Жапар да түздөн – түз катышты. Биринчи катчы баш болгон бир топ жетекчилер студенттик шаарча курула турган жерге чогулуп, эми эле куюлган жапжаңы асфальт жолдун боюнда турушкан бойдон кайсыл жерге эмнени куруу керектиги жөнүндө кызуу талкууга киришчү. Ал убакта ал жолдо азыркыдай жандуу кыймыл жок эле. Кийин дал ошол жерге көптөгөн жогорку окуу жайлары жана алардын жатаканалары курулуп, азыркы убакта чыныгы студенттик шаарчага айланды.

Ал эми ФПИнин Жалпы техникалык факультети түштүктө инженердик-техникалык кадрларды даярдоодо чоң кызмат өтөдү. Азыркы Ош технологиялык университеттин базасы ошол учурдан түптөлө баштаган. Окутуунун жаңы ыкмаларын, технологияларды киргизүү менен бирге эле студенттердин арасында тарбиялык иштерге көп көңүл бурулду. Жаңы өзгөрүүлөрдү Ж. Текенов факультеттин ынтымактуу жамаатына таянуу менен жүргүздү. Айрыкча, белгилүү коомдук ишмер, көп жылдык жетекчилик тажрыйбага ээ Баки Эшмамбетовдун көмөгү чоң эле. Бул киши факультеттин коомдук сабактар боюнча кафедра башчысы болуп жаңыдан ишке келгенде Жапардын сунушу менен партиялык уюмдун катчылыгына шайланган. Эстүү жана терең билимдүү адам үчүн кызматтын майда, чоңу болбойт. Өмүр бою советтик, партиялык жетекчи кызматтарда жүргөн Баки Эшмамбетов факультеттин ишине да акыл-тажрыйбасын жан аянбай жумшады.

Факультет жыл өткөн сайын өнүгүүнүн жолунда келатты. 1978-80-жылдары Жапар Текенов факультеттин эки жолку бүтүрүүчүлөрүнө дипломдорду өз колу менен тапшырып, аларды турмуш жолуна узатты.

Тагдырды болжоп болбос. Кыргыз элинин тарыхында кара так болуп калган 1980-жылдын 3 -декабры Жапардын турмушунда да каргашалуу күн катары сакталып келет. Бул күнү Ысыккөлдө эс алып жүргөн жеринде белгилүү коомдук ишмер, таланттуу жетекчи Султан Ибраимов кара ниет кылмышкердин колунан каза тапты. Кайгылуу кабарды Жапар шаардык ооруканада дарыланып жаткан кезинде укту. Залкар инсанды жоготуу бир гана аны эмес, таанып-билгендин баарысынын кабыргасын кайыштырды. Бир чети эл сүйгөн жетекчини буюртма өлтүрүү эл-журтту дүрбөлөңгө салбай



койгон жок. Султан Ибраимовдун бул тирүүлүктөн кетиши менен жашоосунун ыргагы бузулгандай өзүнө келе албай жүргөндө 12-декабрь күнү ФПИнин ошол мезгилдеги ректоруна шашылыш чакырылат. Ооруканадан түз келген Жапарга В. Журавлев аны факультеттин декандык кызматынан бошотконун, мындан ары жалпы техникалык кафедранын башчысы болуп иштөөнү сунуш кылаарын билдирет. Ошону угузуу үчүн Фрунзе шаарына чакырган экен.

Бул буйрукту Жапар жай кабыл алды. С. Ибраимовдой асыл адамдан айрылып жатканда кызматтан төмөндөө да көп бекен. Анын үстүнө факультеттин жетекчилигине келгенде алдына койгон максаттардын көбү ишке ашып калганына көңүлү ток эле. 6-7 жылдын ичинде ФПИнин Оштогу жалпы техникалык факультети кечки окуу факультетине айланды. Өз алдынча жаңы эки имаратка кең-кесири жайгашкан. Материалдык-техникалык жактан кубаттанып, жакшы жабдылган окуу лабораториялары, кабинеттер, китепкана түзүлдү. Факультеттин алдында 4 кафедра иштейт. Студенттер эки адистик боюнча институтту Оштон бүтүрүүгө мүмкүнчүлүк бар. Эң башкысы факультет өнүгүүгө багыт алды.

Ушинтип өз эмгегинин алгачкы жыйынтыктарына ыраазы болгон Жапар мындан ары илимий ишине киришейин деп ойлоду. Декандык кызматын аткарууда уюштуруучулук, чарбалык иштер колун көп байлап, илимге убакты жетпей жатканына бушайман жеп жүрчү. Чыгармачыл ой-чабыты кең адамды кызматка байланыштуу миң кубулма оюндар, жеке мүдөөлөр, толгон-токой бут тосуулар моюта албайт. Анткени, алардын оюу менен руху эркин болуп, көрпенделик майдалыктан бийик турат.

# Мезгил сынайт,
# жолду баскан арбытат

Чыгыш элинин даанышман философиясы: «Эгерде өткөн жылы жолуң болбосо, кийинки жылы дагы жаңылап жолго чык» деп үйрөтөт. Жашоонун бул мыйзамын көөдөн көрөңгөсү күчтүүлөр жана асыл максат артынан өжөрлөнүп түшкөндөр гана аткарууга кудуреттүү. Рухий күчтүү адамды таалай да, ийгилик да өзү издеп табат.

Жапар Текенов кийинки жети жылдын ичинде ФПИнин Оштогу кечки окуу факультетинде жалпы илимий дисциплина кафедрасын жетектөө менен доктордук диссертациясынын үстүндө иштеди. Декандык кызматтын түмөн түйшүгүнөн жеңилдегенден кийин өзүн илимге толук арнай турган убакыт келгени ал үчүн чоң утуш да болду. Турмуш өйдө-ылдый экчегенде гениалдуу физик-теоретик Андрей Сахаровдун даанышман сөзү оюна келет: «Эң башкысы – бул туура багытта жүрсөң болду, ал эми анда кетип баратып мүдүрүлүп-жыгылсаң – эч нерсе эмес». Ооба, илимпоз үчүн жетээр чек болбойт, ал баштаган изилдөө иштери менен улам, улам жаңы мейкиндиктерди ачып олтурат. Бул жаңы ачылыштар ага эч нерсе тең келгис жыргал-кубанычты тартуулайт. Аалымдын арыбас мээнетинин бактысы ушунда.

Көмүрдүн майдасын кесектөө жана аны отун, жер семирткич катары колдонуу боюнча изилдөөлөргө багытталган доктордук диссертациясынын темасын досу Акматбек Джаманбаевдин сунушу менен тандап алган эле. Жаратылыштын бул байлыгынын физикалык, физика-механикалык, жылуулук-техникалык касиеттерин комплекстүү изилдөө жана майда сорттогу көмүрдүн мүнөздөмөсүн түзүү боюнча экөө көп жылдар бою биргелешип иштешет. Илимий ишмердүүлүгүнүн жаңы этабы болгон бул жылдары союздук республикалардагы ири окумуштуулар жана эл аралык илимий-изилдөө институттары менен көп жылдар бою үзүлүп калган байланышын кайрадан калыбына келтирет.

Чыныгы таза жана терең илим чек араны билбейт эмеспи, анткени ал бүткүл адамзатка таандык. Физик - окумуштуу катары Жапар Текенов дүйнөлүк илим жаатындагы өнүгүүлөрдөн ар убак



кабардар болуп, илимий-техникалык прогресстин чыгаан өкүлдөрүнүн алдыңкы тажрыйбалары менен таанышып турууга умтулду. Ансыз илимди өнүктүрүүгө жана эл аралык деңгээлге чыгууга мүмкүн эмес. Өзүнүн да отун-энергетикалык потенциалды, анын ичинде көмүрдү рационалдуу жана комплекстүү пайдалануунун келечектүү жана актуалдуу маселелери боюнча көп жылдык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары боюнча республикалык, союздук илимий конференцияларда, симпозиумдарда жасаган баяндамалары, союздук журналдарда жарыяланган макалалары ошол тармакка тиешелүү илимий чөйрөсүнүн көңүл буруусуна арзыды. Окумуштуунун төмөнкү сорттогу майда көмүрдү пайдалануу боюнча иштеп чыккан ыкмалары азыркы убакка чейин өндүрүштө кеңири колдонулуп келе жатат.

***

Бул жылдары Жапар өзүнүн доктордук диссертациясын гана алдыга жылдырбастан жаштардын ичинен илимпоздорду тарбиялоону улантат. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун кафедрасын, андан кийин ФПИнин кечки окуу факультетин жетектеп жүргөндө анын идеясын, жолун улашкан бир топ жаш окумуштуулар өсүп чыкты. Шакирттерине койгон анын талаптарына көбү эле чыдай албайт. «Илимди таза жаса!» -эң биринчи талабы ушул. Анын окуучулары илимий даражаны «сатып албастан, казып алууга тийиш». Айрыкча, аспиранттар үчүн жан аянбай изденип эмгектенүүдөн башка жол жок. Ата-тегине, жердештигине карабайт. Байыркы грек падышасы Сизифтин эмгегиндей акыбети тез арада кайта койбос ишке бел байлаган дараметтүү улан-кыздар гана илимге келишин каалайт. (Байыркы уламыш боюнча кудайлардын каарына калган Сизиф чоң ташты бийик тоонун чокусуна тоголотуп түртүп олтуруп ана-мына жеткиреринде колунан чыгып ылдыйды карай кулайт. Кайрадан ташты тоонун башына карай маңдай терин агызып түртүп жөнөйт). Илимге жеңил жол менен жеткиси келгендерге ийикпеген катаал болсо, ал эми таланттууларды таптоодо айкөлдүгү жанда жок камкор устат. Ал шакирттерине илимий багыт берип, жол көрсөтүп гана тарбиялабастан, алардын турмуш-шартынан, үй-бүлөлүк ал-абалынан кабардар болуп, керек болгон учурда жардамын аянбайт. Бирок, аларга сарптаган эмгегин кийин колко кылып, көңүлүнө түймөк турсун эсинен чыгарып койор мүнөзү бар.

Кайсыл бир жылы август айында үй-бүлөсү менен Ысык-Көлгө эс алганы машинеде жол тартышты. Адегенде Фрунзе шаарына келип, андан ары көлгө жол улашмак. Алабел ашуусуна жеткенде

жаан катуу жаап, алай-дүлөй учурган бороонго кабылышат. Ал аз келгенсип, ашуунун туу белине чыкканда алар түшкөн «Волга» бузулуп, көпкө чейин жылалбай туруп калышты. Ал мезгилде азыркыдай туптүз, кеңири жол жок, машинелер да өтө сейрек каттайт. Анын үстүнө ушундай ызгаар суукта аларга ким эле кыйноо тартып жардам бере коймок деген ойдо Жапар жол тоскон да жок. Машиненин айдоочусу экөө техниканын бузулган жерин чукулап көпкө чейин алпурушту. Жай убагы болгондуктан баары жеңил кийимчен эле. Түктөйүп үшүй баштаган бала-чакасын жолго жакын жерге тигилген чабандын боз үйүнө киргизип келди.

Аңгыча борбор калаа тараптан келаткан жеңил машине алардын тушуна жеткенде токтоп калды. «Ой, агай, эмне болду?!» деп тынчсыздана сурады андан шашыла түшкөн жаш жигит. Өзүн «студентиңиз болгомун» деп тааныштырган жигит «Волганы» кошо оңдошуп, керек болгон тетиктерден колунда барын берип, жан күйгүзө алектенип турса өтүп бараткан дагы бир машине келип токтоду. Анын ээси өзбек улутундагы жигит Жапар менен атасын көргөндөн бетер жетине албай учурашып, ал да «студентиңиз элем» дейт. Экөөлөп агайларынын машинесин оңдоп-түзөшкндөн кийин гана жылуу - жумшак кош айтыша сапарларын улашты.

***

Мындай унутулгус жолугушуулар анын өмүрүндө дайыма болуп келет. Жапар Текеновдун ар кыл курактагы окуучуларынын чын дилинен чыккан урмат-сыйына күбө болгон сайын байбичеси Тургунбүбү өзгөчө сыймыктанат. Баш кошушкандан баштап үй-тиричилик жана балдарды багып-өстүрүү түйшүгүн бүт өзүнө алып, күйөөсүнүн иштешине, илим жасашына толук жол койгон эмгеги сая кетпептир. Илимпоздун, жетекчинин, коомдук ишмердин аялы болуунун оорчулугун да, жыргалын да көтөрө алууга бардыгы эле түтө албас.

Алар үйлөнүшкөндө Жапар илимдин жөнөкөй кандидаты жана улук илимий кызматкер эле. Күйөөсүнүн Кыргызстанда гана эмес, анын чегинен тышкары таанымал окумуштуулук атак-даңкка, академиктик даражага ээ болушунда, Мамлекеттик сыйлыкты, илимге эмгек сиңиргендиги үчүн наамды, «Даңк» медалын жана башка көптөгөн жогорку өкмөттүк сыйлыктарды алышында, УИАнын






Жапар 40 жылдан ашуун мезгилден бери «өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп» келаткан жубайы Тургунбүбү экөө



Жапар апасы Сайкал (ортодо), жубайы Тургунбүбү жана уул-кыздары менен (1990-жылдар)



*Бактылуу жана чоң үй-бүлө: Жапар жубайы Тургунбүбү балдары менен эс алуу убагында (1980-жылдар)*



*Бир туугандар: Жапардын чоң уулу Абдырахман (ортодо) жана ини-карындаштары: Салмоорбек, Салтанат, Алмаз жана Айканыш (1980-жылдар)*



Түштүк бөлүмүн 15 жыл бою ийгиликтүү жетектеп келишинде Тургунбүбүнүн өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон колдоосу нар көтөргүс. Бүт убактысын эл кызматына жана илимге арнаган өмүрлүк түгөйүн үй-бүлөлүк маселелер менен алаксытуудан ар убак аярлап, аяп турчу.

Экөө баш кошкондон кийин Жапар Бишкек, Москва, Ленинград, Ташкент, Алмата жана башка сырт шаарларда өткөрүлгөн чогулуштарга, конференция, симпозиум, семинарларга тез-тез чакырылып, көбүнчө иш сапарда жүрдү. Андан кийин докторантурага кетти. Күйөөсү доктордук диссертациясын жазып, жактаганча өзү көрүп-билип жүргөн кээ бир чоңдордун аялдарына окшоп чүпүрөккө, өлүү дүйнөгө кызыгып, же ээрчишип курортторго баруу дегенди оюна да алган жок. Жапар ОМПИге келгенде тийген үч бөлмөлүү квартирада ашыкча шаан-шөкөтсүз жупуну жашашты. Өзү бул жылдары эки уул, эки кызды катар-катар төрөп, жаш балдарын багып - өстүрүү жана тарбиялоо оңойго турган жок. Шаарда жакын тууган-уруктары жокко эсе болсо да коңшу-колоң менен мамиле түзө билген мүнөзүнүн пайдасы тийди. Төрөп-түшкөндө, оокат-тиричиликте, балдарын коңшулары каралашып, жалгыздыгын көп сездиришпейт. Бир туугандан артык болушуп мээр-кызматын аянбаган коңшуларына ушул күнгө чейин ыраазы. Кийин алардын көпчүлүгү туш-тарапка көчүп кетишсе да кол үзүшпөй катташып турушат.

Тургунбүбү жаш балдарын багуу менен бирге мектепте да иштеп жүрдү. Ал мезгилде декреттик отпуска бала төрөлгөнгө чейин 2 ай, төрөлгөндөн кийин 2 айга гана берилүүчү. Кичинелерин бала бакчага алпарып, окуп калышкандарын өзү менен кошо жетелеп сабактан кечикпөө үчүн мектепке шашылат. Жаштайынан алган терең билими жана педагогикалык жөндөмү жыл сайын артып, Ош шаарындагы Терешкова атындагы мектеп-интернатта иштешкен алдыңкы мугалимдердин бири болууга жетишкен. Кийин үй шартына байланыштуу Кыргызстандын 40 жылдыгы атындагы мектепке которулуп, анда ушул күнгө чейин иштеп келатат. Өмүрлүк түгөйүнөн кем калышпай педагогикалык кесиптин чыгааны болууга жетишти. «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» наамы менен сыйланган.

Өз кесибине ак ниет мамиле кылган Тургунбүбү мугалимдик аброюн баарынан бийик коюп келди. Үйүн кандай ирееттүү жана таза кармаса, ар бир өтүлө турган сабакка да ошондой тыкандык менен даярданбаган учуру болбойт. Ал эми иштен себепсиз калуу, же кечигүү дегенге абийри жол бербейт. «Иш күндөрү өтө зарыл

болгон жакка барууга туура келип калса Тургунбүбүгө бир жума мурда айтышым керек. Ал өзүнүн сабагын бирөөгө аябай дайындап көңүлү тынмайынча барбайт», деп арызданып калчу Жапар дос-тууган дарына. Бирок, үнүндө жоопкерчилиги бийик, чынчыл жана иштерман аялы үчүн сыймыктануу байкалат. Ушундай сапаттары менен аялы анын бардык ысык-суугун кошо тартышып чыныгы түгөй боло алганын бирге жашашкан жылдар ырастады.

Жапар да колу бошогон учурда үй-бүлөсүнө үйрүлүп түшүп өтө карамдуу. Ар бир баласынын төрөлүшүн турмушундагы зор бакыт катары кабыл алып, маңдайы жарыла кубанган. Айрыкча, Салмоорбек аттуу уулдуу болгонунда кубанычы койнуна батпай бир жума бою өзүнчө майрамдап жүрүптүр. Кийин да балдарынын туулган күндөрүн эч унутпай куттуктап белек тартуулап, үй-бүлөлүк жакшылыктарды жупуну болсо да чогуу белгилөөнү куттуу салтка айландырышты. Мындай чакан той-тамашалардын эң биринчи тарбиялык мааниси эске алынат. Бири-бирине сый-урматын, өз ара ынтымагын бекемдеп, биримдикти арттырар мамилелер алардын үй-бүлөлүк жашоосунун негизги эрежелери болуп калды.

Балдары кичинекей кезинде сыркоолоп калышса Тургунбүбү менен кошо карашып, аябай тынчы кетчү. Кенже кызы Айканышты аман-эсен чоңойтуп алуу үчүн экөөлөп аябай мээнет жумшашты. Бир жашка чыкканча колдон түшүрүшпөй бапестеп жакшы карашкандыктан бир да чүчкүрбөй торолгон кызы бала бакчага бара баштагандан кийин тез-тез ооруй баштайт. Ошондон уламбы, баса турган убактан өтүп калса да көпкө чейин баспай ата-энесин дагы сар-санаага салды. «Ишиңден бошоп, кызымды кара» десе Тургунбүбү кыйылат. Айканыштын ден соолугунан кабатыр болгон Жапар өзү мектептин директоруна барып сүйлөшүп, аялынын арызын тапшырып келди. Ошодон көп өтпөй Киев шаарына докторантурага окууга жөнөдү. Балдарынын баарын өөп коштошуп үйдөн чыгып баратса, диванда олтурган Айканыш «Ата!» деп артынан ээрчип чуркап берсе. Кызынын күтүүсүз жерден басып кеткенине бир сүйүнүшсө, бир чети атасынын алыскы сапарга аттанган максат-тилеги кабыл болот деп жакшылыкка жорушту.

Үй-бүлөсүнүн тилеги орундалып, 1991-жылы Жапар Киев шаарындагы Украина илимдер академиясына караштуу Техникалык жылуулук физика институтунда доктордук диссертациясын ийгиликтүү жактады. Диссертациясынын темасы болгон өнөр жай жылуулук энергетикасы жана катуу күйүүчүлөрдүн химиялык технологиясына байланыштуу көп жылдык илимий изилдөөлөрү жылуулук техникасы, жылуулук физикасы боюнча дүйнөлүк атак-даңкы бар күчтүү адистердин сыноосунан өттү. Техникалык



жылуулук физика институтунун директору Долинский Анатолий Андреевичтин өзү бул багыттагы мыкты адис эле. Жапар экөө кат түрүндө байланышып, илимий иштери боюнча пикир алмашып турушчу. Анын диссертациялык иши менен алдын-ала таанышкандан кийин А.А.Долинский өзү жетектеген институтта коргоого сунуш кылды. Биринчи оппоненти да өзү болду.

Окумуштуулар кеңеши эки-үч сааттык кызуу талкуудан кийин оң жыйынтыкка келишти. Жапар өзү иштеп чыккан майда бөлүкчөлөрдүн жабышкактуу күчүн өлчөө технологиясын көмүрдү кесектөө процессине пайдалануу ыкмаларын диссертациянын негизги баалуулугу катары белгилешти. Көп жыл мурда Академиялык күчтүү аудиториянын алдында доктордук илимин жактоого туура келсе да тээ бир мезгилдеги кандидаттык диссертациясын коргоо учурундай апкаруу жана күмөнсүрөө сезимине алдырган жок. Досу Акматбек Джаманбаевдин сунушу менен көмүрдүн майдасын кесектөө процесси, андан кийин майда бөлүкчөлөрдүн өз-ара аракет күчтөрүн өлчөөгө багытталган ыкмаларды көмүрдү кесектөө процессине пайдалануу боюнча көп жылдар бою жүргүзүп келген илимий изилдөөлөрүнүн натыйжалуу жыйынтыгына ишеничи күч берип тургансыйт.

Аны колдоо үчүн атайын Бишкектен учуп келген Акматбек Джаманбаевдин залда олтурушу да ага чоң кубат болду. Көмүрдүн кесектөө технологиясы боюнча экөөлөп биргелешип жүргүзүп келатышкан илимий иштеринин тагдыры дүйнөгө таанымал чыгаан илимпоздордун сынына коюлганына ал да толкунданган абалда экени байкалат. Сыртта баарынан көп санааркаган өмүрлүк жубайы Тургунбүбү күтүп турат. Доктордук диссертациясын ийгиликтүү жакташы менен эң алгачкылардан болуп куттуктаган аялы анын жүзүндөгү терди аарчып, кубанганынан да аяганы күч болду: «Дөө-шаадай болгон академиктер сени соо койбос бекен деп корктум эле... Кантип туруштук бердиң?!»

***

Достукту чыңдаган үч нерсенин бири – бул бир максатты көздөгөндүк дешет. 1988-жылы 1-апрелде Жапар Текенов, техникалык илимдердин доктору, профессор Акматбек Джаманбаев сыяктуу максатташ адамдардын көптөн эңсешкен ой-тилектери ордунан чыгып, Ош шаарында Кыргыз илимдер академиясына караштуу Түштүк кыргыз окуу- илимий борбору (ТКОИБ) түзүлөт. Анын директорлугуна А. Джаманбаев дайындалат. Жаңы ачылган борбордун лаборатория башчылыгына ишке чакырылган Жапар көп

узабай директордун илимий иштер боюнча орун басары болуп иштей баштайт.

Кыргызстандын аймагынын жарымын түзгөн, экономикалык жана жаратылыш ресурстарына өтө бай түштүктө Кыргыз илимдер академиясынын бөлүмүн ачуу коомдук зарылчылык болгон. Региондун стратегиялык мааниси, кен байлыктары, айыл чарба сырьелору Кыргызстан үчүн гана мааниге ээ болбостон XIX кылымдан тартып чет өлкөлүк экономисттердин, окумуштуулардын, саясатчылардын көңүлүн буруп келген. Бирок, ушундай потенциялына карабастан Ош облусу социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн көп көрсөткүчтөрү боюнча башка региондорго караганда артта калган. Айрыкча, кадр, интеллектуалдуу дарамет жагынан аксаган.

Түштүк кыргыз окуу -илимий борборунун ачылышына ошол учурда КИАнын президенти болуп иштеген академик Лаверов Николай Павловичтин эмгеги күч. КИАны жетектөөгө Москвадан чакырылган академик Н.П. Лаверов Кыргызстанда илимдин өнүгүшүнө жан күйгүзгөн асыл инсан, абдан талантуу, өтө иштерман, олуттуу ой-пикирге ээ жетекчи эле. Союздук республикалардагы бардык маселелер Москва аркылуу чечилген советтик доордо академиянын регионалдык филиалын ачууга уруксат алуу өтө кыйындыкка турган. Анын үстүнө дароо эле филиал ачуу үчүн база да ылайык келген эмес. Ошол тоскоолдукту аттап өтүү үчүн Н.П. Лаверов Ошто эң биринчи академиялык негизде окуу - илимий борборун ачууга аракеттенет. Мында «бир ок менен эки коенду атат» дегендей эле максат көздөлгөн. Борбор эки бөлүмдөн туруп: окуу бөлүмү кадрларды даярдоого, ал эми илимий бөлүгү илим-изилдөө иштерин жүргүзүүгө багытталган.

1988-жылдын башталышында ал ТКОИБну ачуунун уюштуруу маселелерин чечүү үчүн А. С. Джаманбаев экөө Ошко келишет. Адегенде эле партиянын Ош облустук комитетинин ошол учурдагы биринчи катчысы Кульматов Ренат Сатаровичтин кабыл алуусунда болушат. Окуу-илимий борборунун имараты, материалдык базасы, жабдуу сыяктуу көптөгөн орчундуу маселелер жергиликтүү бийликтин көмөгүсүз чечилмек эмес. Биринчи катчы Ошто академиялык борбордун түзүлүшүнө оң пикирде экенин билдирди. ТКОИБнун перспективасы региондун экономикалык, социалдык-маданий өнүгүүсүнө тыгыз байланыштуу экенине кыраакы жетекчинин көзү жетпей коебу:

- Албетте, илимди жаратылыш ресурстарына жакындатыш керек. Кыргызстандын Түштүгү жер-суу, жылуулук-энергетикасы, түстүү металдар сыяктуу ресурстарга бай. Бул байлыкты



изилдөөчү-окумуштуулар гана жетишпейт,-деп тамашага чала сүйлөгөн Р. Кульматов менен уюштуруу иш-чараларын ийне-жибине чейин тактап сүйлөшүп, Н.П. Лаверов Фрунзеге көңүлү тынып кайтты.

80-жылдардын аягында СССР таркаганга чейин Түштүк окуу - илимий борбору (ТКОИБ) ачылып жана ар тараптуу кубатталып калышы чоң жетишкендик болгон. Алгач лаборатория, кафедра түрүндө иш башталса да борбор илимге кызыккан жаштарды магниттей өзүнө тартып, илимий кадр даярдоонун устаканасына айланды. Бир-эки жылдын ичинде эле ТКОИБнун илимий кызматкерлеринин саны 100-150гө чамалап калат. Аларга илимий тема таап берип, багыт көрсөтүп, кээ бирөөлөрүн аспирантурага жөнөтүү сыяктуу аракеттер илимий потенциалдын күн санап өсүшүнө түрткү болот. КИАнын окуу-илимий борборунун базасында 1991-жылы академияга караштуу Жаратылыш байлыктарын комплекстүү пайдалануу илим-изилдөө институту (ЖБКПИ) жана билим берүү министрлигине караштуу Ош технологиялык колледжи уюштурулуп, экиге бөлүнүп кеткен. А. Джаманбаев ЖБКПИни 1992-жылга чейин жетектейт. Кийин билим берүү министринин биринчи орун басарлык кызматына көтөрүлүп кеткенде анын ордуна Жапар келет. Ошол жылдары ЖБКПИде тарбияланган кадрлар, уюштурулган илимий-техникалык база, жакшы жабдылган лабораториялар 1993-жылы КИАнын Түштүк бөлүмүнүн уюштурулушуна чоң роль ойногон.

1993-жылы эгемендүүлүктүн шарапаты менен Кыргыз илимдер академиясынын Түштүк бөлүмү ачылды. 5 жылдын ичинде кубатталып калган ЖБКПИ бул бөлүмдүн пайдубалы болуп берди. Жаратылыш байлыктарын комплекстүү пайдалануу илим-изилдөө институту ачылган күндөн тартып адегенде директордун орун басары, бир жылдан кийин директор катары жетектеп келген Жапар ТБнүн төрагалыгына дайындалат.

Түштүк жергесинде академиялык илимдин өнүгүшүнө эбегейсиз эмгек сиңирген, Түштүк окуу-илимий борборун, андан кийин Жаратылыш байлыктарын комплекстүү пайдалануу илим-изилдөө институтун уюштуруп, алгачкы жылдары жетектеген техникалык илимдердин доктору, профессор Акматбек Джаманбаев бул кубанычтуу күндү көрүүгө үлгүргөн жок. ЖБКПИни татыктуу адамдын колуна тапшыргандан кийин Республиканын билим берүү министринин биринчи орун басары болуп иштеп жаткан кезинде 1992-жылы август айында оорудан күтүүсүз көз жумду. Чыгаан илимпоз жана акыл-тажрыйбага мол, таланттуу жетекчи катары жылдызы бийиктеп күйүп турган учурунда өз маалынан эрте кетти.



*Москва шаары. Жапар досу Акматбек Джаманбаев менен Кызыл Аянтта. (75-жылдар)*

Жапар үчүн жаш кезинен жолдору бир болгон жүрөктөш досунан айрылуу Султан Ибраимовдун өлүмүнөн кийинки чоң кайгы болду. Досу экөө инсан катары өздөрүн аңдап-биле башташкан мезгилде көңүл талабы менен табышышкан эле. Алар өмүрдүн узак мезгилин максатташ, пикирлеш жана кыйбас чыныгы достор катары бирге басышты. Экөөнүн жолдоштук мамилелеринде эч кандай жеке өзүмчүлдүк кызыкчылык болгон эмес. Бардык күч-аракеттерин илимге жана элге кызмат кылуу сыяктуу бийик жана таза ой-максатка арнашып, бул ыйык жолдо бири-бирине колдон келген бардык жакшылыктарын аянышкан жок. Алардын достугу турмуштун кыйын мүнөттөрүндө да сыноодон өттү. Мындай улуу достукту күтө жана баалай билүү ар бир адамга эле буюрган эмес.

Акматбек Джаманбаевдин көзү өткөндөн кийин да Жапар ага болгон урматын көкүрөгүндө ыйык сактап келет. Досунун артында калтырган изи жана эмгеги өчпөсө экен деп ар убак камкордук көрөт. 1997-жылы Ж. Текенов ЖБКПИге Акматбек Джаманбаевдин ысмын ыйгаруу боюнча демилге көтөрүп чыгат. Республиканын жетекчилиги жана Кыргыз улуттук илимдер академиясы тарабынан бул демилге колдоого алынып, ТБга караштуу 6 илимий-изилдөө институттардын бири болгон Жаратылыш байлыктарын комплекстүү пайдалануу илим-изилдөө институтуна А. Джаманбаевдин ысмы берилет.



***

Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн биринчи төрагасы катары Жапарга замандын дагы бир оор жүгүн көтөрүү буюруптур. Жаңыдан эркүүлүккө жетишкен мамлекеттин калыптануу доорундагы далай кыйынчылыктарды жана тоскоолдуктарды жеңип чыгууга туура келген өтө татаал мезгил эле. Жалпы союздук чарбалык механизмдин кыйрашына байланыштуу Түштүк бөлүм борбордун жардамына таяна алмак эмес. ТБ жана анын алдында түзүлгөн 6 илимий-изилдөө институттары үчүн материалдык-техникалык жана изилдөө базаларын түзүү биринчи орунга коюлду. Институттарды түзүү жана жайгаштыруу, имарат менен камсыз кылуу жана жабдуу, жетекчи кадрларды тандоо маселелерин чечүүгө өтө кыска убакыт берилген. Бөлүмдүн жетекчилиги жана кызматкерлери изилдөө иштерин баштоо менен бир убакта эле көптөгөн практикалык иштер менен да алектенүүгө туура келди. Академиялык институттардын




***Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясына караштуу Түштүк кыргыз окуу-илимий борборунда ИАнын президенти (1989ж) Аскар Акаев жана башка мамлекеттик жетекчилер катышышкан кеңешмеден көрүнүш***



***Түштүк кыргыз окуу-илимий борборун уюштуруунун демилгечиси, КРнын Илимдер академиясынын президенти (1987-1989жж), академик Лаверов Николай Павлович***



***КРнын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн ачылуу салтанатына катышуучулардын бир тобу: Экинчи катардын ортосунда КР УИАнын президенти, академик Турар Койчуев, Ош облусунун губернатору, академик Абдыганы Эркебаев жана башкалар. (1994ж.)***





***Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын президенти, академик, химия илимдеринин доктору, профессор, КРнын илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Жоробекова Шарипа Жоробековна УИАнын Түштүк бөлүмүнүн Ош шаарындагы институттарынын иши менен таанышууда***




***Академик Жапар Текенов эл аралык конференцияда сүйлөп жатат (2007ж)***

толук кандуу иштеши үчүн зарыл болгон аппараттарды, приборлорду жана химикаттарды алуу өтө кыйын эле. Илимий кызматкерлерди үй-жай менен камсыз кылуу, социалдык шарттарын түзүү маселеси андан бетер оор.

Албетте, алгачкы жылдары өткөөл мезгилдин кризисин баштан кечирип жаткан учурда илимдин кереги барбы деген ойлор да туулбай койгон жок. Бирок, кыргыз эли кылымдар бою эңсеп келген мамлекеттүүлүккө ээ болуунун шарданы илимий чөйрөнү да шыктандырып, өлкөнүн бардык тармактарында жүрө баштаган жаңылanuuга кошулушту. Республиканын экономикасы рынок мамилелерине өтүшү, коомдук-саясый реформалар Кыргыз улуттук илимдер академиясынын, анын ичинде Түштүк бөлүмдүн алдында жаңы милдеттерди койду. Окумуштуулар бардык доордо коомдук процесстерден четте калышкан эмес. Тереңди көрө билген илимпоздор коомдун эволюциялык өнүгүүсүн аныктап, мүнөздөмө бериш керек. Түштүк бөлүмдүн жамааты фундаменталдык илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү менен гана чектелишпестен экономиканын, коомдук илимдердин өнүгүшүнө активдүү катышууга умтулушат.

Жапар Текенов жетекчи жана окумуштуу катары жаңы мезгилдин жаңы талабын тез кабылдады. Илимий иштеп чыгуулардын жыйынтыктарын өндүрүшкө жеткирүү бөлүмдүн негизги багытына айланат. Өндүрүштүк ишканалар, фирмалар, корпорациялар жана жеке ишканалар менен тыгыз кызматташуу менен бирге эле өздөрүнүн да өндүрүшүн уюштуруу жолдорун үйрөнүүгө талаптанышат. Илимге таянуу менен продукцияларды, товарларды иштеп чыгууга жана реализациялоого аракеттер башталат. Дүйнөлүк стандартка ылайык келүү жана дүйнөлүк рынокко чыгуу үчүн эл аралык байланышты күчөтүү мурдагыдан да керек эле.

Жапар Текеновдун жетекчилигинде жүргүзүлүп келген ТБнын 15 жылдык ишмердүүлүгүнүн приоритеттүү багыттары булар болду:

Эң биринчи региондун эл чарба комплексинин актуалдуу маселелери менен тыгыз иштөө, илимий изилдөөлөрдүн өндүрүшкө пайдалуулугу жана келечектүүлүгү биринчи орунга чыгат. Түштүк бөлүмдүн окумуштуулары аймактын жылуулук-энергетикалык, минералдык-сырьелук, жер-суу, токой, өсүмдүктөр, баалуу таштар жана башка ресурстарын илимий, техникалык жана технологиялык жактан комплекстүү иштеп чыгуу жана колдонуу багытында иштешет. Жер байлыгы болгон арча-жаңгак токойлорун өнүктүрүү жана коргоо колго алынат. Региондун коомдук өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык, тарыхый-маданият, улуттар аралык мамилелелер аспектилери изилденет. Облустун райондорунда ден



соолукка зыяндуу шарттарда иштешкен элдин саламатчылыгына байланыштуу маселелерге көңүл бурулат.

Медицинада пайдаланылуучу материалдар, кесектелген төмөнкү сорттуу көмүрдүн майдасын жылуулук-отун катары колдонуу, жер семирткичтерди алуу, суунун майда башаттарында иштөөчү чаканГЭСтерди куруу, улуттар аралык мамилелерди жакшыртуу боюнча ТБнын окумуштуулары тарабынан иштелип чыккан илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыктары чет элдик инвесторлордун да көңүлүн буруп келүүдө.

Ж.Текеновдун жетекчилиги менен Түштүк бөлүмдүн материалдык-техникалык жана кадр потенциалы жылдан жылга бекемделип жүрүп олтурду. Азыркы учурда ТБдө 300гө жакын кызматкер иштешет. Илимий кызматкерлердин саны 150дөн ашуун, анын ичинде 5 академик: К.Ж. Жумалиев, А.Э. Эркебаев, М.Т. Мамасаидов, Б.М. Мурзуибраимов жана Жапар Текенов өзү. КУИА нын мүчө-корреспонденттери: А.И. Исманов, У.Н. Биримкулов, П.К. Купуев, мындан тышкары 17 илимдин доктору, 37 илимдин кандидаты бар. ТБнын курамында 6 ири илимий-изилдөө институту, 30дан ашуун лабораториялар, бөлүмдөр жана секторлор, илимий полигон, таяныч пункттары, өндүрүштүк база жана көмөкчү чарбасы иш жүргүзүп келет.

Таланттуу адам бардык иште таланттуу. Жылуулук-энергетикасы боюнча Кыргызстанда гана эмес чет өлкөлөрдө да таанымал окумуштуу Жапар Текенов КУИАнын Түштүк бөлүмүн түзүү жана 15 жыл бою башкаруу менен жетекчилик талантын да көрсөттү. 2008-жылдын март айында өткөрүлгөн Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын жыйынында ал кайрадан Түштүк бөлүмдүн төрагалыгына бир оздон шайланат. 70 жаш куруктан өткөндөн кийин академиялык ири бөлүмдү жетектөө бардык эле адамдын колунан келе бербейт. Ак ниеттүү эмгектин акыбети кайтпай койбойт.

Ж. Текенов Кыргызстандын түштүгүндө академиялык илимдин өнүгүшү үчүн жан күйгүзгөн эмгеги илимий чөйрө, эл-журту жана өкмөт тарабынан адилет бааланды. 1983-жылы сыйланган «Билим берүүнүн мыктысы» деген төш белгиден тартып Кыргыз Республикасынын «Ардак грамотасы» (1995ж.), «Манас» эпосуна 1000 жыл» эстелик медалы (1995ж.), «Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери» (2000ж.), «Честь, слава, труд IV степени», Эл аралык Георгиялык «Алтын фортуна» медалы (2003ж.), КРнын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (2006ж.), «Даңк» медалы (2007ж.) сыяктуу сыйлыктардын жана наамдардын ар бирине ак эмгеги менен



*Ж. Текеновго КРнын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын белгилерин тапшыруу учуру (2006ж.)*



*Ж. Текенов (оң жактан биринчи) мамлекеттик жетекчилер жана КРнын мамлекеттик сыйлыгынын 2006-жылдагы лауреаттары менен бирге (2006ж)*



татыктуу болду: 1993-жылы Кыргыз УИАнын ошол мезгилдеги президенти Ильгиз Айтматов Ошко келип, Ж. Текенов жетектеген Жаратылыш байлыктарын комплекстүү пайдалануу институтунун иши менен таанышкандан кийин аны УИАнын мүчө-корреспонденттигине өзү сунуш кылган эле. Андан бир жыл өткөндөн кийин Кыргыз улуттук илимдер академиясынын вице-президенти жана Президиумунун мүчөсү болуп шайланат. Ал эми кылымдар тогошкон 2000-жылы ага академиктик даража ыйгарылат. УИАнын 2003- жана 2008-жылдары өткөрүлгөн кайра шайлоолорунда Жапар Текеновго кайрадан Түштүк бөлүмдүн төрагалыгына жана Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Президиумунун мүчөлүгүнө ишеним көрсөтүлдү. Эки жолу эл депутаттарынын Ош шаардык советинин, бир жолу Бишкек шаардык советинин депутаты, ал эми 1973-81-жылдары партиянын Ош шаардык комитетинин мүчөсү катары коомдук иштерде да өз салымын кошкон.

***

Коомдук жана жетекчилик ишмердүүлүгүндө жетишкен бийиктиги Жапардын мүнөзүндө жана үй-бүлөлүк турмушунда эч кандай төрөпейилдикти жараткан жок. Иште талапты кое билген менен кызматкерлердин ысык-суугуна күйүмдүү, боорукер жана адилет сапаттары өзгөрүүсүз бойдон калды. Тууган-урукка, дос – жарга да өтө кайрымдуу мүнөзүнөн жазган жок. Алардын жакшылык-жамандыктарына дайыма тикесинен тик туруп, «угаарга санат, учаарга канат» болуп келет. Атактуу окумуштуу үчүн адамдык касиет баарынан бийик жана маанилүү.

Балдары да педагог жубайлардын ашкере дүнүйө-мүлккө кызыкпаган, эмгекти жана жөнөкөйлүктү туу туткан тарбиясы менен өсүштү. Ата-эненин үйү - балдардын өзгөчө ааламы, кызыл этти торолтуп, кең дүйнөгө канатын күүлөнтүп учуруп чыгараар алтын уясы эмеспи. Ал эми «уядан эмне көрсө учканда ошону алышат».

Турмуштагы бардык ийгиликтерге ак кызматы, адал мээнети менен жетишкен Жапар менен Тургунбү уул-кыздарынын эң биринчи эмгекчил болушун каалашты. Шаарда, анын үстүнө көп кабаттуу үйдө чоңоюшкан балдар ак кол болуп калышпасын деген ойдо алар кичинекей кезинде үйдүн чет жакасында жаткан ээн жерди ижарага алып, балдарына пияз эктириптир. Мындан тышкары жайкы каникул башталаары менен айылдагы туугандарына каралашуу үчүн жөнөтүшчү. Жай бою тамекиде, чөптө, талаада иштешип, колдору чор болуп кайткан уул-кыздары турмушка бышып, ак-караны таанып келишкендей сүйүндүрчү.



*Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Жапар Текенов өзүнүн шакирттери менен (2006ж.)*



*Египет пирамидаларынын жанында көңүлгө олуттуу ойлор келет (2005ж.).*



*Кенже кызы, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти» Айканыштын таланты музыка дүйнөсүндө ачылды*



Чынчылдык жана тазалык боюнча да ата-эненин берген таалими текке кеткен жок. Кайсыл бир жылы алар Ысык-Көлдө эс алып жүргүшкөндө уулу Алмазбек көл жээгинен эркектин кымбат баалуу кол саатын таап алат. Бала да, сааткa аябай кызыгып колуна тагынгысы келет. Аны көргөн Тургунбүбү «бирөөнүн буюмуна эч убакта кызыкпагын» баласынын кулагына куя айтып, анан сааттын ээсин издеп жүрүп таап кайтарышат. Саатынын табылганына кудуңдап сүйүнгөн менен балдарга жарытылуу «рахмат!» дебей кеткен адам жөнүндө кийин да эстешип күлүп калышчу. Ошондо Тургунбүбү аларды жакшылыкты кайтат деп ойлобой туруп жасаш керек экендигине ынандырган.

Жаштайынан туура тарбия алышкан балдары өз жолдорун эртелеп табышты. Алар кесипти да «майлуу-сүттүүлүгү» боюнча эмес жүрөктөрүнүн каалоосуна жана жөндөмүнө карай тандашты. Жапар менен Тургунбүбү уул-кыздарынын бул тандоолоруна кийлигишүүдөн алыс болушту. Алардын күткөн үмүтүн акташкан балдары ата-энеге наалат келтиришпей, турмуштан өз ордуларын туура тапкандарына сүйүнүшөт.

Тун уулу Абдырахман Текенов курулуш-долбоорлоо кесибин аркалайт. Азыркы учурда Жалалабат шаарындагы белдүү архитектор адистердин бири, өзүнүн жеке курулуш фирмасын ачып, элди тейлөөнүн жаңы ыкмаларын өнүктүрүп жатат, үч баланын атасы. Салтанат-тарых илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик юридикалык академиянын доценти, эки кызы бар. Салмоорбек укук коргоо органдарында иштеп келатат, милициянын подполковниги. Чырактай уул-кыздын атасы. Алмаз Кыргыз мамлекеттик медициналык институтту бүтүргөндөн кийин Бишкек шаарындагы диагностикалык борбордо эмгектенет. Айканыш Текенованын таланты музыканын кереметтүү дүйнөсүндө ачылды. Кызынын бул жөндөмдүүлүгүн эрте байкашкан ата-эне 7 жашында Оштогу балдардын искусство мектебинин фортепьяно классына жетелеп алпарышкан эле. Андан кийин Бишкек шаарындагы Улуттук консерваторияны өз адистиги боюнча бүтүргөн. Талантуу кыз пианинодо аткаруунун чеберлеринин бири. «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген артисти» деген наамга татыктуу болду. Учурда өзү билим алган консерваториянын белдүү факультеттеринин бирин жетектейт.

## СӨЗ АЯГЫ

Жапар Текенов киндик каны тамган, балалыгы өткөн Калмаккырчын өрөөнүнө караштуу Сарыбулак айылына жеткиче жашап өткөн өмүрдүн эсте калган күндөрүн, жүрөккө түнөгөн ачуу-таттуу көз ирмемдерин ой-сезиминен өткөрүп жүрүп олтурду. Машине айдап, жанында кошо келаткан уулу Салмоорбекке жана небереси Теңирбердиге Көкарт өрөөнүнүн бай тарыхынан, өзүнүн башынан кечирген окуялардан кез-кез гана кыска кеп салып койбосо, көбүнчө үнсүз ойго батат. Өзү 40-жылдары 7-класска чейин окуган Тоголок Молдо атындагы орто мектептин акыркы коңгуроо аземине чакыруу алганда элеси кымбат балалыгына кайра жолукчудай толкунданганы таркай элек.

Айылга киргенден баштап эле мектепте өтө турган салтанаттын шаңы байкалган. Таза жана кулпура кийинишкен окуучу кыздар-балдар топ-топ болушуп машине жолду бойлоп келатышты. Көбүнүн колдорунда шаарда кагазга ороп сатылуучу гвоздика, роза, гладиолус, ромашкалар… Жапар буга тымызын өкүнө кетти. Ка-ап, балаң түшкүрлөр десе, айылдын адыр-тоолорунда кызгалдак, саргалдакта, түркүн түс талаа гүлдөрү жыты буруксуп жайнап өсүп турса ата-энелеринин акчасын коротушуп жасалма коодзукка кызыгышат. Ошентсе да бул көрүнүш ага тээ алыста калган окуучулук кезин, мектепти бүтүрөрдөгү акыркы коңгуроо аземин эстетип жүрөгүн туйлатат. Ач-жылаңач өтсө да кайталангыс балалык доор жана мектеп менен коштошуунун өзү кандай аянычтуу болгон эле. Алар үчүн акыркы жолу кагылган коңгуроого эт-жүрөктөрү эзилип, көздөрү жашылданып турушкан жупуну кийимчен классташтарын элестетти. Өзү болсо ал убакта жашык сезимге алдырбай, чоң шаарда окуй турган керемет учурду ойлошко аракеттенген. Айылдан алыс чыгып көрө элек уланга борбор калаага барып, андагы институттардын биринде окуудан. мугалимдик кесипке ээ болуп келгенден кийин мектепте иштөөдөн өткөн зор таалай жоктой сезилчү. Көз алдынан сыдырылып өткөн бул элестер ага «Азыркы бүтүрүүчүлөр эмне жөнүндө кыялданып, кандай максатты көздөшөр экен?» деген ой туудурду. Гүл көтөрүшүп шаңданып келатышкан окуучу балдар-кыздарга машиненин айнегинен кунт коё тиктегени да ошондон улам.

Мектептин айланасында токтогон машине, топтолушуп турушкан киши - кара көп болсо да академиктин келгенин кайдан-жайдан көрө коюшкан, алдынан бир тобу шашыла тосуп чыгышты.



Жапар Текеновду жердештери улуу даражалуу окумуштуу, белгилүү коомдук ишмер катары гана кабыл алышпайт. Ал - баарыдан мурда ушул жердин уулу, туулуп-өскөн айылдын намысына жараган, баркын көтөргөн эр азаматы. Эл-жердин атын чыгарган чыгаан инсан. Аны көргөндө кары - жаш текши кубанышып, кол беришип учурашканга ынтызар. Жапар да аларды таанып-таанабаса да ачык жүз, эрээркеген маанай менен салам айтып, алик алат. Аалым адамдын жөнөкөйлүгү ушундайда бир билинет экен. Атка минер чоң кызматтагы болсо көрүнгөн эле жанына даап барып, ушинтип жакынсып сүйлөшө алат беле.



*Жапар Текенов бул китептин автору Зинакан Пасаңова менен*

Анан салтанат башталганга чейин мектеп директорунун кабинетинде олтуруп туруңуз деп суранышты. Кичинекей тар бөлмөдө Ж.Текеновду дагы бир кубанычтуу учурашуулар күтүп туруптур. Бир мезгилде бирге окушкан классташтарынын бир тобу жана ошол убакта жаш мугалимдерден болушкан агай-эжекелер да «акыркы коңгуроо» майрамына келишкен экен. Алардын дагы эле күлүү-күчтүү экендиктерин көрүп жетине албагандык менен ал-жай

сурашып жатты. Агайы Маматов Батырбек окуучусуна дагы эле өктөм сүйлөйт: «Жапар! Өзүң эле академик болбой, айлыңдын балдарынан да качан академик чыгарасың!». Бала кезинде бирге окуган классташтары менен сөздөрү түгөнбөй, директордун чакан бөлмөсүн шаңдуу тамаша-күлкү, уу-дуу жаңыртат. Өзү деле аксакалдык куракка жетип калса да улуу башын кичүү кылып, ардагер эжеке-агайларын окуучусундай сыйлап, төргө биринчи аларды өткөрүп, сөз төркүнүн аларга берип, мугалимдеринин алдында өзүн тартиптүү кармоого аракеттенгенсийт.

Бирок, алар менен узакка жайма-жай дем алып олтурганга көңүлү чыдагыдай эмес. Бир аздан кийин мектеп директору Давлет Майрыкееванын коштоосу менен класстарды, окуу кабинеттерин, китепкананы кыдырып көрүп чыкты. Бир мезгилде өзү окуган мектептин азыркы тагдырына чындап кызыгып, баары жөнүндө билгиси келе сурамжылайт. Алар окуган имарат эчак бузулуп, анын ордуна 70- жылдары жаңыдан салынганы деле эскилиги жетип калыптыр. Ичине кирсе төбөсү шыпка тийип калчудай болгон жапыз жана жупуну класстар зээнин кейитет. Окуу кабинеттери жасалгага жарды. Китепкананын текчелери окуу китептери гана болбосо дээрлик бош турат. Айрыкча ушул абалга каңырыгы түтөгөнүн жашыра албады. «Китептен канча болсо да жардам берем, кайрылып тургула башка иштер боюнча да»,- деди директорго. Анан окууга байланыштуу дагы бир топ башка маселелер боюнча талкуулашты.

«Акыркы коңгуроо» аземи мектептин алдындагы аянтта өттү. Салтанатка чакырылган сый меймандар, ата-энелер, ар кайсыл жылдардагы бүтүрүүчүлөр, мугалимдер жана окуучулар көп топтолушуптур. Алып баруучу, мектептин директорунун тарбиялык иштер боюнча орун басары Сурма Исаева адегенде мектептин тарыхы боюнча баяндама жасады. Ар бир мектеп өзү тарбиялаган окуучулары менен даңктуу. Тоголок Молдо атындагы орто мектептин да сыймыктана турган окуучулары көп. Алардын ири алдыда Жапар Текеновдун жана анын бир туугандары Шамшы Текенов, Жолболду Текеновдордун аттары аталды. Айылдын жупуну мектебинде билим алышып, кең дүйнөгө канат күүлөп учуп чыгышкан үч бир тууган жетишкен бийиктиктер кийинки муундарга өрнөктүү жол, көөнөрбөс осуят, улуу насаат болууга татыктуу экени баса белгиленип айтылды. Андан кийин академикке сөз берилди. Жапар Текенов чоң турмушка кадам таштаар алдында турушкан бүтүрүүчүлөрдү куттуктап, аларга ак жол каалады. Илимдүү-



билимдүү жана өз дооруна татыктуу инсан болууларына тилектештигин билдирди.

Салтанаттуу чогулуштан кийин мектеп окуучуларынын күчү менен даярдалган концерттик программа башталды. Кыргызча, орусча, англисче, түрк тилдеринде ырдашып, дүйнөнүн түркүн элдеринин бийлерин кымырылып-кысынбай эркин аткарышып шайдоот-тонушкан бул балдар-кыздарды эски жапыз мектепте окушат деп ким ойлоор эле. Модалуу кийинген жагынан да шаардыктардан кем калышпайт. Улам кийинки муун өсүп-өнүгүп, турмуштун алдыга кетиши жашоонун мыйзам ченеми тура.

Жапар Текенов кайра үйгө кайтып келатканда Жалалабат шаарына жеткиче бир нече жолу машинени четке токтотуп, айылдын чаңдуу жолдорун чаңыткан узун кортеждерге жол берүүгө туура келди. Чет элдик кымбат баалуу жаркыраган машинелерде жасана кийинишкен өңчөй жаш балдар-кыздар олтурушат. Алар машинелердин айнектеринен бойлорун белкырчоосунан чыгарышып, шамалга көкүрөктөрүн тосуша кыйкырып өтүп жатышты. Колдорунда желбиреп учкан кызыл тасмалар. Бүгүн өткөрүлгөн акыркы коңгуроо аземдеринен кийин бүтүрүүчүлөр ушинтип майрамдашып жүрүшүптүр. Бул жаңы каада Жапарга өөн учурады. Жаштыктын деми менен ай-ааламды жаңырта айгайды салышып шаңданышканы го түшүнүктүү, бирок кымбат машинелерди жалдап, көңүл ачууну мартаба көргөндөрүнөн чочулап турат. Баарыдан да балалык кызуулукка алдырып, бирөө-жарым мерт болуп калбаса экен деп корккону андан бетер. Шаардын кафе-ресторандарын да бүгүн жалаң бүтүрүүчүлөр ээлептир. «Каякка баратабыз?!» деп жаштардын эртеңки тагдырына бушайман сезим жол боюу жүрөгүн өйүп келди.

Ар бир доордун өзүнүн идеалдары жана каармандары болот. Бирок, алмустактан бери адал эмгек, таза жашоо, духтун бийиктиги, өмүрдү улуу максаттарга арноо адам жашоосуна өлбөс-өчпөстүк берип, тирүүлүктү улап келатат. Мындан 50-60 жыл мурун ал азыркы жаш улан-кыздар түшкөн чет элдик машинелердин кортежи зуулдаган чаңдуу жолдордо таманын жоорутуп жөө-жалаңдап басып, бирок чоң максатты аркалап келечекке умтулган эле. Ошол максат жолунан адашпай, ар бир күнүн күрөш менен өткөрүп келатат. Бирок, азыр артына кылчая караса өткөн өмүрү үчүн өкүнүчү жок. Турмушта дулдулдай болуп тыным албай ак ниет иштеди, эл-журттун алдында мүдүрүлүп жаманатты болгон жок,

бирөөгө кара ойлободу, өзүн дайыма тарбиялоону, ички дүйнөсүн таза асырап, чынчыл жашоону көздөдү.

Бир көз ирмемчелик убакыттай болуп сабалап өткөн 75 жаштын туу белинде турганда көңүлгө жашоо, өмүр жөнүндө көп ойлор келет. Өмүрүнүн артта калган жылдары жөнүндө ойлонгондо гениалдуу физик жана коомдук ишмер Андрей Сахаровдун айткан сөзүн эстейт. Окумуштуулук жана коомдук бийик кадыр-баркка жеткен чагында А. Сахаровминтип мойнуна алыптыр: «Тагдыр менин инсандык кудуретимден күчтүүлүк кылды. Мен тек гана өз тагдырымдын деңгээлинде болууга аракеттендим».

Ошондой бактылуу тагдырдын ээси Жапар Текеновдун басып өткөн татаал жана сыймыктуу өмүрү бизге, кийинки муундарга дүр-дүнүйө сабак болот деген ишеним менен ушул даректүү баян жазылды.

***Май, 2007 - апрель, 2008-жылдар***



# Мазмуну:

## Калмаккырчындык кыраандар
### 1-бөлүм


1. Учканга канат, укканга санат болгон өмүр 3

2. «Туулган жердин топурагы алтын…» 6

3. Калмаккырчындык кыраандар 15

4. «Чоң үйдүн» баласы 22

5. «Жүз мугалимден жалгыз ата артык…» 29

6. Уялаштан үчөө 39

7. Атадай камкор абалар 56


### УМТУЛУУ
### 2-бөлүм


8. Умтулуу 61

9.«Улугбек» - илим ордосу 77

10.«Бийиктикти чыккан билет» 85

11. Мезгил сынайт, жолду баскан арбытат 98

12. Сөз аягы 118

## Зинакан Пасанова

# Академик Текенов

Көркөм –публицистикалык
даректүү баян

Редактору
Таасилкан Жумабаева,
биология илимдеринин доктору, профессор

Техн. редактору
Айымкыз Айтмаматова

Корректору
Дилбар Абдымиталипова

Компьютердик калыпка салган
Гүлшайыр Караева

---

Терүүгө 30.04.2008 жылы берилди.
Басууга – 17.05.2008-жылы кол коюлду.

Ош облустук мамлекеттик басмаканасы.
Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү-209. Тел.: 2-36-56.

Китеп жөнүндө ой-пикир айтуучулар үчүн автордун электрондук дареги:
zinpasanovas@mail.ru